КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИНИН АЛДЫНДАГЫ РЕСПУБЛИКАЛЫК ПЕДАГОГИКАЛЫК КЫЗМАТКЕРЛЕРДИН КВАЛИФИКАЦИЯСЫН ЖОГОРУЛАТУУ ЖАНА КАЙРА ДАЯРДОО ИНСТИТУТУ
РЕСПУБЛИКАНСКИЙ ИНСТИТУТ ПОВЫШЕНИЯ КВАЛИФИКАЦИИ И ПЕРЕПОДГОТОВКИ ПЕДАГОГИЧЕСКИХ РАБОТНИКОВ ПРИ МИНИСТЕРСТВЕ ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ КР

| КАРАЛДЫ | МАКУЛДАШЫЛДЫ | БЕКИТЕМИН |
|---|---|---|
| Окуу-методикалык бирикмесинде талкууга алынды Токтом № ________________ «___» _________2023-ж. | КР ББжИМ алдындагы РПККЖжКДИнин окуу бөлүмүнүн башчысы Шаршембаева Л.С. __________________________ «___»_______ 2023-ж. | КР ББжИМ алдындагы РПККЖжКДИнин окуу - методикалык жана илимий иштери боюнча директордун орун басары Жоошбаев Н.К. __________«___»______2023-ж. |

**МЕКТЕПКЕ ЧЕЙИНКИ ЖАНА БАШТАЛГЫЧ МЕКТЕПТИК**

**БИЛИМ БЕРҮҮ КАФЕДРАСЫ**

**2023-2024- окуу жылына / на 2023-2024 учебный год**

**А.А.А. / Ф.И.О** ***Шергазиева Жазгүл Алмазбековна***

**Дисциплинанын толук аталышы / Полное наименование дисциплины:**

Мектепке чейинки билим берүү уюмдарында балдарды тарбиялоо жана өнүктүрүү

*(тематикалык)*

**КУРСУНУН БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫ/ ОБРАЗОВАТЕЛЬНАЯ ПРОГРАММА КУРСА/**

**Максаттуу топ / Целевая группа:** *Бала бакчада жаңыдан эмгектенген педагогдор жана үй тибиндеги бала бакча ачуу кызматтарын көрсөтүү жактар үчүн*

**Курстун көлөмү / Объем курса - 72** саат/ часов

**Угуучулардын саны / Количество слушателей - 20**

**Лекциялык сааттар /лекционные часы – 22** саат/ часов

**Практикалык сааттар / Практические часы - 50** саат/ часов

**Бардык аудитордук саат / Всего аудиторных часов - 72** саат/ часов

**Окуу-методикалык куралдарды, колдонмолорду иштеп чыгуу / Разработка учебно-методических пособий- 25** саат/ часов

**Курстан кийинки мониторинг / Мониторинг после курса- 42, 5** саат/ часов

**Программаны иштеп чыгуу үчүн / За разработку программу – 10** саат /часов

**Бардык сааттар / Всего часов** -72 саат/ часов

**Кафедрада талкууга алынды / Обсуждено на кафедре**

**Токтом / Протокол** ________________________________

**Кафедра башчысы / Зав. кафедрой**: ____________________

**Бишкек – 2023**

## Түшүнүк кат

Бул программа жаңыдан эмгек ишмердүүлүгүн баштаган педагогдор үчүн жана үй тибиндеги бала бакчаларды ача турган жеке ишкер аялдар үчүн колдонууга багытталган. Мектепке чейинки билим берүү системасында алгачкы жана маанилүү этап болуп саналат. Төрөлгөндөн 7 жашка чейинки куракта баланын инсандык сапаттары камтылат. Мектепке чейинки курактагы алынган көндүм, билим, билгичтиктер баланын келечектеги ордун аныктоого, өнүгүүгө зор өбөлгө болот.

Бала бакча – бул оюн аркылуу окутуу ошондой эле билим берүү чөйрөсү. Бала бакчанын педагогикалык процессинин максаты – биринчи кезекте баланын ар тараптан өнүгүүсүн, анын уникалдуулугун, педагогикалык процессти түзүүчү бөлүктөрүн өнүктүрүү (тарбиялоо, окутуу, өнүктүрүү, билим берүү).

Квалификацияны жогорулатуу- бул кесиптик билимдерин жогорулатуу, ишкердик сапаттарын өркүндөтүү, ошондой эле адистердин теориялык жана практикалык билимдерин жаңылоо максатында квалификацияларын жогорулатуу. Ал квалификация деңгээлине талаптардын артышына жана кесиптик милдеттерди аткаруунун учурдагы ыкмаларын өздөштүрүү зарылдыгына байланыштуу ишке ашырылат.

Бул курс педагогикалык жана психологиялык илимдердин негизги бөлүмдөрүн интеграциялайт.

Өлкөдө бала бакча менен камсыз болуу азыркы күндө 26% көрсөткүчтү түздү. Бул көрсөткүчтү жогорулатуунун бирден бир жолу жеке ишкерлерге үй тибиндеги бала бакчаларды ачууга көмөктөшүү болуп саналат.

Бул программаны үйрөтүү мектепке чейинки курактагы балдарды тарбиялоонун сапатын жакшыртуучу билимдерди калыптандырат. Мектепке чейинки билим берүүчү уюмдардын педагогдорунун квалификациясын жогорулатуунун программасы 72 саатка болжолдонгон.

**Курстун актуалдуулугу**

Республикабыздагы жалпы мектепке чейинки билим берүү мекемелердин тарбиячылары үчүн балдарды тарбиялоо, окутуу жана өнүктүрүүдө тарбиячынын кесиптик компетенттүүлүгү, балдарга сапаттуу билим берүү менен бирге ар бир үй бүлөнүн өз алдынча «мыйзамдарын», элдик педагогиканын жана илимдеги инновациялык процесстердин, жашоо тиричиликтин мыйзам ченемдүү талаптары менен шартталган.

Ошону менен бирге, окуу-тарбия иштерин туура, так жана максаттуу түрдө пландаштыруу үчүн: Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» мыйзамы (11 август 2023 жыл № 179), «Мектепке чейинки билим берүү жөнүндө» (2009) мыйзамдарынын тиешелүү принциптери, Кыргыз Республикасынын «Мектепке чейинки

билим берүү жана баланы кароо» (29.06.20г №363 Глава 1) боюнча билим берүү стандартынын талаптары, «Балалык» 3 жаштан 6 жашка чейинки балдар үчүн өнүктүрүү программасы 2017, Балдарды мектепке даярдоо “Наристе” 480 сатттык программалары курстук программаны ишке ашырууда багытталган.

**Практикалык маанилүүлүгү**

Бүгүнкү күндө социалдык-педагогикалык максаттарды жана милдеттерди так аткаруу үчүн, учурдун суроо-талаптарына толук жооп берген, педагогикалык жана методикалык билимдери терең, компетенттүү тарбиячыларды даярдоо негизги милдет болуп саналат. Кыргыз Республикасынын «Мектепке чейинки билим берүү жөнүндө» мыйзамында белгиленгендей, педагогдун социалдык ролун жогорулатуу, учурдагы мектепке чейинки тарбиялоонун маанисин, максатын так белгилөө жана түшүнүү менен педагогдун чыгармачылык активдүүлүгүн, билим деңгээлин жогорулатуу болуп эсептелет.

**Курстун максаты:** Мектепке чейинки билим берүүчү уюмдарда жаңыдан эмгектенген педагогдор жана үй тибиндеги бала бакча ачуу кызматтарын көрсөтүү жактар үчүн кесиптик компетенттүүлүгүн өнүктүрүү жана калыптандыруу.

**Курстун милдеттери:**

Мектепке чейинки билим берүүчү уюмдарда жаңыдан эмгектенген педагогдор жана үй тибиндеги бала бакча ачуу кызматтарын көрсөтүү жактар үчүн кесиптик компетенттүүлүгүн өнүктүрүү жана калыптандыруу максатында педагогдор үчүн

- Укуктук-ченемдик документтер жана программалар менен тааныштыруу;
- Педагогдун кесиптик ишмердүүлүгүн калыптандыруу жана өнүктүрүү;
- Балдарды өнүктүрүүнүн негизги багыттары жөнүндөгү билимдерин кеңейтүү;
- Балдар менен иштөөнүн формаларын, усулдарын, ыкмаларын өздөштүрүүгө өбөлгө түзүү;
- Тарбиялоону жана окутуунун формаларын эффективдүү ишке ашыра турган методикалык сунуштамалар менен иштөө.

**Угуучулардын категориясы:** жаңыдан эмгек ишмердүүлүгүн баштаган педагогдор үчүн жана үй тибиндеги бала бакча ачуу кызматтарын көрсөтүүчү жактар үчүн.

## Тематикалык план

## 72 сааттык программа

| № | Темасы: | теория | практика | баардыгы |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Мектепке чейинки билим берүү кызматтарын көрсөтүүчү үй тибиндеги балдар бакчасын ачуу боюнча минималдык талаптар | 2 | | **2** |
| | **Укуктук-ченемдик документтер, программалар** | | | |
| 2 | Мамлекеттик билим берүү стандарты | 2 | | **2** |
| 3 | Мамлекеттик билим берүү программалары менен тааныштыруу 3төн 6 жашка чейинки балдарды өнүктүрүү «Балалык», Балдарды мектепке даярдоо «Наристе» программасы | 2 | 2 | **4** |
| | **Тарбиячынын ишмердүүлүгү** | | | |
| 4 | Мектепке чейинки билим берүүдөгү тарбиячылардын кесиптик компетенттүүлүгү, милдеттери, негизги иш кагаздары | 2 | 2 | **4** |
| 5 | Педагогикалык процессти пландаштыруу жана уюштуруу | | 2 | **2** |
| 6 | Өнүктүрүү чөйрөсүн уюштуруу | | 2 | **2** |
| 7 | Ата-энелер менен иш алып баруу | | 2 | **2** |
| 8 | «0 жаштан 7 жашка чейинки балдардын өнүгүүсүнүн курактык өзгөчөлүктөрү: | | 2 | **2** |
| 9 | Мектепке чейинки билим берүү уюмдарында инклюзивдик билим берүү | 2 | | **2** |
| | **Балдарды өнүктүрүүнүн негизги багыттары:** | | | |
| 10 | Когнитивдик өнүктүрүү | | 2 | **2** |
| 11 | Дене бой жактан өнүктүрүү | | 2 | **2** |
| 12 | Сабаттуулук жана коммуникациялык өнүктүрүү | | 2 | **2** |
| 13 | Социалдык жана эмоционалдык өнүктүрүү | | 2 | **2** |
| 14 | Чыгармачылык жана эстетикалык өнүктүрүү | | 2 | **2** |
| | **Билим берүү процессин уюштуруу:** | | | |
| 15 | Оюн ишмердүүлүгүн колдонуу | | 4 | **4** |
| 16 | Балдарды көркөм адабий чыгармалар тааныштыруу жана иштөөнүң усулдары. | 2 | 2 | **4** |
| 17 | Изилдөө-байкоо жүргүзүү. | | 4 | **4** |
| 18 | Балдарды өстүрүүнүн жана окутуунун заманбап технологиялары. STEAM билим берүү, Кейс, ТРИЗ технологиясы. | 2 | 2 | **4** |
| | | | | |
| | **Билим берүүчү негизги сабактар:** | | | |
| 19 | «Айлана чөйрө менен тааныштыруу» | 2 | 2 | **4** |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **20** | «Кеп өстүрүү» | 2 | 2 | **4** |
| **21** | «Жөнөкөй математикалык түшүнүктөрдү калыптандыруу» | 2 | 2 | **4** |
| | **Кошумча билим берүүчү булактар:** | | | |
| **22** | Мектепке чейинки уюмдарда санариптик платформаны колдонуу «Билимдүү муун» платформасынын мисалында | 2 | | **2** |
| **24** | *Аудиториялык практикум* | | 8 | **8** |
| | **ВСЕГО:** | **22** | **50** | **72саат** |

**Баалоо системасы**

*Сабактын иштелмеси жана жыйынтык тесттин негизинде баалоо*

| **Берилген сабактын иштелмеси боюнча билим деңгээлди баалоо** | **Угуучунун сабактын иштелмеси** |
|---|---|
| Эң жакшы | 43-50 |
| Жакшы | 35-42 |
| Канааттандыраарлык | 25-34 |
| Канааттандыраарлык эмес | 0-24 |
| **Берилген жыйынтык тест боюнча билим деңгээлди баалоо** | Жыйынтык тест (50 суроодон турат. Ар бир суроо бир баллды түзөт) |
| Эң жакшы | 43-50 |
| Жакшы | 35-42 |
| Канааттандыраарлык | 25-34 |
| Канааттандыраарлык эмес | 0-24 |
| **Курс ичинде калыптанган билим деңгээли** | **Жыйынтык аттестация** Жыйынтык аттестацияны баалоо: угуучулардын сабактын иштелмесинин жана жыйынтык тесттен алган баллдардын суммасы эсептелет |
| Эң жакшы | **86-100** |
| Жакшы | **70-85** |
| Канааттандыраарлык | **50-69** |
| Канааттандыраарлык эмес | **0-49** |

## 1. ТЕМА: МЕКТЕПКЕ ЧЕЙИНКИ БИЛИМ БЕРҮҮ КЫЗМАТТАРЫН КӨРСӨТҮҮЧҮ ҮЙ ТИБИНДЕГИ БАЛДАР БАКЧАСЫН АЧУУ БОЮНЧА МИНИМАЛДЫК ТАЛАПТАР.

**Максаты:** Мектепке чейинки билим берүү кызматтарын көрсөтүүчү үй тибиндеги балдар бакчасын ачуу боюнча минималдык талаптар менен тааныштыруу

**Базалык түшүнүктөр:** Үй тибиндеги бала бакча, билим берүү, ӨКМ жана санитардык талаптар, мектепке чейинки билим берүү, жеке ишкер ж.б.

**Күтүлүүчү натыйжалар:** Бала бакча ачуу боюнча минималдык талаптарды: билим берүү, ӨКМ жана санитардык талаптар боюнча маалымат алышат.

**Кыскача түшүндүрмөсү:**

**Мектепке чейинки тарбия** – бул мектепке чейинки (0–7 жаш) курактагы балдарга үй-бүлөнүн жана коомчулуктун таалим-тарбия берүүсү. Мектепке чейинки курактагы балдарга таалим-тарбия берүү системасы бизге чейинки бардык прогрессивдүү, алдыңкы педагогикалык бай тажрыйбалардын негизинде түзүлгөн. Ал педагогикалык илимдин жана балдар бакчаларынын бай иш- тажрыйбаларынын тыгыз байланышы аркылуу өркүндөйт.

**Мектепке чейинки билим берүү уюму** - 6 айдан 7 жашка чейинки балдар үчүн арналган, баланы багуу, аны окутуу, тарбиялоо, өстүрүү жана мектепке даярдоо үчүн мамлекеттин заказын, үй-бүлөнүн жана коомдун суроо-талаптарын жана муктаждыктарын канааттандыруу максатында түзүлүүчү уюм.

**Мектепке чейинки курактагы балдарга мектепке чейинки билим берүүнүн жана өстүрүүнүн негизги милдеттери болуп төмөнкүлөр саналат:**

- мектепке чейинки билим алууга ар бир баланын укугун камсыз кылуу;
- баланын дене-күч, психикалык жана руханий ден соолугун сактоо;
- жарандуулукка, атуулдукка, мамлекеттик символдорго, мамлекеттик, расмий жана эне тилге урматтоо менен мамиле кылууга, ар кайсы маданиятка жана айлана-чөйрөгө сый мамиле жасоого тарбиялоо;
- баланын жаш курагына, интеллектуалдык жана дене-күч жактан мүмкүнчүлүктөрүнө ылайык, анын чыгармачылык жөндөмүн өстүрүү;
- мектепке чейинки курактагы балдардын, дене-күч, социалдык, эмоциялык, психологиялык, руханий, адеп-ахлактык, интеллектуалдык жана эстетикалык өсүшүн кошкондо, шайкеш өнүгүшүн камсыз кылуу, ошондой эле эмгекке тарбиялоо;
- баланын социалдык жактан жатыгуусун камсыз кылуу жана анын билимин улантууга даярдыгын калыптандыруу;
- үй-бүлөнүн социалдык-педагогикалык патронатын жүзөгө ашыруу;
- баланын өсүүсүндө жеке муктаждыктарын эртелеп аныктоо, ага тиешелүү атайын же инклюзивдик билимди жана аны менен байланышкан кызмат көрсөтүүлөрдү берүү;
- балдарды мектепке даярдоо;
- мектепке чейинки билим берүү уюмунда болгон учурунда баланын коопсуздугун

камсыз кылуу;
- ата-энелерге (мыйзамдуу өкүлдөргө) консультациялык жардам жана балдарды окутуу жана багуу боюнча маалымат берүү.

## 2. ТЕМА: МАМЛЕКЕТТИК БИЛИМ БЕРҮҮ СТАНДАРТЫ

**Максаты:** Кыргыз Республикасынын «Мектепке чейинки билим берүү жана балдарды багуу» мамлекеттик стандарты менен тааныштыруу.

**Базалык түшүнүктөр:** Мамлекеттик стандарт, топторго бөлүү жана комплектөө, балдардын жаш курагы, сабактын планы, күн тартиби, кесиптик компетентүүлүк ж.б.

**Күтүлүүчү натыйжалар:**
- Мектепке чейинки билим берүүнүн стандарты боюнча малымат алышат;
- Балдарды топторго бөлүү жана комплектөө боюнча;
- Билим берүүчү жана өнүктүрүүчү сабактардын планы боюнча;
- Топтор үчүн болжолдуу күн тартиби;
- Мектепке чейинки билим берүүнүн педагогдору үчүн квалификациялык талаптар жана кесиптик компетенциялар тууралуу билимдерди алышат.

**Кыскача түшүндүрмөсү:**

***Мамлекеттик стандарт жөнүңдө түшүнүк***

Бул мектепке чейинки билим берүүдө 6 айдан 7 жашка чейинки балдарды багууга коюлулган бирдиктүү минималдуу талаптарды белгилөөчү менчигинин түрүнө жана ведомстволук баш ийүүчүлүгүнө карабастан мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын бардык типтери жана түрлөрү үчүн милдеттүү болуп саналган негизги документ.

***Топторго бөлүү жана комплектөө***

Балдарды багууда жана билим берүүчү, өнүктүрүүчү сабактарды берүүдө алардын жаш өзгөчөлүгүнө жараша кабыл алуусу абдан маанилүү**.** Андыктан балдарга билим, тарбия берүүдө курактык өзгөчөлүгүнө жараша Мамлекеттик стандарт бирдей курактагы балдарды топторго бөлүү каралган:

1) наристе курактагы биринчи топ (6 айдан 1 жашка чейин) - 10 балага чейин;

2) наристе курактагы экинчи топ (1,5 жаштан 2 жашка чейин) - 15 балага чейин;

3) топто эки курактагы балдар болсо (1,5 жаштан 3 жашка чейин) - 10 баладан көп эмес;

4) биринчи кенже топ (2 жаштан 3 жашка чейин) – 20 балага чейин;

5) экинчи кенже топ (3 жаштан 4 жашка чейин) - 20 балага чейин;

6) орто топ (4 жаштан 5 жашка чейин) - 25 балага чейин;

7) улуу топ (5 жаштан 6 жашка чейин) - 25 балага чейин;

8) даярдоочу топ (6 жаштан 7 жашка чейин) - 25 балага чейин;

9) топто ар кандай курактагы балдар (3-7 жаш) болгон учурда - 20дан ашпаган бала (оптималдуу -15 бала);

10) мектепке даярдоо класстары (6 жаштан 7 жашка чейин) - 30 балага чейин.

***Билим берүүчү жана өнүктүрүүчү сабактардын планы***

Балдарга билим берүүчү, өнүктүрүүчү сабактарды өтүүдө, алардын жеке курактык

жана физиологиялык өнүгүүсүнүн өзгөчөлүктөрүнө жараша сабактардын узактыгы, жумалык жүктөмү жана мазмуну төмөндөгүдөй берилген:

| **№** | **Сабактардын аталышы** | **Наристе курактагы 2-топ (1,5 жаштан 2 жашка чейин)** | **1-кенже топ (2 жаштан 3 жашка чейин)** | **2-кенже топ (3 жаштан 4 жашка чейин)** | **Орто топ (4 жаштан 5 жашка чейин)** | **Улуу топ (5 жаштан 6 жашка чейин)** | **Даярдоочу топ (6 жаштан 7 жашка чейин)** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Курчап турган дүйнө менен тааныштыруу жана сүйлөө речин өнүктүрүү | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 |
| 2. | Сүйлөө речин өнүктүрүү | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 |
| 3. | Сабаттуулукка үйрөтүү | - | - | - | - | 1 | 2 |
| 4. | Жөнөкөй математикалык түшүнүктөрдү калыптандыруу | - | - | 1 | 1 | 1 | 2 |
| 5. | Сенсордук өнүктүрүү боюнча дидактикалык оюндар | 3 | 3 | - | - | - | - |
| 6. | Конструкциялоо | - | - | 1 | 1 | 1 | 1 |
| 7. | Көркөм адабият | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 |
| 8. | Музыкалык сабактар | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 |
| 9. | Дене тарбия сабактары | 2 | 2 | 3 | 3 | 3 | 3 |
| 10. | Жабыштыруу | - | 1(*) | 1(*) | 1(*) | 1(*) | 1(*) |
| 11. | Аппликация | 1(*) | | | | | |
| 12. | Сүрөт тартуу | | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 |
| 13. | Кыргыз тили (**) (орус тилдүү топтор үчүн) же орус тили (**) (кыргыз тилдүү топтор үчүн) | - | - | - | 1 | 2 | 2 |
| | Бардыгы | 11 | 12 | 12 | 13 | 15 | 17 |
| | Узактыгы | 8-10 мүнөт | 10-12 мүнөт | 12-15 мүнөт | 15-20 мүнөт | 20-25 мүнөт | 25-35 мүнөт |

Ошону менен топтор үчүн болжолдуу күн тартиби берилген:

| № | Иш-чара | Убактысы |
|---|---|---|
| 1. | Балдарды эртең мененки кабыл алуу, оюндар, гигиеналык процедуралар (балдарды эртең менен кабыл алууга төмөнкүлөр кирет: ата-энелер менен баарлашуу, баланы кароо, эгерде топто карантин киргизилген болсо, анда температурасын өлчөө; жеке иш алып баруу, күн ачык болсо, балдарды эртең менен кабыл алуу участокто жүргүзүлөт, эртең мененки | 8:00-8:30 |
| 2. | Эртең мененки тамактануу | 8:30 - 9:00 |
| 3. | Сабактарга даярдануу. Сабактар, оюндар | 9:00-10.40 |
| 4. | Сейилдөөгө даярдануу. Сейилдөө | 10:40-11:50 |
| 5. | Сейилдөөдөн келүү, түшкү тамактанууга даярдануу | 11:50-12:10 |
| 6. | Түшкү тамактануу | 12:10-12:50 |
| 7. | Уктоого даярдоо. Уктоо | 12:50-14:50 |
| 8. | Балдарды акырындык менен ойготуу, аба ванналары, гигиеналык процедуралар | 14:50-15:20 |
| 9. | Түштөн кийинки тамактануу | 15:20-15:40 |
| 10. | Оюндар, өз алдынча иштөө<br>Сейилдөөгө даярдануу, сейилдөө, кыймылдуу оюндар | 15:40-16:40 |
| 11. | Сейилдөөдөн келүү, кечки тамактанууга даярдануу.<br>Кечки тамактануу (Эгерде мектепке чейинки билим берүү уюмунда кечки тамактануу каралбаса, оюндардын жана сейилдөөнүн убактысы узартылат) | 16:40-17:30 |
| 12. | Балдардын үйүнө кетиши<br>(Ата-энелер менен баарлашуу, жеке иш алып баруу) | 17:30-18:00 |

**Мектепке чейинки билим берүүнүн педагогдору үчүн квалификациялык талаптар жана кесиптик компетенциялар:**

Мамлекеттик стандарт балдарга билим, тарбия жана аларды багуу боюнча кызматтарды көрсөтүүчү педагогдорго төмөнкү квалификациялык талаптарды аныктайт:

- педагогикалык билиминин милдеттүү түрдө болушу (мектепке чейинки билим берүү чөйрөсүндө артыкчылыктуу);
- соттуулугунун же медициналык каршы көрсөтмөлөрүнүн жоктугу, бул жөнүндө тийиштүү документтер (маалым каттар) берилиши керек, алардын тизмеси Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен аныкталат;
- педагогикалык кызматкерлерди мектепке чейинки билим берүү адистиги боюнча милдеттүү түрдө кайра даярдоо;
- 5 жылда 1 жолудан кем эмес квалификациясын жогорулатуу курстарынан өтүү;
- кесиптик ишине байланышкан Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын билүү;
- жалпы педагогиканы, наристе жана мектепке чейинки курактагы баланын психологиялык өнүгүүсүн, анын ичинде эркек жана кыз балдарды гендердик социалдаштыруу процессинде натыйжалуу тарбиялоону билүү;

## 3. ТЕМА: Мамлекеттик билим берүү программалары менен тааныштыруу: 3төн 6 жашка чейинки балдарды өнүктүрүү «Балалык» жана Балдарды мектепке даярдоо «Наристе» (480 саат) программасы

**Максаты:** Мамлекеттик билим берүү программалары 3төн 6 жашка чейинки балдарды өнүктүрүү «Балалык» жана Балдарды мектепке даярдоо «Наристе» (480 саат) программасы менен тааныштыруу.

**Базалык түшүнүктөр:** Программа, Балдарды өнүктүрүү, «Балалык» программа, Наристе программа, максаты, милдети, балдарды мектепке даярдоо.

**Күтүлүүчү натыйжалар:**

- «Балалык» программасынын максатын, милдети тууралуу билимдерди;
- Балдарды мектепке даярдоо «Наристе» программасынын максаты, милдети тууралуу билимдерди алышат.

**Кыскача түшүндүрмөсү:**

***Мектепке чейинки билим берүү программасы*** – бул балдарга билим берүүнүн мазмунун жана окуу-тарбия процессин (анын мазмунун, формаларын, колдонулуучу педагогикалык ыкмаларын) уюштуруунун өзгөчөлүктөрүн мүнөздөгөн мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын ченемдик-укуктук документи болуп саналат.

### Балалык программасы менен таанышуу

**3төн 6 жашка чейинки балдарды өнүктүрүү «Балалык» программасы** - Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим мнистрлигинин, 2016-жылдын 29-сентябрдагы №1339/1 буйругу менен бекитилип, «Мектепке чейинки билим берүү жөнүндө» КР Мыйзамына (3, 4-беренелер), «Мектепке чейинки билим берүү жана балдарды кароо» КР билим берүү мамлекеттик стандартына ылайык түзүлгөн мамлекеттик негизги мектепке чейинки билим берүү программасы.

**Программанын максаты** – өнүгүүнүн курактык жана жекече өзгөчөлүктөрүнө ылайык психикалык жана денелик сапаттарынын толук кандуу жана ар тараптуу өнүгүшү үчүн коопсуз шарттарды түзүү, социалдык ийгиликтүүлүктү камсыз кылган инсандын базалык маданиятынын негиздерин, социалдык ийгиликтүүлүктү камсыздаган окуу ишмердигинин негиздерин калыптандыруу.

**Программанын милдети:**

- ар бир баланын денелик жана психикалык ден соолугун сактоо жана бекемдөө, эмоционалдык бакубатчылыгын камсыз кылуу;
- кийинки куракка өтүүдө ырааттуулукту сактоо менен ар бир курактагы баланын кызыкчылыктарына жана жекече өзгөчөлүктөрүнө ылайык өсүүсүн камсыз кылуу;
- балдар ишмердигинин ар кандай түрлөрүн, аларды жуурулуштурууну пайдалануу менен салттуу, инновациялык технологияларга негизделген тарбиялоо-билим берүү процессинин моделин түзүү;
- баланын таанып билүү активдүүлүгүн, акыл-эс жөндөмүн жана кептик карым катышын, бир нерсеге кызыгуусун, өз алдынча таанып билүүгө жана ой жүгүртүүгө умтулуусун өстүрүүгө көмөк көрсөтүү;

- баланын инсанынын базистик мүнөздөмөлөрүнүн калыптануусуна өбөлгө болуучу, азыркы талаптарга жооп берген жагымдуу шарт түзүү;
- мектепке чейинки уюмдун жана үй-бүлөнүн шартында баланы тарбиялоо мамилелеринин биримдигин камсыз кылуу.

Программанын милдеттерин чечүү балдардын ишмердигинин ар кандай түрлөрүн уюштурууда ишке ашат (кыймыл, оюн, эмгек, карым-катыш, таанып билүү-изилдөөчүлүк, музыкалык-көркөм), ошондой эле балдардын курактык мүмкүнчүлүктөрүнө жана өзгөчөлүктөрүнө ылайык, билим берүүчү жана өнүктүрүүчү сабактарды өзүнө камтыган тартипте балдардын өз алдынча ишмердигинде жана үй-бүлөлөр менен мектепке чейинки билим берүү уюмунун өз ара аракеттенүүсүндө ишке ашат.
Программа мектепке чейинки курактагы балдардын *денелик, когнитивдик, социалдык, чыгармачыл, эстетикалык, көркөм-кептик* багыттарын өнүктүрөт.

**Балдарды мектепке даярдоо «Наристе» программасы менен таанышуу**

**Балдарды мектепке даярдоо «Наристе» программасы (480 саат)** - 2015-жылдын 17-августундагы № 1090/1 Кыргыз Республикасынын Билим беруу жана илим министрлигинин буйругу менен бекитилип, «Мектепке чейинки билим берүү жөнүндө» КР мыйзамына, Кыргыз Республикасынын «Мектепке чейинки билим берүү жана балдарды кароо» мамлекеттик стандартына ылайык иштелип чыккан.

**Программа төмөнкү социалдык көйгөйлөрдү чечүүгө багытталган:** Мектепке чейинки программаларга тартылбаган 6 жаштагы балдарды мектепте окууга сапаттуу даярдоо жана алар үчүн бирдей мүмкүнчүлүктөрдү түзүү. Өзгөчө муктаждыктары бар балдарды билим берүү процессине тартуу

**Бул программанын алкагында балдарды мектепке даярдоо төрт багыт боюнча жүргүзүлөт:**

- социалдык ыңгайлашуу;
- жалпы өсүү (эс-тутумдун, көңүлдүн, интеллекттин өсүүсү);
- окууга болгон кызыгууну жараткан мотивдерди калыптандыруу;
- балдардын ден соолугун коргоо жана бекемдөө,алардын дене жана психикалык жактан өсүүсү үчүн болушунча шарттарды түзүү

**Программанын негизги милдеттери:**

**Билим берүүчү:** мектепте ийгиликтүү окуу үчүн негизги психикалык процесстерди өстүрүү; балдарда Кыргызстан, мамлекеттик символдор, улуттук кийимдер тууралуу түшүнүктөрдү, билимдерди калыптандыруу; адамдын коомдогу жана мектептеги жүрум – турумун аныктоочу маанилүү социалдык ченемдер жана баалуулуктар тууралуу түшүнүктөрдү калыптандыруу; жөнөкөй математикалык түшүнүктөрдү калыптандыруу; кепти активдүү пайдалануусун жана фонетикалык угумду калыптандыруу; мектепте окууга оң мамилени калыптандыруу; окууга кызыгуусун калыптандыруу балдарды мектепке даярдоо менен башталгыч билим берүү предметтеринин ыраатуулугун камсыз кылуу.

**Өнүктүрүүчү:** 6 жаштагы балдардын теңтуштарын жана чоң адамдар менен пикирлеше билүүсүн өстүрүү; түрдүү турмуштук жагдайларга карата чечим таба ала билүүсүн калыптандыруу; 6 жаштагы балдардын кызыкчылыктарын, муктаждыктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен, окутуу, тарбиялоо жана өстүрүү процессин

уюштуруу; жазуунун майда булчуңдарды иштетүүчү кызматтарын жана жаза билүүсүн өнүктүрүү; логикалык ой жүгүртүүсүн өстүрүү; акыл калчап, жыйынтык чыгара билүүсүн калыптандыруу; организмдин физикалык мүмкүнчүлүктөрүн арттыруу; адам үчүн ден соолукту чыңдоонун, коргоонун жана дене маданиятынын маанилүүлүгүн түшүнүүнү өстүрүү;

**Тарбиялоочу**: 6 жаштагы балдарда мекенчил сезимдерди, Мекеним Кыргызстанды, өз чөлкөмүн сүйүүнү жана аны менен сыймыктанууну калыптандыруу; Кыргызстанда жашаган калкты урматтоого тарбиялоо; адептүү жүрүм-турумдун ченемдерин жана эрежелерин билүү жана урматтоо; мамиле кылуу сапаттарын, муктаждыктарын жана кызматташууга болгон жөндөмдүүлүгүн калыптандыруу; теңтуштарын, айланасындагы адамдарды урматтоого тарбиялоо; мектептеги жана коомдогу жүрүм-турум маданиятын ченемдерин жана эрежелерин балдарга сиңирүү; өз ара достук мамилени жана айланадагыларга өз ара оң мамиле жасоо көндүмдөрүн өстүрүү.

Программанын артыкчылыктары 6 жаштагы баланын академиялык билимдерди алуусуна гана эмес, баланын инсандык ар тараптуу: интеллектуалдык, адептик, эстетикалык жана дене жагынан өсүүсүн калыптандырууга багытталган.

Педагогикалык максаттарды чечүүгө багытталган баланы ар тараптуу өнүктүрүү жана аларды билимдерди өздөштүрүүгө жана системалык окууга болгон даярдыгын калыптандыруу; окуу ишмердигине ээ кылуу; сабат ачуунун жана математиканын башталышына окутуу; курчап турган дүйнөнү табыгый-илимий таанып билүү ыкмасынын элементтерин өздөштүрүүгө үйрөтүү.

## 4. ТЕМА: МЕКТЕПКЕ ЧЕЙИНКИ БИЛИМ БЕРҮҮДӨГҮ ТАРБИЯЧЫЛАРДЫН КЕСИПТИК КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮГҮ, МИЛДЕТИ, ИШ КАГАЗДАРЫ

**Максаты:** Мектепке чейинки билим берүүдөгү тарбиячылардын кесиптик компетенттүүлүгү, милдети, иш кагаздары тууралуу билимдерди берүү

**Базалык түшүнүктөр:** Тарбиячы, кесиптик компетенция, баланы ар тараптуу өнүктүрүү, багуу, билим берүү, тарбия берүү, мектепке чейинки билим берүү мекеме, тайпа, жаш курак.

**Күтүлүүчү натыйжалар:**

- Тарбиячынын негизги милдеттерин түшүнүшөт;
- Балдар менен иштөөдөгү керектүү иш-кагаздарды өздөштүрүшөт;
- Угуучулар тарбиячынын кесиптик ишмердүүлүгү тууралуу билимдерди: тарбиячы деген ким, ал кандай милдеттерди аткарарын бекемдешет;
- Балдар менен баарлашууда кандай эрежелерди сактоо керектигин;
- Эмнелерди таптакыр жасоого болборун;
- Балдар менен баарлашуунун, иштөөнүн эрежелерин өздөштүрүшөт.

**Кыскача түшүндүрмөсү:**

Тарбиячы деген ким?

Тарбиячы - мектепке чейинки билим берүү уюмдарында балдар менен иштеген, баланын өмүрүнүн коопсуздугун көзөмөлдөгөн, баланын ар тараптуу өнүгүүсү (багуу, тарбия берүү, билим берүү) үчүн шарттарды түзгөн кызматкер.

## Кандай милдеттерди аткарат?

Тарбиячынын иш күнүнүн башталышы Мектепке чейинки билим берүү уюмуна келген бардык балдарды кабыл алуудан жана ата-энелер менен баарлашуудан башталат. Ушул учурдан тартып тарбиячы балдарды кароосуз калтырбашы керек, анткени ал алар үчүн жоопкерчилик тартат жана төмөнкүлөрдү милдеттерди аткарат:

- Балдарды жаш курагына жараша тарбиялоо, билим берүү жана багуу.
- Күн тартибин сактоону көзөмөлдөө: тамактанууну, сейилдөөлөрдү жана балдарды уктатууну уюштуруу;
- Билим берүү программаларында жана пландарында каралган сабактарды өткөрүү.
- Мектепке чейинки курактагы ишмердуулуктун түрлөрүн уюштура билуу, ошону менен балдардын өнүгүүсүн камсыз кылуу
- Ар бир баланын жеке жөндөмдүүлүгүн көрө билүү.
- Группада жагымдуу маанайдагы атмосфераны түзүү;
- Балдардын группада жана бала бакчанын аймагында коопсуз болушун камсыз кылуу.
- Балдардын ортосундагы достукту чыңдоого, мамилелерди жакшыртууга багытталган иш-чараларды жана ачык сабактарды даярдап, өткөрүү.
- Балдардын  ден соолугун чыңдоо боюнча иш-чараларды өткөрүү.
- Жардамчы тарбиячынын аракеттерин координациялоо;
- Педагогикалык жамаат менен өз ара аракеттенүү.
- Квалификациялык деңгээлди үзгүлтүксүз жогорулатуу.
- Ар бир мектепке чейинки курактагы баланын индивидуалдык өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен балдардын өнүгүүсүнө мониторинг жүргүзүүнүн натыйжаларына ылайык педагогикалык тапшырмаларды (өз алдынча, ошондой эле психолог жана башка адистер менен биргеликте) пландаштыруу жана оңдоо жөндөмү.
- Ата-энелер чогулушун даярдоо жана өткөрүү. Ата-энелер менен жеке байланышты сактоо.

## Балдар менен баарлашууда кандай эрежелерди сактоо керек?

- Балдарыңыз сиздин пикириңизди угуп, ишиңиздин адилеттүүлүгүнө ишенип, сизди тууракганга умтулуусун каалсаңыз, анда сиздин негизги милдетиңиз алар үчүн талашсыз авторитет болуу. Буга жетүү үчүн ар дайым эмнени жана кантип айтып жатканыңызды байкаңыз. Себеби балдар чондордун күзгүсү.
- **Балаңызга жеке инсан катары мамиле жасаңыз.** Анын өз каалоолоруна ээ болуу укугун таануу: оюнчуктарды, иш-аракеттерди, досторду тандоо. Балаңызга ар дайым аты менен кайрылыңыз, ийгиликтерин байкаңыз жана бат-баттан мактап туруңуз.
- **Балдар менен чоңдордой сүйлөшүңүз.** Балдарга олуттуу мамиле жасалганда, аны жакшы көрүшөт. Балдардын суроолоруна көңүл кош жооп бербеңиз: эгер сиз бир нече сүйлөм менен жооп бере алсаңыз, анда кечиктирбестен жооп бериңиз. Болбосо, аны "кийин, кийинчерээк!" деп калтырбастан, түшүндүрүңүз: "Бул абдан кызыктуу суроо, мен бул тууралуу сейилдөөдөн кийин сөзсүз айтам." Убаданы аткарыңыз, талкууга бүт балдарды тартыңыз: балдарга баарлашууга мүмкүнчүлүк бериңиз, жоопторду өз алдынча табууга үйрөтүңүз.
- **Баарына бирдей көңүл буруңуз.** Балдар тарбиячынын баарын бирдей сүйөөрүн түшүнүшү керек, ошондуктан бир нерсени жүзүнчү жолу түшүндүрүүгө туура келсе да, тынч, акырын, жакшы үн менен сүйлөгөнгө аракет кылыңыз. Ар бир балага көңүл

буруңуз, алардын ийгиликтерине кам көрөрүңүздү көрсөтүңүз. «Алтынай, кандай сонун көйнөгүң бар! Аны сага ким сатып берди?», «Актан, сен кандай чоң үй кургансың! Абдан кооз болуптур" – мактоого себеп таба билиңиз, бала өзүн бир аз өзгөчө сезсин, бул дагы абдан маанилүү.

- **Балдардын эмоцияларына таасир этиңиз.** Топто жагымдуу маанайдагы климатты түзүңүз, жашоодон окуяларды айтып бериңиз, китеп окуңуз. Балдарга алардын сезимдерин жана башынан өткөргөн окуяларын түшүнүүгө жардам бериниз: «Мен апаңдын кеткенине капа болуп жатканыңды түшүнөм, бирок ал сөзсүз кайтып келет».

**Эмнелерди таптакыр жасоого болбойт?**

- **Балдардын кылык-жоруктарын жана каталарын балдардын алдында талкуулоо**. Эгерде сиз кандайдыр бир кырдаалды тарбиялык максатта колдонгуңуз келсе, анда ал жөнүндө мүмкүн болушунча абстракттуу сүйлөңүз, окуянын каарманы кандайдыр бир бейтааныш бала же кыз болгонун. Ал эмне кылганын жана ал кандай терс кесепеттерге туш болгонун айтыңыз.

- **Балдарды кемсинтүү, аларга кыйкыруу, уруп-согуу.** Бул үчүн тарбиячылар административдик же кылмыш жоопкерчилигине тартылышы мүмкүн.

- **Топко чөгүңкү, капалуу маанайда келүү.** Балдар тарбиячынын маанайына абдан сезгич келишет. Алар шайыр, жылмайган адамдарга бат тартылып, капалуу, чөгүңкү маанайдагы адамдардан качууга аракет кылышат. Маанай тарбиячынын баарлашуу ыкмаларына да, балдардын кабылдоосуна да, алардын тарбиячыны түшүнүүгө да таасир этет. Маанайыңызды көтөрө турган ыкмаларды таба билиңиз - балким, бул шайыр музыка, психологиялык ыкмалар, бир аз көнүгүүлөр, бүгүн кыла турган жагымдуу нерселер жөнүндө ойлор ж.б. куралдарды колдонуу.

**Балдар менен баарлашуунун, иштөөнүн эрежелери:**

- ✓ Балдар тобуна жылмаюу менен кириңиз.
- ✓ Адегенде балдарга үйрөткүлө, андан кийин сурагыла.
- ✓ Балдарды эч качан алдабаңыз, балдарга берилген сөздү бекем кармаңыз.
- ✓ Эч качан баланы кордобоңуз, аны ар кандай өзүм билемдиктен коргоңуз.
- ✓ Канчалык кыйын болсо да, акылдуу жана сабырдуу болуңуз.
- ✓ Балага жүрүм –турум менен, ишиңиз менен, кийген кийимиз менен, башка адамдарга болгон мамилениз менен үлгү болуңуз.
- ✓ Кандай кырдаал болбосун, өзүңүздү баланын ордуна коюп көрүңүз, андан кийин гана чечим чыгарыңыз.
- ✓ Баланы сүйсөңүз, аны чындап түшүнө алаарыңызды унутпаңыз.
- ✓ Каяктан үйрөнөсүз? Балдарыңыздан, кесиптештериңизден, ата -энеңизден, үйрөнүңүз.
- ✓ Эч качан тарбиялануучуларың жөнүндө алардын ата -энесине, өзүңүздүн кесиптештеринизге айтып наараза болбонуз, анткени ал сиздин эмгегиниз, жакшы тарбиячы өзүнө гана наараза экенин унутпаныз.
- ✓ Кандайдыр бир жагдайда жаңылып калсаңыз, балаңыздан кечирим сураңыз, бул сиздин авторитетиңизди эч качан төмөндөтпөйт.

- ✓ Балдардын кызыкчылыгы жана алардын үмүтү үчүн жашаңыз.
- ✓ Кокусунан мүдүрүлгөн адамга берешен болунуз.
- ✓ Баланын өнүгүү зонасын көрүп, анын келечегин оптималдаштырууну үйрөнүңүз.
- ✓ Эч качан бала менен анын майыптыгы жөнүндө сүйлөшпөңүз.

## 5.ТЕМА: «ПЕДАГОГИКАЛЫК ПРОЦЕССТИ ПЛАНДАШТЫРУУ ЖАНА УЮШТУРУУ»

**Максаты:** «Педагогикалык процессти пландаштыруу жана уюштуруу» боюнча билимдерди берүү.

**Базалык түшүнүктөр:** күн тартиби, балдарды кабыл алуу, гимнастика, эртен мененки тамактануу, түшкү тамактануу, пед.процессти уюштуруу, сабактар.

**Күтүлүүчү натыйжалар:**

Угуучулар балдарды бала бакчага келгенден тартып бир күндүн болжолдуу күн тартиби тууралу билимдерди: балдарды кабыл алуу, эртең мененки көнүгүүлөр, эртең мененки жана түшкү тамактануу, сабакка даярдануу, сабакты пландаштыруу, сейилдөөгө даярдануу, уйкуга даярдоо, түшкү уйку, акырындык менен ойгонуу, ден соолукту чыңдоо процедуралары, балдар үйдөн кайтуусу жана ата-энелер менен баарлашуу тууралуу билимдерди ала алышат.

**Кыскача түшүндүрмөсү:**

Педагогикалык процессти пландаштыруу – тарбиялоо, билим берүү иш-чараларын жүргүзүүдө белгиленген зарыл шарттарды, каражаттарды, формаларды жана усулдарды бир тартипте, алдын ала ыраатуулугу менен пландоо.

Балдардын 10 саат болуу топтору үчүн болжолдуу күн тартиби

| Иш чара | убактысы |
|---|---|
| **Балдарды кабыл алуу, эртең мененки көнүгүүлөр.** | **8:00-8:30** |
| **Эртең мененки тамактануу.** | **8:30-9:00** |
| **Топтогу өз алдынча оюндар. Сабактар.** | **9.00-10:40** |
| **Сейилдөөгө даярдануу. Сейилдөө (кыймылдуу оюндар, байкоолор, эмгек)** | **10:40-11:50** |
| **Сейилдөөдөн кайтуу, өз алдынча иш-аракет, түшкү тамакка даярдык.** | **11:50-12:10** |
| **Түшкү тамак.** | **12:10-12:50** |
| **Уктоого даярдануу. Түшкү уйку** | **12:50-14:50** |

| | |
|---|---|
| **Акырындык менен ойгонуу, ден соолукту чыңдоо прцедуралары** | **14:50-15:20** |
| **Түштөн кийинки тамактануу.** | **15:20-15:40** |
| **Оюндар. Өз алдынча иш аракеттер. Сейилдөөгө даярдыктар. Сейилдөө. Кыймылдуу оюндар.** | **15.40- 16:40** |
| **Сейилдөөдөн кайтып келүү. Кечки тамакка даярдыктар. Кечки тамак.** | **16:40-17:30** |
| **Балдардын үйүнө кетүүсү.(ата-энелер менен жекече иш алып баруулар)** | **17.30-18:00** |

***Балдарды кабыл алуу***

- Баланын сырткы келбетине көңүл буруу: сырткы кийимине (балдарга ыңгайлуу, эркин кыймылдоого тоскол болбой тургандыгына көңул буруу), тазалыгына.
- Баланын ден соолугуна көңүл буруңуз: оозун ачып кароо жана терини текшерүү, (эгерде оорунун белгилери байкалса) термометр менен температураны өлчөө.
- *Балдар менен баарлашуу:* Күн кандай башталды.Маанайы кандай? Эс алуу күндөрү кандай өттү? Кызыктуу эмнелерди көрдү?
- Эртен мененки кабыл алууда балдар үчүн өз алдынча иштөөгө шарттарды түзүү өтө маанилүү.
- *Ата-энелер менен маектешүү:* Балдардын ойгонгондон кийинки маанайлары, ден соолуктары.
- *Эскертүү:* тарбиячы ар дайым балдарды жылмайып тосуп алуулары керек.

***Эртең мененки көнүгүүлөр***

- Эртең мененки көнүгүүлөр баланын организминин активдүүлүгүн жана көрсөткүчтөрүн жогорулатууга жана туура дене түзүлүшүн калыптандырууга багытталган. Бул жөнөкөй жалпы өнүктүрүү көнүгүүлөр болушу керек, жана акырындык менен татаалданат.

  Балдар үчүн узактыгы:
  2 - 4 жаш - 5 мүнөт
  4 - 5 жаш - 6-8 мүнөт
  5-6 жаш - 8-10 мүнөт
- Эртең мененки көнүгүүлөрдүн структурасы төмөнкүдөй болушу мүмкүн:
  - басуу;
  - чуркоо;
  - колдун жана ийин булчуңдары үчүн көнүгүүлөр;
  - дене үчүн көнүгүүлөр (артка жана курсакка);
  - бут көнүгүүлөрү - калыбына келтирүү үчүн кыска мөөнөттүү жеңил чуркоо жана басуу.

***Эртең мененки жана түшкү тамактануу***

Тамактануу учурунда өзүн алып жүрүү маданиятын калыптандыруу:

- идиш-аяктарды туура колдонуу (чоң кашык, чай кашык, вилка);
- этияттык менен тамактануу;
- оозун толтуруп алып сүйлөбө;
- өз алдынчалуулукка үйрөтүү;
- Тамактануу учурунда дасторконго түз, тынч, туура отура билүү.

***Сабакка даярдануу***

- Балдарга сабактын башталышы жөнүндө эскертүү (10 мүнөт мурун).
- Алдыда боло турган сабакка кызыгууну жаратуу.
- Балдар оюндарын бүтүрүп, көңүлүн сабакка буруу үчүн көңүлүн бурдуруучу ыкмаларды колдонуу;
- Сабакка керектүү көрсөтмө куралдардын ар бир балага жетүүсүн камсыздоо;
- Балдардын көнүлун алагды кылчуу неселерди алып салуу;

***Сабакты пландаштыруу***

- Өтүлүүчү сабактын мазмуну (билим берүү милдеттери: билим берүүчүлүк, өнүктүрүүчүлүк, тарбиялоо).
- Жабдуулар (визуалдык жана демонстрациялык жана таратма материалдар, буюмдар, оюнчуктар ж.б.).
- Балдар менен өз алдынча иш жүргүзүү (зарыл болсо).
- Сабактын жүрүшү жана усулдук ыкмалары.
- Сабакты уюштурууда түрдүү ишмердүүлүктү колдонуу

***Сейилдөөгө даярдануу***

- Балдарды шкафтан кийимдерди  бирден алып чыгууга үйрөтүү;
- Балдарды кийимдерге сыдырмаларды, топчуларды жана бут кийимдердин боосун байлаганды үйрөтүү;
- Балдарды өз алдынча жана белгилүү бир ырааттуулукта кийинүүгө жана чечүүгө үйрөтүү: бут кийим, тыш кийим (суук мезгилде), андан кийин баш кийим;
- Сейилдөөдөн кайтуу, тескери тартипте чечинүү.
- Балдарды бири-бирине жардам берүүгө, жардам үчүн ыраазычылык билдирүүгө үйрөтүү керек.
- Кийинүү жана чечинүү көндүмдөрүн тезирээк өнүктүрүү үчүн ата-энелер балдарына үйдө көбүрөөк өз алдынчалык бериши керек.

***Уйкуга даярдоо. Түшкү уйку.***

- Уктоочу бөлмөнү уктоого даярдоо. Уктоочу бөлмөнү тазалоо жана желдетүү керек (кеминде 15 мүнөт).
- Ысык аба ырайында желдетүү үчүн терезелерди ачуу сунушталат.
- Кийимди чечкенди жана бүктөгөндү үйрөтүү.
- Балдардын уктоого даярдыгы (туалет, колдорун жуу, кийим алмаштыруу).
- Уйкуга ылайыктуу тынч жана эс алуучу атмосфераны түзүү (жомок окуп берүү жана аудио уктуруу).

***Акырындык менен ойгонуу. Ден соолукту чыңдоо  процедуралары.***

- Баланын организмин физикалык машыгууга акырындык менен даярдоо керек.
- Процедуралар оюн сюжетине негизделген жана кыймылга жана эмоционалдык активдүүлүккө жетүү үчүн импровизациянын элементтерин камтыйт:
- Өзүнө-өзү массаж жасоо.
- Оюн гимнастикасы.
- Атайын жабдууларды колдонуу менен гимнастика.
- Массаж жолдору менен басып өтүү.

***Балдардын үйлөрүнө кайтуусу.*** *Ата-энелер менен баарлашуу:*

- Бала бир күндү кантип өткөрдү (бала кантип тамактанды, уктады, ойноду ж.б.у.с.).
- Бала бүгүн сабакта эмнени үйрөндү (алар үчүн эмне жеңил, эмнеси кыйын).
- Баланын бүгүнкү жетишкендиктери жөнүндө.
- Баланы өнүктүрүү боюнча кеңештер (эң жакшы натыйжага жетүү үчүн кайсы багытка өтүү керек).

**Ар бир бала менен жылуу коштошуп, жакшы маанайда узатыңыз, балада эртең бала бакчада мени «жакшы көрүп, күтөт» деген ишеним пайда болот.**

## 6. ТЕМА : ӨНҮКТҮРҮҮ ЧӨЙРӨСҮН УЮШТУРУУ

**Максаты:** Өнүктүрүү чөйрөсүн уюштуруу тууралуу билимдерди калыптандыруу.

**Базалык түшүнүктөр:** Өнүктүрүүчү чөйрө, коопсуз чөйрө, билим берүү чөйрөсү, борборлор, илим, китеп, театр борбору.

**Күтүлүүчү натыйжалар:**
Угуучулар бала бакчада өнүктүрүү чөйрө, коопсуз чөйрөнү кантип уюштуруу тууралуу, өнүктүрүүчү чөйрө тарбиячыга эмне үчүн керектиги боюнча билимдерди алышат.

**Кыскача түшүндүрмөсү:**

***Өнүктүрүү чөйрө*** - бул мейкиндикте жана убакытта рационалдуу уюштурулган, ар түрдүү объектилерге жана оюн материалдарына каныккан табигый ыңгайлуу чөйрө.

Ошону менен бирге баланын инсан болуп калыптанышындагы бүтүндөй процесстин стимулдаштыруучу, кыймылдаткыч күчү, ар тараптуу жөндөмдүүлүктөрүнүн эрте пайда болушуна салым кошуучу, баланы активдүү жана демилгелүү болууга үндөөчү чөйрө.

**Өнүктүрүүчү чөйрө тарбиячыга эмне үчүн керек?**

- физикалык коопсуз чөйрө, башкарууга оңой, жагымдуу жана балдардын ар кандай иш-аракеттери үчүн ыңгайлуу;
- ишмердүүлүк борборлору балдардын өнүгүүсү үчүн ар түрдүү, жеткиликтүү, стимул берүүчү материалдар менен логикалык ыңгайлуу жайгаштырылган;
- Өнүктүрүүчү чөйрө балдарды изилдөөгө, ойноого жана өз алдынча болууга үйрөнүүгө үндөйт;
- балдар өнүктүрүүчү чөйрөнү пландаштырууга, уюштурууга жана колдоодо катышат;
- чөйрө айрым балдардын жана топтогу балдардын муктаждыктарын канааттандырат.

**Бала бакчада өнүгүү чөйрөсү төмөнкүдөй болушу керек:**

- баланы курчап турган дүйнөнү таанып билүүгө жардам берүүчү;
- эмоционалдык абалына оң таасир этүүчү;
- өз алдынча ишмердүүлүктүн өнүгүшүнө мүмкүнчүлүк берүүчү;
- кызыктуу, жагымдуу жана өзүнө тартуучу.

## 7. ТЕМА:ҮЙ БҮЛӨ ЖАНА КООМЧУЛУК МЕНЕН КЫЗМАТТАШУУ

**Максаты:** Тарбиячыларга үй-бүлө жана коомчулук менен кантип кызматташуу керек тууралуу билимдерди берүү.

**Базалык түшүнүктөр:** үй бүлө, ата-эне, бала, баарлашуу, иш алып баруу, кызматташтык, маалымат, муктаждык, өнөктөштүк, суроолор.

**Күтүлүүчү натыйжалар:**
Угуучулар ата-энелер менен кантип иш баруу керектиги тууралуу билимдерди, анын ичинде: өз ара аракеттенишүүдөгү эки тараптын бала жөнүндө маалымат көрсөтүүсү; бала бакча менен үй-бүлөнүн ортосунда оптималдуу өнөктөштүктүн бекем болушу үчүн зарыл шарттар жана баарлашуу үчүн суроолор жөнүндө билимдерди алышат.

**Кыскача түшүндүрмөсү:**

Мектепке чейинки уюм менен үй-бүлөнүн өнөктөштүгү баланын турмуштагы ийгилигине бирден бир ачкычы.

Билим берүү процесинин ийгилиги өз ара байланышкан жана ырааттуу аракеттерден көз каранды. Педагогикалык куралдар канчалык негиздүү болсо, ошончолук балдар оптималдуу өнүгөт жана окуйт. Ошондуктан тарбиячылар менен ата-энелердин кызматташтыгы өтө маанилүү!

**Өз ара аракеттенишүүдө бала жөнүндө маалыматты көрсөтүү эн маанилүү**

***Педагогдор ата-энелерге /аларды алмаштыруучуларга  кабарлайт:***

- эрте тарбиялоо баскычындагы балдардын өнүгүүсүндөгү өзгөчөлүктөр жөнүндө;
- балдардын өздөрү турган жердеги башка балдар менен, улуу кишилер менен, чөйрө менен кандай аракеттенүүсү керектиги тууралуу
- өнүгүү үчүн зарыл шарттарды түзүү жөнүндө;
- курагынын өзгөчөлүктөрүнө ылайык баланын өнүгүүсү тууралуу.

***Ата-энелер /аларды алмаштыруучулар  педагогдорго кабарлайт:***

- ✓ баланын ден соолугу жөнүндө, аларды үй-бүлөдө тарбиялоодогу тажрыйба жөнүндө
- ✓ физиологиялык муктаждыктарды канааттандыруу үчүн шарттарды камсыз кылуу, коопсуздук жана коргоо муктаждыгы, сүйүүгө, сыйлоого муктаждык тууралуу;
- ✓ социалдык байланыштар, баланы жүрүм-турумдун негизги адамзаттык, моралдык жана маданий стандарттарына катыштыруу жөнүндө кабарлайт.

***Бала бакча менен үй-бүлөнүн ортосунда оптималдуу өнөктөштүк болуш үчүн булар зарыл:***

- Баланын үй бүлөсүн жакшы билүүсү абзел: анын баалуулуктарын, баланын уйдөгу статусун кандай түшүнүшөт, үй-бүлөдө мамиле кандай, ата-энелер бала бакчадан эмнени күтүшөт, үй-бүлөнүн маданиятынын деңгээли, жашоо стили, динге мамилеси кандай ж.б.

- Ата-энелерге тарбиялоо учун оптималдуу шарттарды түзүү максатында зарыл маалыматтарды беруу керек, алар: бала үчүн орунду түзүү, бала менен алектенүү, оюнчуктардын туру, кун тартиби, тамактануусу, медициналык көзөмөл ж.б.;

- Ата-энелер менен балдарды тарбиялоо процессинде пайда болгон проблемаларды чечуу планында ачык-айрым мамиле түзүү абзел.

***Кандай суроолорду ата-энелерге /аларды алмаштыруучуларга берсе болот?***

- Кайсы оюнчукту жакшы көрөт?
- Сиз өзүңүздүн балаңызга эң башкысы эмнени каалайсыз?
- Сиз балаңыздын көбүрөөк билиши жана үйрөнүшү үчүн эмнени көбүрөөк каалайсыз?
- Балага көбүнчө эмнени жасоо жагат?
- Сиз өзүңүздүн баланыз жөнүндө эмне айта аласыз?

Бул суроолор дагы башка суроолор менен коштолот: ден соолугунун абылы, конгон адаты, ичкен тамагы, баланын эс алуусу, үй-бүлөдөгү салт жана жүрүм-турум маселелери

Ата-энелер менен дайыма байланышта болууга жана ар дайым кызматташууга чакырат.

## 8. ТЕМА: 0 ЖАШТАН 7 ЖАШКА ЧЕЙИНКИ БАЛДАРДЫН ӨНҮГҮҮСҮНҮН ЖАШ ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ.

**Максаты:** 0 Жаштан 7 жашка чейинки балдардын өнүгүүсүнүн жаш өзгөчөлүктөрү тууралуу билимдерди бекемдешет.

**Базалык түшүнүктөр:** Жаш өзгөчөлүк, балдардын курагы, ымыркай курак, эрте балалык курак, мектепке чейинки курак.

**Күтүлүүчү натыйжалар:**

Балдардын курактык бөлүнүшү тууралуу, анын ичинде ар бир курактын, ымыркай курак, эрте балалык курак жана мектепке чейинки курактагы балдардын өзгөчөлүктөрү жана ар бир куракка карата сунуштар тууралуу билимдерди кеңири ала алышат.

**Кыскача түшүндүрмөсү:**

**Балдардын курактык бөлүнүшү:**

Ымыркай курак (төрөлгөндөн баштап 1 жашка чейин)

0-6 ай

6 ай – 1 жаш

Эрте балалык курак ( 1 жаштан 3 жашка чейин)

1-2 жаш

2-3 жаш

Мектепке чейинки курак (3 жаштан 7 жашка чейин)

3-5 жаш
5-7 жаш

**Ымыркай мезгил**
**(төрөлгөндөн баштап 1жашка чейин )**

- отурат, турат (колдоо менен), активдүү жөргөлөй алат, алгачкы кадамдарын жасайт;
- үй-бүлө мүчөлөрүнүн атын билет, ошондой эле өзүн жөнөкөй, кыска сөздөр менен айтууга аракет кылат;
- ар дайым көрүп жүргөн нерселердин эмнеге колдонуларын билет.
- чоңдордун мимикаларын, кыймылдарын жана эмоцияларынын көрүнүштөрүн туурайт;
- иш-аракеттери ылайыктуу мимика жана эмоциянын башка көрүнүштөрү менен коштолот.

**Сунуштар:**

- Ымыркайдын үн чыгаруусун колдоп, кубаттап, ага чыныгы сүйлөшүүдөй мамиле кылыңыз.
- Баланын сүйлөө кебин өстүрүү үчүн окуп бериңиз.
- Сүйлөшүңүз, ойноңуз, бала менен биргеликте санаңыз, күнүмдүк иш аракеттердеги түрдүү эмоцияларына көңүл буруңуз.

**Эрте балалык курак**
**( 1 жаштан 3 жашка чейин)**

- өз алдынча болуп, өзүн-өзү тейлөө жөндөмүнө ээ болот;
- ой жүгүртүү образдуу боло баштайт, эс тутуму, көңүл буруусу, элестетүүсү өнүгөт;
- теңтуш курбулары менен дос болууга үйрөнөт.

**Сунуштар**:

- Баланын өнүгүүсү үчүн жагымдуу жана коопсуз чөйрөнү түзүңүз.
- Өз алдынча жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүңүз.
- Балага күн сайын окуп бериңиз.
- Эмоционалдуу,өнүктүрүүчү кыймылдуу оюндарды ойнотуңуз.

**Мектеп жашына чейинки курак( 3-7жаш)**

- интенсивдүү түрдө өнүгөт;
- бара-бара өз алдынча жана көз карандысыз болуп баштайт;
- бардык жаңы нерселерге кызыкдар болот;
- кыйынчылыктарда жана ийгиликсиздик учурларда, өз эмоциясы менен оңой күрөшө алат;
- энергиясы күчтүү, тынчы жок, ызы-чуулуу болуп турат.

***Сунуштар:***

- Оюндар аркылуу балага айлана-чөйрөнү таанытыңыз.
- Эреже боюнча ар түрдүү оюндарды ойнотуңуз.
- Ири жана майда моториканы өнүктүрүңүз.
- Балаңызга окуп бериңиз жана окуганыңыздын сюжетин чогуу талкуулаңыз.
- Балаңызды чоңдор менен чогуу иш аракеттерге кошуңуз.

- Балдарды өз алдынча болууга үндөнүз.

## 9.ТЕМА: МЕКТЕПКЕ ЧЕЙИНКИ БИЛИМ БЕРҮҮ УЮМДАРЫНДА ИНКЛЮЗИВДИК БИЛИМ БЕРҮҮ

**Максаты:**

- ✓ Угуучуларга Кыргыз Республикасында инклюзивдик билим берүүнүн өнүгүшү жөнүндө маалымат берүү. 2019-2023-жылдарга Кыргыз Республикасында инклюзивдик билим берүүнү өнүктүрүү Концепциясы.
- ✓ Инклюзивдүү чөйрөнү уюштуруу технологиялары жөнүндө маалымат берүү.
- ✓ Майыптыгы жана АБМ (атайын билим алуу муктаждыктары) бар балдар жөнүндө маалымат берүү.

**Базалык түшүнүктөр:**

Инклюзивдик билим берүү, майыптыгы бар балдар, Инклюзивдүү чөйрө, интеллектуалдык өзгөчөлүктөр, психикалык өзгөчөлүктөр, моралдык жана диний жолу, медикалистик-медициналык жолу, социалдык жолу, кайрымдуулук, өнүгүү.

**Күтүлүүчү натыйжалар:**

- ✓ Ар түрдүүлүккө жооп берүү менен бардык балдардын укугу менен жөндөмүн сыйлаган билим тармагын түзүү.
- ✓ Эң түпкү максаты инклюзивдик коомду түзүү.
- ✓ Инклюзивдик коомдун , социалдык адилеттик менен теңчиликтин кеңири маанидеги стратегиясына салым кошуу.
- ✓ Балдарга тоскоолдук болгон кыйынчылыктарды жеңүү .

**Кыскача түшүндүрмөсү:**

Балдар бакчасы билим берүү функциясын гана аткарбастан, баланын жашоо ишмердүүлүгүнүн негизги сферасы боло алат. Ошого байланыштуу, ар бир балага укук камсыздап толук чекте өзүнүн потенциалын ачканга тарбиячылар жардамдашат. Көп түрдүү дүйнөдө жашоо мүмкүнчүлүгүн камсыздоого сый урмат аркылуу жана жекечелүүлүктү кабыл алуу менен инсан калыптанат. Ошондой болгондуктан муктаждыкка ээ болгон балдарга көңүлдү өзгөчө бөлүнүшү талапка ылайык. Коллективде балдар бир бири менен карым катнаш түзүүгө үйрөнүшөт, чоңдор менен аралашат, жаш өзгөчөлүктөрү же атайын муктаждыкка ээ, социалдык- экономикалык статусуна, үй-бүлөсүнүн курамына, жынысына, рассасына, этникалык жаралышына, маданиятына, эне тилине, динине карабай бири – бирин урматтоого, толерантуу мамиле жасоого тарбиялоо

**Инклюзивдик билим берүүнүн принциптери:**

- адамдын баалуулугу анын жөндөмүнө жана жетишкендигинен көз каранды болбойт;
- ар бир адам сезүүгө жана ойлонууга жөндөмдүү;
- ар бир адам баарлашууга укугу бар ошондой эле, аны угушу керек;
- бардык адамдар бир-бирине муктаж;
- толук кандуу билим алуу реалдык карым-катнаш контекстинде гана ишке ашат;
- бардык адамдар колдоого жана курбуларынын достугуна муктаж;

- бардык билим алуучуларга жетишкендик прогресси, эмнени жасай алаары менен билинет;
- ар түрдүүлүк адамдын ар тараптан жашоосун күчөтөт.

Өзгөчө баланын физиологиясынын жана психикасынын өнүгүүсү менен байланышкан индивидуалдуу өзгөчөлүктөрдү эске алуу абдан маанилүү, айрыкча ал өнүгүү кемтиги бар балдарга тиешелүү. Мындай балдарды көбүнчө «өзгөчө муктаждыктары бар балдар», «өзгөчө балдар» деп аташат. Ар бир педагог, бирдей окуу шарттарын камсыз кылуу үчүн, баланын физиологиясында жана психикасында кандай жеке өзгөчөлүктөргө туш болушу мүмкүн экенин жана аны менен кантип иштөө керектигин билиши керек.

Учурда массалык бала бакчаларга барууда медициналык жана психологиялык жактан аныктап, «өзгөчө муктаждыктары бар балдар» түшүнүгүнө төмөнкүлөр кирет:

- угуусу начар балдар;
- көрүүсү начар балдар;
- сүйлөө бузулган балдар;
- таяныч-кыймыл аппаратынын азыраак бузулуулары бар балдар.

***Кеби өнүкпөй калган балдар менен иштөө***. Мындай балдар менен иштеген тарбиячы көңүлүн өзгөчө буруучу нерсе сенсордук тажрыйбасын байытуунун керектиги, ал кептик каражаттарынын (лексика, грамматика) калыптанышынын негизи болуп эсептелинет. Практикада, кеби өнүкпөй калган бала массалык топ шарттарында тарбияланган учурда, өнүгүүсүнө жеке мамиле жасоодо балдардын ишмердүүлүгүнүн жыйынтыктарына, сабактардагы жоопторуна, дидактикалык оюндарды өздөштүрүүсүнө талаптардын алсыздашы менен алмаштырылып калат.

Ушул эле учурда, таанып билүүчүлүк процесстер (анын арасына кеп да кирет) бири бири менен тыгыз байланышта болушат жана өнүгүшөт, ошондуктан, кандайдыр бир таанып билүүчүлүк процессине даректелген ар бир көнүгүүлөр бир мезгилде башкаларга дагы таасирин тийгизет. Мисалы, мектепке чейинки жаштагы бала сүрөттү, ийлеп чаптоону, конструкциялоону түзүү менен, сүрөттөп жаткан объекттердин мүнөздөрүн эсинде кармап турат, ал эми тарбиячы алдын ала аларды сөз менен белгилесе, баланын ишмердүүлүгу лексиканы өздөштүрүүгө, мейкиндиктик мамилелерди грамматиканы таанууга түрткү болот. Ошондуктан жекече окутуунун манызы талаптарды ылдыйлатуу эмес, ушул куракка керектүү билимдерге жана билгичтиктерге ээ болууда балага жардам берүү болот

Массалык топ шарттарында болушкан ***тыбыштарды айтуусу бузулган, кекеч балдар*** кээде тентуштары тарабынан өзгөчө мамиле менен жолугушушат: кээ бирөөлөр аларды эркелетип туурап баштаса, башкалары мазакташат, үчүнчүлөрү чоң кишилерди тууроо менен, туура сүйлөөгө үйрөтүп, каталарын ондоп башташат. Ар бир учурларда тарбиячыга балдардын ссүйлөшүүсүнө кийлигишүүсү кереги жок. Чындыгында теңтуштар - мектепке чейинки жаштагы бала караган күзгү, алар ага өзүн объективдүү баалоого жардам беришет, бирок травмаларга, адатка айланып калган шылдыңдоолорго жана түртүүгө жол бербөө керек.

«Жакшы ойлор» менен кийлигишип жатып, тарбиячы ар бир учурда сүйлөшүүнүн себебине көңүлүн бурат жана ушул кийлигишүү дайыма эле курч бурчтарды «түздөгөн» ыкма болуп эсептелбейт. Теңтуштарынын арасында таанууну алуунун мыкты жолу - бул кандайдыр бир ишмердүүлүктө ийгиликке жетишүү жана чоң адамдын колдоосу. Балада өзүндө анын «күчтүү жактарын» ачууга, анын теңтуштары ага тартыла тургандай жана

мүмкүн коллективде баланын социалдык позицияларын күчөткөн «изюминкасын» табууга жардам бергиле.

Тарбиячылар кекечтенген балага өзгөчө көңүлдү бурат. Кээ бир тарбиячылар мындай балдарды сабактарда, дегеле элдин алдында сурабаш керек деп ойлошот. Бирок, эгерде бөбөк өзүнүн ой-пикирин айтканды каалап жатса, дайыма андан баш тартпоо керек. Эгер ал кекечтенүүдөн улам көп убакытты алып жатса, жоопту бузбоо керек. Аны тентуштары дагы, тарбиячы дагы аягына чейин угаарына ишенимин күчөтүш керек. Жана, албетте балдардын кебинин бузулган учурлардына кеңешке логопедке кайрылуу керек. Эгерде бала бакчада логопед жок болсо, анда тарбиячы ата-энелерге жашаган жери боюнча медициналык мекемелерде же башка билим берүүчү борборлордо адистерди табууну сунуштаса болот.

***Угуусу бузулган балдар менен штөө.*** Үндүн булагы кандай аралыкта болсо, угуу кабыл алуусу ушундан көз каранды болгондуктан угуусу начар бала дайыма тарбиячыдан алыс эмес болушу керек. Ушундай балага түшүндүрүп жаткан мезгилде, көрсөтмөлөрдү бергенде тарбиячынын бетин көрүп турушу керек. Ушул жерден үнүн катуу чыгаруу талап кылынбарын эстен чыгарбоо маанилүү. Эгерде бала айтылган нерсени түшүнбөй калса, жанына келип дагы бир ирет кайталаш керек, бирок сүйлөө темпин жайлатып, тагыраак, бирок ун кадимки күч менен чыгарылышы керек. Угуусу начар бала менен ангемелешкен учурда, балдарды үнүн акырындатуусун сурануунун кереги жок, себеби эгер балдар тарбиячыдан алыс болушса, анда ал аларды алсызыраак же болбосо такыр эле укпай калат.

***Таяныч-кыймылдоо аппараты азыраак бузулган балдар менен иштөө.*** Бул учурда иш тиричилик мүнөз катары өзгөчөлөнгөн предметтик аракеттерди өздөштүрүүгө, ошондой эле сюжеттик жана дидактикалык оюндар үчүн керек аракеттерге багытталышы керек.

Күнүмдүк турмушта керектелүүчү кыймылдарды өздөштүрүү үчүн адатта майда моторикасын өнүктүрүүчү жана мейкиндикте жана түздүктө багыт алуу түшүнүгүн берүүчү материалдар пайдаланылат. Мисалы, ар кандай мүнөздөгү жана көлөмдөгү жолчолор, ар түрдүү татаалдыгы менен топчуламалар, шурулардын, макарондордун тизилиши, фигуралык жолчолордун лабиринти, геометриялык мозаикалар, пазлдар колдонулат.

Өзгөчөлөнгөн предметтик аракеттер кадамдап өздөштүрүлөт (мисалы, адегенде бөбөк калемди алганды жана кайра берилген ордуна коюуну, андан сон эки манжа менен, андан сон үч манжа менен кармоону үйрөнөт).

Ата-энелердин, адистердин дагы дайыма тынчын алган дагы бир суроо бул ***«Өзгөчө балдар» менен бирге келүү кадимки балдарга терс таасирин тийгизбейби?*** Мындай адамдарга педагог түшүндүрүшү керек, бала чоңойот жана ал ар кандай балдар жана чон адамдар менен жолугушууга туура келет жана ал алар менен сүйлөшө алышы керек. Бала бакчадан мектепке кетүү менен, ал башталгыч билимди гана алып кетпестен, ар түрдүү адамдар менен өз ара аракеттешүү жана баарлашуунун социалдык көндүмдөрүнө ээ болушу керек.

## 10. ТЕМА: МЕКТЕПКЕ ЧЕЙИНКИ КУРАКТАГЫ БАЛДАРДЫН ТААНЫП БИЛҮҮ ПРОЦЕССТЕРИН ӨНҮКТҮРҮҮ

**Максаты:** Мектепке чейинки курактагы балдардын таанып билүү процесстерин өнүктүрүү боюнча билимдерди берүү.

**Базалык түшүнүктөр:** Таанып билүү процесси, когнитивдик өнүгүү, эс тутум, көңүл буруу, элестетүү, ой жүгүртүү, кабыл алуу, өнүктүрүү, оюндар, көнүгүүлөр.

**Күтүлүүчү натыйжалар:** Угуучулар таанып билүү процесстеринин, анын ичинде эс тутумду, көңүл бурууну, элестетүүнү, ой жүгүртүүнү, кабыл алууну өнүктүрүүчү оюндарды, көнүгүүлөрдү жана ага карата сунуштарды алышат жана практика жүзүндө колдонушат.

**Кыскача түшүндүрмөсү:**

Мектепке чейинки курак - адамдын өнүгүүсүнүн маанилүү мезгили. Мектепке чейинки куракта билим жана тарбия берүүнүн таасири астында бардык когнитивдик психикалык процесстердин интенсивдүү өнүгүүсү байкалат.

**Эс тутум**

Мектепке чейинки курактагы баланын эс тутуму башка процесстерди аныктаган борбордук психикалык функция болуп саналат. Бул куракта эс тутум башка таанып-билүү процесстеринин арасында басымдуу функцияга ээ болот.

Эс тутум - бул адамдын өз тажрыйбасынан улам келип чыккан таасирлерди сактоо, таануу жана кайра чыгаруу катары аныкталган татаал психикалык процесс.

***Эс тутумду өнүктүрүү үчүн сунуштар***

- Балада керектүү эскерүүлөрдү өз ыктыяры менен эстеп калуу жөндөмүн өнүктүрүү.
- Балаңызды окуялардын ырааттуулугун эстеп калууга үйрөтүңүз.
- Жаттап жатканда мнемотехниканы колдонууну үйрөтүңүз
- Балдарды ыктыярдуу эс тутумун өнүктүрүүнүн каражаты катары образды колдонууга үйрөтүү.
- Балдарды кайталоого, түшүнүүгө, жаттоо максатында материалды байланыштырууга, эстегенде байланыштарды колдонууга үйрөтүү.
- Жаттоо үчүн жардамчы каражаттарды колдонуу жөндөмүн өздөштүрүүгө көмөк көрсөтүү.

***Эс тутумду өнүктүрүүгө ылайыкталган оюндар жана көнүгүүлөр:***

- «Объекттерди эстеп калуу» (балага маалыматты эстеп калууга үйрөтүү)
- "Кийим-кече" (бала эртең менен кандай тартипте кийингенин эстеп, айтып берүүсү керек).
- «Сүрөттү окшош кылып тартабыз» (Балага даяр сүрөт көрсөтүлөт, ал дал ошол нерсени тартуусу керек).
- «Сыйкырдуу сандыкка эмне салдым?» (Тарбиячы баланын көзүнчө баштыкка ар кандай буюмдарды салат; бала баштыкта эмне бар экенин эстеп калышы керек).
- «Кыска аңгеме» (Тарбиячы кыска аңгеме же окуя окуйт; аны бала эсинде калганын кайталап айтып берүүсү керек).

**Ой жүгүртүү**

Мектепке чейинки курактагы баланын ой жүгүртүүсү көбүнчө анын эс тутуму менен аныкталат. Бала эстеп калган мурунку тажрыйбасына таянуу менен чечим чыгарат. Сүйлөө менен дагы тыгыз байланышта, анын натыйжасы сөз менен айтылган ойду түзөт. Мектепке чейинки жогорку курактагы балага чоңдор оюн түрүндө билим берсе, аны өнүктүрүү эң оңой болот.

***Ой жүгүртүүнү өнүктүрүү үчүн сунуштар***

- Объекттерди мүнөздүү белгилери боюнча айырмалоого үйрөтүү
- Объекттерди классификациялоону жана аларды мүнөздүү белгилерине же касиеттерине жараша жалпылоону үйрөтүү.
- Адабий чыгарманын маанисин түшүнүүгө үйрөтүү; суроолорду колдонуу менен тексттин мазмунун туура ырааттуулукта айта берүүсү.
- Нерселерди салыштырууну үйрөтүү.
- Схематикалык сүрөттү реалдуу объектилер менен байланыштырууну үйрөтүү
- Дидактикалык оюндар аркылуу ой жүгүртүүнүн ылдамдыгын өнүктүрүү.
- Балдарды өз алдынча жыйынтык чыгарууга жардам берүү.
- Балдарды суроолорго жооп берүүгө, жыйынтык чыгарууга үйрөтүү.
- Балаңызды себеп-натыйжа байланыштарын түзүүгө үйрөтүү.
- Ой жүгүртүүнү өнүктүрүү үчүн жомокторду, накыл сөздөрдү, образдуу салыштырууларды колдонуңуз.

***Ой жүгүртүүнү өнүктүрүүгө ылайыкталган оюндар жана көнүгүүлөр:***

- «Алгоритм» (окуялардын ырааттуулугун эске алууну үйрөтүү).
- «Ашыкчасын тап», «Катардан ашыкча фигураны тап» (объекттерди өзгөчөлүктөрү жана касиеттери боюнча классификациялоону үйрөнүү).
- «Антонимдер» (балага сөз айтылат жана ал мааниси боюнча карама-каршы сөздү аташы керек, мисалы: «оор - жеңил», «күчтүү - алсыз», «жеңил - оор ж.б.).
- Пазлдар, конструкторлор.

**Көңүл буруу**

Көңүл буруу – бул белгилүү бир объектке аң-сезимди буруу, ойун бир жерге топтоо. Бул процесске эрктин катышуусун же катышпоосун эске алуу менен ыктыярдуу, эрксиз жана ыктыярдан кийинки көңүл бурууну бөлүп көрсөтүүгө болот.

***Көңүл бурууну өнүктүрүү үчүн сунуштар***

- Дидактикалык оюндар аркылуу кабыл алуу (угуу, көрүү, жыт билүү, сезүү, даам билүү) жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү.
- Ишмердүүлүктүн түрлөрүн өзгөртүп туруу.
- Сабакта оюндун элементтерин колдонуу.
- Балдарды оюндун көрсөтмөлөрүн бир нече жолу кайталатууга үйрөтүңүз
- Балдар менен көбүрөөк байкоо жүргүзүп, уккан-көргөндөрүн талкуулагыла.
- Баланын көңүлүн кээ бир нерселерге жана кубулуштарга аң-сезимдүү түрдө бурууга үйрөтүү.
- Балдарды максатка ылайык көңүл бурууну үйрөтүү.
- Балдарды ар жакка алаксыбай, белгилүү бир ишке көңүлүн бурууга үйрөтүү.

- Баланын көңүлүн уюштура турган стимулдарды түзүү.
- Көңүл бурууну өнүктүрүү үчүн эрежелер менен оюндарды жана драмалаштыруу оюндарын колдонуңуз.

***Көңүл бурууну өнүктүрүүгө ылайыкталган оюндар жана көнүгүүлөр:***

- "Айырмачылыктарды табуу".
- "Эки окшош объектилерди табуу."
- «Кел көнүгүү жасайбыз» (оозеки буйрук боюнча гимнастикалык көнүгүүлөрдү аткаруу).
- «Менин ордум кайда?» (столдун үстүнө предметтер коюлат, балдар көздөрүн жумат, тарбиячы орун алмаштырып же алып коет).
- «Көргөнүн эстеп айтып берүү» (бала бир мүнөттүн ичинде бөлмөдөгү мүмкүн болушунча көп нерселерди аташы керек).
- «Көңүл бур!» оюну (бала тарбиячынын иш-аракеттерине көңүл бурбастан оозеки көрсөтмөсүн угушу керек).

**Элестетүү**

Элестетүү – бул аң-сезимдин образдарды жаратуу жана аларды манипуляциялоо жөндөмү. Элестетүүнүн пайда болушу жана өнүгүшү башка таанып билүү процесстеринин, биринчи кезекте ой жүгүртүүнүн калыптанышы менен тыгыз байланышта

**Элестетүүнү кантип өнүктүрүү керек?**

***Предметти башка образдуу нерселер менен алмаштырып колдонуу***

Баланын фантазиясын өнүктүрүүдө тышкы колдоо чоң роль ойнойт. Эгерде өнүгүүнүн алгачкы этабында (3-4 жашта) мектепке чейинки баланын элестетүүсү оюнчуктар менен болгон реалдуу аракеттерден ажырагыс болсо, ал эми 6-7 жаштагы балдарда мындай көз карандылык жок. Алардын фантазиясы алар алмаштыргандарынан такыр башка объекттерге негизделиши мүмкүн. Демек, бала таякка минип, өзүн чабандес, таякты ат катары көрсөтө алат. Бир нече жыл өткөндөн кийин, акырындык менен тышкы колдоонун зарылдыгы жок болот. Бала жөн гана элестүү объект менен кыймыл-аракетти элестете алат. Бирок бул үчүн балага объектилерди ар кандай алмаштыргычтар менен иштөөгө үйрөтүү керек.

**Белгисиз объектти «объектизацилоо».** Балдар 3-4 жашынан баштап «объективдүүлүк» ыкмасын колдоно башташат. Бала бүтпөгөн фигурада бүтүндөй конкреттүү объектти көрө ала турганында жатат. Ошентип, сүрөт тартуу тапшырмасында бала жарым тегеректи дөңгөлөккө же шарга айланта алат. 6-7 жашка чейин бала бул ыкманы эркин колдонушу керек.

**Оозеки сүрөттөө же толук эмес графикалык сүрөттүн негизинде сүрөттөрдү түзүү**. Бул жөндөм баланын келечектеги окуу ишмердүүлүгү үчүн абдан маанилүү. Сүрөттөмөнүн негизинде образдарды түзүү зарылдыгы китеп окууда, жаңы сөздөрдү үйрөнүүдө пайда болот.

**Мейкиндиктик элестетүү**. Курчап турган дүйнөнүн бардык объектилеринин мейкиндик мүнөздөмөлөрү бар жана элестетүүнүн сүрөттөрү аларды чагылдырууга тийиш. Ошондуктан баланын мейкиндиктеги нерсенин сүрөтүн «көрүү» жөндөмүн өнүктүрүү абдан маанилүү. Бул жөндөмдү мейкиндикте бир нече объектилердин өз ара жайгашуусун чагылдыруу боюнча оюндардын жардамы менен машыктыра аласыз.

**Планды түзүү жана ишке ашыруу**. Пландын ырааттуу аткарылышы гана натыйжаларга жетишүүгө алып келет. Өзүнүн идеяларын башкара албоо, аларды өз

максатына баш ийдире албоо баланын эң кызыктуу идеяларынын, ниеттеринин ишке ашпай калышына алып келет. Бул куракта алдын ала ойлонулган план боюнча аракеттенүүнү үйрөнүү үчүн бардык шарттар бар. Ошондуктан, бул жөндөмдү өнүктүрүү, жөн эле максатсыз жана ылайыктуу фантазияга эмес, өз идеяларын ишке ашырууга, кичинекей, бирок толук чыгармаларды (сүрөттөрдү, аңгемелерди, дизайндарды) жаратууга үйрөтүү абдан маанилүү.

**Кабыл алуу**

Кабыл алуу – адамдын аң-сезиминде курчап турган айлана-чөйрону жана кубулуштарды сезүү органдарына түздөн-түз таасири менен чагылдыруу процесси.

Кабыл алуу – мектепке чейинки курактагы эң алдыңкы таанып билүү процесстеринин бири. Анын калыптанышы жаңы билимдердин ийгиликтүү топтолушун, жаңы ишмердүүлүктүн тез өнүгүшүн, жаңы чөйрөгө ыңгайлашуусун, физикалык жана психикалык жактан толук өнүгүүсүн камсыздайт.

***Кабыл алууну өнүктүрүү үчүн сунуштар***

- Балдарды тийүү аркылуу объекттерди аныктоого үйрөтүү.
- Предметтеги өзгөчөлүктөрдү: формасын, түсүн, даамын бөлүп көрсөтүү жөндөмүн калыптандыруу.
- Объекттерди өлчөмү боюнча салыштырууну үйрөтүү.
- Байкоону өнүктүрүү; объектти же кубулушту кылдат жана ырааттуу кароого үйрөтүү.
- Объекттердин ортосундагы байланышты түшүнүүгө жана сүрөттөлүштү бүтүндөй кабыл алууга жардам берүү.
- Бөлүктөрдөн бир бүтүн жасоо жөндөмүн калыптандыруу.
- Оозеки сүрөттөө боюнча предметтердин өлчөмүн тандоону жана салыштырууну үйрөнүү, оозеки көрсөтмөгө ылайык иш-аракет кылуу.
- Жыл мезгилдердин негизги белгилерине жараша ажырата билүүнү үйрөтүү.
- Сүрөттөгү мейкиндикти калыптандыруу: сол жагы, оң жагы, үстү, асты, алдында, артында, ортосунда, жанында.
- Сенсордук форманын эталондорун калыптандыруу.
- Объектти талдоо жөндөмүн өнүктүрүүгө көмөктөшүү, андагы майда деталдарды бөлүп көрсөтүү.

***Кабыл алууну өнүктүрүүгө ылайыкталган оюндар жана көнүгүүлөр:***

- "Өзгөртүү" (айлананы, үч бурчтукту, квадратты каалаган сүрөткө, предметке айлантуу).
- «Коёнго кантип жетсе болот», «Бөлмөнүн айланасында саякат», «Кайда барасың, эмне табасың» (мейкиндиктик багыт алуу).
- «Форманы таануу» (курчап турган предметтердеги геометриялык фигуранын формасын таануу).
- «Айырмачылыктарды тап» (окшош объекттердеги айырмачылыктарды табууга үйрөнүү).
- «Бийиктикке жараша коюу» (объекттерди бийиктигине жараша коюу).
- «ПАЗЛ» (бөлүктөрдөн бүтүн сүрөт түзүү).
- "Кайсы мезгил?" (Тарбиячы мезгилди атайт, ал эми бала бул мезгилдин белгилерин атайт).

# 11.ТЕМА: ДЕНЕ БОЙДУ ӨНҮКТҮРҮҮ

**Максаты:** Дене боюнун өсүүсү туралуу билимдерди берүү

**Базалык түшүнүктөр:** дене бойдун өсүшү, күң тартиби, уйку, туура тамактануу, дене тарбия сабактары, тыныгуулар, физминутка, релаксация ж.б.

**Күтүлүүчү натыйжалар:** Угуучулар дене тарбия сабагынын максатын, милдетин, сабактын уюштурулушу жөнүндөгү билимдерди жана дене тарбиялык көнүгүүлөрдүн түрлөрүн уюштуруу боюнча билимдерди алышат.

**Кыскача түшүндүрмөсү:**

Мектепке чейинки билим берүү уюмдарында балдардын дене бой саламаттыгы үчүн ар тараптуу өнүктүрүлүшү камсыздалган. Тагыраагы:

- Күн тартиби
- Уйку
- Туура тамактануу
- Дене тарбия сабактары
- Атайын уюштурулган көнүгүүлөрдүн түрлөрү (танкы гимнастика, тыныгуулар ж.б.)

Булар баланын дене бой саламаттыгынын жигердүү өнүгүшү жана ошондой эле организмдин системаларынын жана функцияларынын тиешелүү өнүгүшү менен шартталган.

## Дене тарбия сабагы

Бала бакчада 3 жаштан 6 жашка чейинки балдар менен иштөөнүн негизги формасы ***дене тарбия сабактары*** болуп саналат. Себеби бала ойногондо, секиргенде, чуркаганда, кыймыл-аракетти эркин жүргүзүү учурунда, жүрөк-кан тамыр жакшы иштеп, дем алуу жана нерв системаларынын иши, зат алмашуу процесси жакшыртылат, таяныч-кыймылы чыңдалат. Алар баланын ооруларга туруктуулугун жогорулатат, организмдин коргонуу күчүн бекемдейт. Кыймыл аракети аркылуу бала дүйнөнү таанып, анын психикалык процесстери, эрки, өз алдынчалыгы өнүгөт.

Дене тарбиянын натыйжалуулугу тиешелүү кыймыл режимин уюштуруудан көз каранды. Ал күн сайын дене тарбия көнүгүүлөрүнө, ар кандай формадагы оюндарга жана балдардын өз алдынча кыймылдоо иш-аракеттерине негизделген. Бул балдарга кыймыл-аракеттерди жана жөндөмдөрдүн уюштурулган системалуу формасын берет.

### *Дене тарбия сабагын уюштуруу*

***Сабактардын максаты*** - жаңы кыймылдарды үйрөтүү, мурда өздөштүрүлгөн иш-аракеттерди бекемдөө жана физикалык жөндөмдөрдү өнүктүрүү. 3-4 жаштагы балдарга сабактын узактыгы 15-20 мүнөт, 4-5 жаштагы балдар үчүн - 20-25 мүнөт, 5-6 жаштагы балдарга- 25-30 мүнөт. Сабактар үч бөлүктөн турат: киришүү (даярдык), негизги жана акыркы.

***Киришүү бөлүгүндө*** - балдарды уюштуруу, алардын көңүлүн алдыдагы кыймыл көнүгүүлөрүнө топтоо, ошондой эле негизги бөлүктүн көнүгүүлөрүн аткарууга денени даярдоо. Киришүү бөлүгүнүн мазмунуна негизги кыймыл-аракеттердин көнүгүүлөрү кирет: басуу, чуркоо, буттун манжаларында, таманында басуу, багытын өзгөртүп басуу жана чуркоо, жылан менен басуу, буюмдардын арасынан басуу ж.б.

Сабактын ***негизги бөлүгүндө*** балдарга жаңы көнүгүүлөрдү үйрөтүү, мурун өткөн

материалды кайталоо жана физикалык сапаттарды бекемдөө. Негизги бөлүгүндө биринчиси - жалпы өнүгүү көнүгүүлөрү (адегенде колдун булчуңдары жана ийиндер, андан кийин дене бой жана бут булчуңдары үчүн). Жалпы өнүгүү көнүгүүлөрүнөн кийин негизги кыймылдар (басуу, чуркоо, секирүү, чыгуу, ыргытуу же тең салмактуулуктагы көнүгүүлөр) менен коштолот. Сабактын негизги бөлүгү сөзсүз түрдө балдарга физиологиялык жана эмоционалдык таасирин күчөтүүчү кыймыл оюндарды камтыйт.

***Сабактын жыйынтыктоочу*** бөлүгүндө баланын денесин акырындык менен тынч физиологиялык абалга өткөрүү керек. Кыймылды акырындык менен азайтуу үчүн басуу, көңүл буруу тапшырмалары, дем алуу көнүгүүлөрү, кыймылсыз оюндар колдонулат.

Сабак убактысы болжол менен төмөнкүдөй бөлүштүрүлөт: киришүү бөлүгү - 2-6 мүнөт, негизги бөлүгү - 15-25 мүнөт жана акыркы бөлүгү - 2-3 мүнөт. Ар бир бөлүктүн узактыгы коюлган тапшырмаларга, балдардын жашына жараша болот.

***Дене тарбиялык көнүгүүлөрдүн түрлөрү:***

***Таңкы гимнастика.*** Эртең мененки көнүгүүлөр баланын организминин активдүүлүгүн жана көрсөткүчтөрүн жогорулатууга жана туура дене түзүлүшүн калыптандырууга багытталган. Бул жөнөкөй жалпы өнүктүрүү көнүгүүлөр болушу керек, жана акырындык менен татаалданат.

Анын узактыгы 2 жаштан 4 жашка чейинки балдар үчүн 5 мүнөт (3-4 оюн оюну жана тууроочу мүнөз), 6-8 мүнөт - 4-5 жаштагы балдар үчүн, 8-10 мүнөт - 6 жашка чейинки балдар үчүн.

Эртең мененки көнүгүүлөрдүн структурасы төмөнкүчө болушу мүмкүн: басуу, чуркоо - колдун булчуңдарына жана ийиндер учун көнүгүүлөр – дене бой (артка жана алдыга) көнүгүү - бутка көнүгүү - кыска мөөнөткө чуркоо жана калыбына келтирүү үчүн басуу. Эртең мененки көнүгүүлөр комплекси баланы зериктирбеши үчүн, мезгил-мезгили менен болжол менен 7-10 күндөн кийин 1-2 көнүгүүнү алмаштыруу керек.

**Стретчинг** бул - жакшы маанайды жараткан музыка менен коштолгон ийкемдүү көнүгүүлөрдүн жыйындысы. Эртең менен же түштөн кийинки уйкудан тургандан кийин өткөрүү сунушталат.

Кыймылдуулуктун ар кандай деңгээлиндеги **спорттук оюндар** - күн сайын колдонулат. Оюндар балдардын жаш өзгөчөлүгүнө жараша тандалат, ыкчамдык координациясын өркүндөтөт, эмоционалдык маанайга жакшы таасирин тийгизет, активдүүлүгүн көтөрөт, дененин жана акылдын кубаттуулугун жогорулатат.

**Релаксация** - психикалык стресстин чыгышы менен коштолгон булчуңдардын терең релаксациясы. Ыңгайлуу жана бейпил атмосферасы жаратып, классикалык музыкалык чыгармаларды (Моцарт, Шопен) же табигый чөйрөнүн үндөрүн колдонуу менен сунушталат.

**Оюн гимнастикасы -** жаныбарлардын, спортчулардын кыймыл-аракетин туурап, өсүмдүктүн образын жаратуу үчүн ("сууда сүзүүчү", "коендой секирүү" ж.б.) имитациялык мүнөздөгү бир нече тапшырмаларды аткартуу.

Жаз келгенде чыгабыз
Көпөлөктөй учабыз
Жай келгенде балыктай
Көлгө барып сызабыз
Күз келгенде шамалдан
Жалбырактай учабыз

Тез арада кыш келип
Биз ойнойбуз муз тебип

**Тыныгуулар (Физминутка)**- балдар чарчаган сайын сабак учурундагы мүнөттук тыныгуулар. Жалпы тулку бой үчүн, көзду эс алдыруу, терен дем алдыртуу, майда моторикалар үчүн гимнастикалык көнүгүүлөрдү айкалыштырып балдарга көнүгүү жасатса болот.

Бул көнүгүүлөрдүн максаты - психикалык жана эмоционалдык стрессти азайтуу жана ашыкча иштөөнүн алдын алуу.

*Мисалы: Жалпы тулку бой үчүн тыныгуулар*

Келатыптыр жумушка *(солдаттар баскандай колдорун шилтешет)*
Кыл муруттуу кумурска *(мурут тартышып, эки колун эки тарапка чоюшат)*
Топчуну алып колума *(оң колун өйдө көтөрөт, топчу алгандай)*
Тосуп койсом жолуна *(сол колун бир шилтеп коет)*
Тиягына карады *(Оң жакты чекесине колун коюп карайт)*
Биягына карады *(Сол жакты чекесине колун коюп карайт)*
Наркы-берки бойлоду *(Эки колу өйдө бий кыймылы)*
Тоо экен деп ойлоду. *(Колу менен тоо тартат)*

*Манжа көнүгүүлөрү:*

Бармак турду биринчи
Сөөмөй андан кийинки
Тургун десе-ортонду
Мойнун созуп койкойду
Төртүнчүсү кайда экен
Ал аты-жок манжа экен
Бешинчиси -чычалак
Бою кодо чыпалак

*Көз үчүн көнүгүү ырлар:* бардык балдар үчүн визуалдык чарчоонун алдын алуу, көздүн булчуңдарын бошоңдотуу максатында колдонулат.

Оңго солго жылдырып (Көздөрүбүздү оңго, солго жылдырабыз)
Каректерим эн керек
Ылдый өйдө караймын (Ылдый, өйдө карайбыз)
Жараткан чоң белек
Ачып кайра жумамын (Ачып, кайра жумабыз)
Көргөнүмө кубандым!

**Балдардын дене бой саламаттыгын өнүктүрүү үчүн сунуштар:**

- Баланын кыймылга болгон каалоосун басып салбастан, анын кыймыл аракетине жана өз алдынча иш-аракеттерине болгон муктаждыгын канааттандыруу;
- дене тарбия сабагын гана өткөрбөстөн, сейилдөөгө чыкканда же бош убактыларында кыймыл оюндарын уюштуруу;
- ар кандай ачык түстүү жабдууларды колдонуу;
- балдардын чакан тобуна өз алдынча оюндарды уюштурууга чакыруу максатка ылайыктуу;

- сабактар кызыктуу, ар түрдүү болушу керек, физикалык активдүүлүк балдардын жаш курагына жана ден соолугунун абалына ылайык келиши керек;
- Өзгөчө муктаждыктагы балдар менен дене тарбия көнүгүүлөрүн уюштурууга чыгармачылык жана кылдаттык менен мамиле кылуу;
- коопсуз жүрүм-турумдун эрежелери менен тааныштыруу (сүрөт аркылуу, турмуштук мисалдар же ролдук оюндар аркылуу түшүндүрүү);

## 12. ТЕМА: САБАТТУУЛУК ЖАНА КОММУНИКАЦИЯЛЫК ӨНҮКТҮРҮҮ

**Максаты:** Угуучуларга **с**абаттуулук жана коммуникация жөнүндө билимдерди берүү

**Базалык түшүнүктөр:** балдарды мектепке даярдоо, коммуникация, баарлашуу, өнүктүрүү, өз алдынчалуулук, байланыштуу кеп, графикалык моторика.

**Күтүлүүчү натыйжалар:** Угуучулар балдардын сабаттуулук жана коммуникация боюнча педагогдорго сунуштарды, анын ичинде байланыш кеби (диалог, монолог); өз оюн жана каалоолорун билдирүү; графикалык моториканы өнүктүрүү, билим берүү процессиндеги мамиле жөнүндөгү билимдерди ала алышат.

**Кыскача түшүндүрмөсү:**

Балдарды мектепке даярдоо - бул окуганды жана санаганды эле билүү эмес, бул баланын өз алдынча ой жүгүртө алгандыгы, жаңы билимдерге ээ болууга даяр экендиги, ар нерсени билүүгө дилгирлиги жана байкагычтыгы. Табият менен,курчап турган чөйрө менен таанышуу, оюндар, эмгек балага мектепке толук даярдык менен келүүгө жардам берет.

Мектепке чейинки курактагы балдардын оюндарын уюштурууда жана өнүктүрүүдө, алардын жеке өзгөчөлүктөрүнө ылайык алардын күчтүү жактарын, кызыкчылыктарын, окутуудагы жетишкендиктерин баалоодо чоң роль ойнойт. Ошондуктан окутуунун темалары бала үчүн маанилүү жана практикалык мааниге ээ болууга тийиш. Жекече мамиле кылуу менен, балдарды кызыктыруу жана мектепке даярдыгы көбүнчө чоң кишиге байланыштуу. Айланадагы чоң кишилер менен өз ара мамилелер туура болгон учурда бала жигердүү окуйт жана окуунун алдыга коюлган милдеттерине жетишет.

**Сабаттуулук жана коммуникация боюнча педагогдорго сунуш:**

***Байланыш кеби (диалог, монолог).***

- Адабий чыгармаларды (жомок, аңгеме) байланыштырып, көркөм айта билүүсүн үйрөтүү;
- каармандардын диалогдорун тарбиячынын жардамысыз берүүгө; каармандарды мүнөздөөгө көнүктүрүү.
- Сүрөттөр боюнча баяндоо түрүндө же сюжеттүү аңгеме түзүүгө, баяндоодо кыймыл аракеттин ордун жана убагын көрсөтүүгө, окуяларды, мурда болуп өткөн жана кийинкилерин ойдон чыгарууга үйрөтүү.
- Оюнчуктар боюнча айтууларында композиция жана көркөмдүктү сактоо менен сюжеттүү аңгеме түзө билүүсүн өнүктүрүү;
- жомоктун же аңгеменин каармандарын сүрөттөөгө жана мүнөздөмө берүүгө үйрөтүү.
- Оюн процессинде түшүндүрмөлүү байланыштуу кепке көнүгүүсүн жана билүүсүн өнүктүрүү.

***Өз оюн жана каалоолорун билдирүү.***

- Балдарга оюнчуктарды, окуу китептерди, сүрөт тартуу жана куруу үчүн материалдарды өз алдынча тандап алуу мүмкүнчүлүктү бергиле. Балдардын көтөргөн демилгесин колдогула. Балдардын жаңы иш-аракетке болгон демилгесин көтөрүү үчүн ыңгайлуу чөйрө түзүп бергиле
- Тапшырмаларды аткаруу ыкмаларында балдар менен чогуу эксперименттерди жасагыла, алардын алдына жаңы тапшырмаларды койгула жана аларды сүрөттөп бергиле
- Балдар менен сүйлөшкөндө, талкулоолордун жүрүшүндө алардын демилгесин аркалагыла. Сабакта балдарга байкоо жүргүзүп, аларга байкоолордун негизинде суроолорду бергиле.
- Бардык балдар менен эмне болуп жаткандыгына көңүл бургула: алардын идеяларына, сезимдерине, пикирлерине.
- Бала бир нерсени өз алдынча кылууга даяр болгуча ага көмөк көрсөткүлө
- Балдардын өз кызыгуулары менен аракеттенүү ниетине дем бергиле
- Көйгөйдү чечүүдө балдарга жардам сунуш кылгыла, ийгиликке ишенимдүүлүк билгизгиле

***Графикалык моториканы өнүктүрүү***

- Эки колдун кыймылын координациялоону өнүктүрүүдө координацияларына (майда предметтер менен манупуляциялоо, массаждоо. абага, кумга, кагазка, сүрөт тартууга, чаптоого ж.б.) үйрөтүү, колду жазууга көнүктүрүүчү атайын манжа көнүгүүлөрдү көбүрөөк жасаттыруу;
- Колдун, манжаларынын кыймылын машыктыруу процессинде, көрсөтмө боюнча көнүктүрүү;
- Манжаларга ашыкча күч келтирбестен баланы карандашты, калемсапты, кыл калемди (кисточканы) туура кармоого үйрөтүү;
- Балдарды дептер менен тааныштыруу, барактын бетинде туура багыт алууга үйрөтүү. Графикалык элементтер жайгашкан саптарды көрсөтүү менен чекиттер-кыймылды, сызыктар-багытты билдирерин түшүндүрүү.

***Билим берүү процессиндеги мамиле:***

- Сабактарды уюштуруунун ар кандай формаларын колдонгула: топто, чакан топто, түгөйдө;
- Балдардын кызыкчылыктарын жана каалоолорун эске алуу менен кыймылдуу жана сюжеттик-ролдук оюндарды уюштургула;
- Балдарды тапшырманын үстүнөн ойлонууга түрткү бергиле, биргеликте мүмкүн болгон жолдорун караштыргыла зарыл болгон учурда тапшырманы жеке талкуулагыла;
- Тематикасы узак убакытты талап кылган иш-аракеттерди пландагыла (бир нече күн, жума, ай). Мисалы: урук тигүү, өсүшү, өсүмдүктүн гүлдөөсү;
- Узак жана кыймылсыз абалды талап кылган иш аракеттер (сүрөт тартуу, математика, конструкциялоо) учурунда «тыныгууларды» өткөрүүнү унутпагыла;
- Сценарий колдонуу менен ар бир балага ыр же роль берип балдар майрамдарын уюштургула;
- Балдарга так көрсөтмө бергиле, тапшырманын аткаруу эрежесин жана максатын түшүндүргүлө, көңүлүн күтүлүүчү натыйжага багыттагыла;

- Топтук бөлмөдө «илим борборун» уюштургула, аларды керектүү материалдар, изилдөө үчүн көптөгөн коопсуз жана кызыктуу буюмдар менен жабдыгыла;
- Сабак учурунда балдарга кыйын жооп талап кылбаган ачык түрдөгү жана багыт берүүчү суроолорду бергиле, мисалы: «Сен кандай ойлойсуң, эмнеге бул мындай болуп калды?», «Сен муну кандай кылып өзгөртмөксүн», «Биз дагы кандай кыла алмакпыз?»;
- Балдарга айлана чөйрөнү изилдөөгө жана ишмердүүлүктүн жаңы түрлөрүн окуп үйрөнүүгө мүмкүнчүлүк жана убакыт бергиле;
- Биргеликте изилдөө жолу менен балдарга суроолорго жооп тапканга жардам бергиле (Кызык, бул кантип иштеп жатат? Силерде дагы кандай ойлор бар?);
- Баланы кыялындагы окуяны ойлоп табууга кызыктыргыла;
- Күнүмдүк окуу убагындагы материалдарды колдонууда же аларга карата коюлган талаптарга/күтүүлөргө туш болгондогу кыйынчылыктарды сүрөттөп берүүгө балдарга түрткү бергиле.

## 13. ТЕМА: СОЦИАЛДЫК ЖАНА ЭМОЦИОНАЛДЫК ӨНҮКТҮРҮҮ

**Максаты:** Социалдык жана эмоционалдык өнүгүү жөнүндө билимдерди берүү

**Базалык түшүнүктөр:** Социалдык-эмоционалдык өнүгүү, баарлашуу, коом, социум, баалулуктар, курчап турган чөйрө, эмоционалдык абал, гигиена, жүрүм-турум эрежелери.

**Күтүлүүчү натыйжалар:** Угуучулар баланын өнүгүүсүндө социалдык-эмоционалдык абалдын маанилүлүгү тууралуу билимдерди, анын ичинде эмоционалдык абалды башкара билүү, өзүңдү жана сени курчап турган дүйнөнү билүү, жүрүм-турум эрежелери, коомдук эрежелер, гигиена, коопсуз жүрүм-турум, өз алдынчалуулук, эмпатия (боорукердик), коомдук коммуникация (байланыш) тууралуу билимдерди алышат.

**Кыскача түшүндүрмөсү:**

Социалдык-эмоционалдык өнүгүү - бул баланын өзү жашаган коомдун же жамааттын баалуулуктарын, салттарын жана маданиятын үйрөнүү процесси. Чоңдор жана балдар менен ойноо, окуу, баарлашуу аркылуу башкалар менен бирге жашоого, алардын кызыкчылыктарын, коомдогу жүрүм-турум эрежелерин жана нормаларын эске алууга үйрөнөт, башкача айтканда, социалдык компетенттүү болот.

Баланын жашоосунда эмоциялар жана сезимдер маанилүү роль ойнойт. Алар бизге чындыкты кабыл алууга жана ага жооп берүүгө жардам берет. Баланын эмоционалдык дүйнөсү чоң адамга караганда алда канча бай жана түстүү болот. Позитивдүү эмоциялар баланын чыгармачылык изденүүсүнө жана аракеттерине багыт берсе, терс эмоциялар өнүгүү процессин жайлатат.

**Эмне үчүн баланын өнүгүүсүндө анын социалдык-эмоционалдык абалын өнүктүрүү абдан маанилүү?**

Бала курчап турган чөйрөнүн абалын түшүнүүгө канчалык тезирээк үйрөнсө, ага ал чөйрөнү батыраак таанып, достору жана чоңдор менен тил табышууда ошончолук жеңил болот. Жалпысынан социалдык -эмоционалдык өнүгүү өз ичине төмөндөгүлөрдү камтыйт:

***Эмоционалдык абалды башкара билүү.***

- Балдардын эмоциялардын пайда болушуна байкоо жүргүзгүлө, чыр чатактарды чечүүгө жардам бергиле.
- Балдарга байкоо жүргүзгүлө жана өзүнүн мүмкүнчүлүктөрүнө ишенбегендерди колдогула. Аларга оюндарда, майрамдарда ыр окууда алдыңкы ролдорду бергиле, сүрөт тартуу ишмердиги аркылуу балдарга өзүн көрсөтүү мүмкүнчүлүгүн бергиле.
- Баардык балдардын көзүнчө балага кала берсе болор-болбос эскертүү жасабоого аракеттенгиле, ал баланын көңүлүн оорутушу мүмкүн, аны бала көпкө чейин унутпайт жана кыйналат.
- Эмоциялык абалды билдирген жана атаган сөздөрдү колдонууга балдардын ниетин кубаттагыла. Алар менен оозеки оюндарын ойногула.

***Өзүңдү жана сени курчап турган дүйнөнү билүү.***

- Балдарды алардын айлана-чөйрөсүнүн көп түрдүүлүгү менен тааныштыргыла үй-бүлөнүн, мектептин, дүкөндүн, бала бакчанын сүрөттөрүн карап чыккыла жана социалдык ролдогу оюндарына дем бергиле: кардар-сатуучу, пациент-врач, жүргүнчү айдоочу, бала -үй-бүлө. Мындай оюндар өз ара байланыштардын ар түрдүүлүгүн чагылдырат жана балдардын курчап турган чөйрө жөнүндөгү түшүнүгүн калыптандырат.
- Сабактардын учурунда өзүнүң үй-бүлөсүн, коңшулардын үй-бүлөсүн, туугандардын үй бүлөсүң сүрөттөө мүмкүнчүлүгүн бергиле.
- Курчап турган жамааттын көп түрдүүлүгү жөнүндө балдардын маалымдар болушунун деңгээлин аныктоо үчүн алар менен маектешкиле.

***Жүрүм-турум эрежелери, коомдук эрежелер.***

- Сабактарда, оюндарда жана эркин иште балдарды көчөдөгү жана үйдөгү жүрүм турумдун эрежелери менен тааныштыргыла.
- Окуу процессине бул жаатта дидактикалык, сюжеттик-ролдук жана кыймыл оюндарын көбүрөөк кошкула.
- Көркөм чыгармалардын каармандарынын мисалында жакшылык жана жамандык жөнүндө балдардын түшүнүгүн калыптандыргыла.

***Гигиена***

- Гигиеналык көндүмдөрдү жана маданий өнүгүүнү калыптандыруу үчүн балдарга жагымдуу жана жайлуу чөйрөнү камсыз кылгыла. Алардын ичинен жеке гигиена буюмдарын бөлгүлө: тиш щетка, оозду чайкоо үчүн стакан, салфетка, сүлгү, тарак, алар кынтыксыз таза болууга тийиш. Ошону менен бирге ушул буюмдарды пайдалануу эрежесине үйрөткүлө.
- Алынган маданий жана гигиеналык жөндөмдөрдү тазалыкка, тыкандыкка карата оң мамилени, жыйнактуу болууга адатты калыптандырууга багытталган оюндарда бекемдегиле, тематикалык чыгармаларды пайдалангыла, оюнчуктар менен окуяларды ойноп бергиле.
- Өнүктүрүүчү чөйрөнү маданий гигиеналык жөндөмдү чындоого жана алар жөнүндө маалымат алууга мүмкүндүк берген оюндар жана материалдар менен жабдыгыла: дүкөн, поликлиника, аптека.

***Коопсуз жүрүм-турум.***

- Балдарга көчөдөгү коопсуз жүрүм-турум, жол коопсуздугу жөнүндө, оттун, көлмөлөрдүн коркунучтулуугу жөнүндө айтып бергиле жана ошондой эле бул тууралуу көркөм чыгармаларды, сюжеттик ролдук-оюндарды колдонунуздар.
- Коркунучтуу кубулуштар жана буюмдар (от, электр, суу, өсүмдүктөр, курт-кумурскалар ж.б.) жөнүндө балдардын түшүнүгүн калыптандырган тематикалык жана комплекстүү сабактарды өткөргүлө.
- Балдарды өзгөчө кырдаалдарда адамдарга жардам бере турган кесиптер менен тааныштыргыла-өрт өчүрүүчү, милиционер жана башкалар.

***Өз алдынчалуулук***

- Балдарда өзүн-өзү тейлөө жөндөмүн жана маданияттын эталондоруна кызыгууну калыптандыруу үчүн жагымдуу чөйрөнү түзүү жана аны зарыл материалдар менен камсыз кылуу.
- Балдарга жагымдуу чөйрөнү түзгөн соң, аларды пайдалануу эрежелери менен тааныштыруу бул адатта өзүн-өзү тейлөө жөндөмүн бекемдейт.
- Балдардын билимин кеңейтүү жана өзүн-өзү тейлөө жөндөмүн калыптандыруу үчүн ролдук жана дидактикалык оюндарды көбүрөөк колдонгула
- Боолорду, сыдырмаларды, топчуларды колдонгонду, майда-барат кыймыл аракет жөндөмүн калыптандырууга көндүрүү керек
- Эгерде бала бир нерсени өзү жасай албай жатса, каалаган учурда жардамга келүү үчүн анын кыймыл аракетине дайыма байкоо жүргүзгүлө жана көз жаздымдан чыгарбагыла.

***Эмпатия (боорукердик).***

- Балдарды эркелетип жана ысымы менен гана чакыңыз
- Башка балдардын терс сезимин пайда кылбаш үчүн, чоочун адамдардын алдында туура эмес иштерди талкуулабаңыз.
- Бул темада ырларды, жомокторду, аңгемелерди көбүрөөк окуңуз, боорукерлик жомокторун фантазия жаратыныздар, боорукерликке чакырган жагдайларды түзүңүз
- Баланы басынтпаңыз, эгерде балага катуу сайтып алсаңыз, ага боор оруп жатканыныզды билдинириз
- Ата -энелерге балдардын жакшы иштери жөнүндө айтып бериңиз
- Ар бир баланын күчтүү жактарын көрө билиниз, өзүнө бекинип алган балдарга өзгөчө көңүл буруңуз

***Коомдук коммуникация (байланыш).***

- Балдардын теңтуштары менен биргелешкен оюндары жана сабактары үчүн шарттарды жана жагдайларды түзгүлө (таза абадагаы мелдеш оюндары, ролдук оюндар, кыймыл оюндар)
- Балдардын достук баарлашуусун жана өз ара аракеттенүүсүң өнүктүрүүгө көмөктөшкүлө. Балдар үчүң башкаларга жардам берүүгө (тапшырманы аткарууга же башкалар үчүң буюмдарды жасоого) кезек менен ойноого (белгилүү учурда) үйрөнүүнү камсыз кылгыла.
- Балага өз пикирин айтууга жана теңтуштарынын пикирин угууга мүмкүнчүлүк бергиле

- Баланы өзүнө жана башкаларга карата сый менен мамиле кылууга үйрөткүлө (балдардын бири-бирин кыжырына тийишине, бирин маскаралашына жана башкаларга жол бербегиле)

Оюн *"Сүйүү гүлү"*

***Оюндун милдети:*** Балдарды жылуу сөздөрдү айтууга, башкалардан жакшы сапаттарды көрө билүүгө, жылмайып, көзгө карап жагымдуу сөз айтууга үйрөтүү.

***Оюндун жүрүшү:*** балдар комплименттер менен гүлдөгөн "сүйүү гүлүн" өстүрүшү керек. Мугалим жанында отурган балага комплимент айтып, ага гүлдүн бүчүрүн берет, аны комплимент менен кийинки балага өткөрүп берет. Тарбиячы жылуу сөзгө, башкалардан жакшы сапаттарды көрө билүүгө, жылмайып, көзгө карап комплимент айтууга жана ага ыраазычылыгына көңүл буруп, ар бир катышуучуга оң баа берет. Оюндун аягында ал балдарга бүчүрдөн гүлдөгөн "сүйүү гүлүн" көрсөтөт.

## 14.ТЕМА: ЧЫГАРМАЧЫЛЫК ЖАНА ЭСТЕТИКАЛЫК ӨНҮКТҮРҮҮ

**Максаты:** Чыгармачылык жана эстетикалык өнүгүү тууралуу билим менен тааныштыруу

**Базалык түшүнүктөр:** чыгармачылык, эстетика, фантазия, жаратмандык, кооздук, сулуулук, сүрөт тартуу, аппликация, ийлеп чаптоо, майда моторика.

**Күтүлүүчү натыйжалар:** Угуучулар мектепке чейинки курактагы балдарга чыгармачыл эстетикалык өнүгүүнү өнүктүрүү боюнча билимдерди, анын ичинде сүрөт тартуу, аппликация жана ийлеп чаптоо, чыгармачылык, жаратмандык, ырдоо, бийлөө, драмалаштыруу , жомок ойлоп табуу боюнча билимдерди бекемдешет жана практика жүзүндө ишке ашырышат.

**Кыскача түшүндүрмөсү:**

Чыгармачыл жана эстетикалык тарбия берүү – бул балага анын айланадагы дүйнөнүн кооздугун көрө билүү жөндөмдүүлүгүн калыптандыруу, ошондой эле чыгармачылыкка, креативдүүлүккө, жаратмандыкка болгон жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү максатында ага максаттуу таасир көрсөтүү процесси. Мындай билим берүү адатта баланын жашоосунун алгачкы жылдарынан башталат.

Ал өзүнө төмөнкүлөрдү камтыйт: курчап турган дүйнөгө, жаратылышка, күнүмдүк жашоого, эмгекке, коомдук турмушка эстетикалык мамилени өнүктүрүү. Билим берүүнүн бул түрү балдардын курчап турган дүйнөнүн сулуулугу менен тааныштыруу аркылуу анын акыл-эсин, сезимин гана өнүктүрбөстөн мамилесин да өнүктүрүүгө да салым кошот. Дал ушул компонент инсандын адеп-ахлактык жана акыл-эс жактан өнүгүшүн аныктоо боюнча негизги критерий болуп санат.

## Мектепке чейинки курактагы балдарга чыгармачыл эстетикалык өнүгүүнү өнүктүрүү

***Сүрөт тартуу, аппликация жана ийлеп чайтоо***

- Балдарды көркөм чыгармачылыктын ар кыл түлөрү менен тааныштыруу үчүн ар кандай материалдарды (сүрөттөр, кыргыздын кол өнөрчүлүк чыгармалары, боеме китепчелер) колдонгула;
- Тигил же бул түстү колдонуу менен өзүнүн элесиндегидей оюуну түшүрүүсү үчүн балага сүрөт тартуруга, аппликациялоого, ийлеп чаптоого кенен мүмкүнчүлүк бергиле;
- Элестетүүнү өнүктүрүүгө багытталган оюндарды ойлоп тапкыла, композиция түзүүнү балдарга сунуштагыла, мисалы: тамыр (бутактын) бүркүткө окшош ж.б.;
- Жараксыз жана жаратылыш материалдарынан ар нерсе чаптоо, жасоо же тартуу сабагын көбүрөөк уюштургула;
- Балдар өз тандоосун ишке ашыруу үчүн өнүгүүчү чөйрөнү ар кандай музыкалык аспаптарга байыткыла (шырылдаган, урма, кылдуу, үйлөмө). Сүйлөө речинде ушул аталыштарды бекиткиле жана балдарга аспаптарды салыштыра билүүгө үйрөткүлө. Музыкалык сүрөттөр; оюнун ойногула;

***Чыгармачылык, жаратмандык***

- Эксперимент жүргүзүүнү жана элестетүүнү колдоно билүүгө түрткү бере турган чөйрөнү түзүп бергиле
- Балдардын фантазиясын жана чыгармачылыгын өркүндөтүү үчүн ачык суроолорду колдонгула
- Оюндун өтүшү менен байланыштуу болгон практикада идеяларын ишке ашырууга балдарга убакыт бергиле
- Ата-энелердин жана коноктордун катышуусу менен болгон майрамдарга даярда-нууда балдарга өз идеяларын, чечимдерин айтуусун сунуштагыла.

***Ырдоо, бийлөө, драмалаштыруу***

- Балдардын ырдоо, бийлөө жөндөмдүүлүктөрүн өркүндөтүүгө көмөктөшкүлө.
- Балдарга өздөрүнүн билимин жаңы жагдайларда колдонуусуна түрткү бергиле: окулган жомокторду сахналаштырганга, драматизациялаганга көмөктөшкүлө.
- Топтук бөлмөдө театр бурчун жасагыла, чыгармачылыкта балдардын керектөөлөрүн ишке ашыруу үчүн ар кандай оюн материалдары менен камсыз кылгыла (моюн орогучтар, жоолуктар калпактар, кол чатырлар, көз айнектер, чон шурулар, галстуктар ж.б.)
- кандайдыр бир буюмдарга же жаныбарларга окшоштугун импровизациялоону уюштургула,
- Оюндун жаңы идеяларын, анын ичинде ролдук оюндардын идеяларын балдар менен талкуулагыла, балдардан сурагыла

***Жомок ойлоп табуу***

- Багыт берүүчү суроолорду берүү менен жаңы окуяны, жомокту ойлоп табууга жардам бергиле, балдарды ойноткула
- Белгилүү жомоктордун башкача аякташын ойлоп табууну балдарга сунуштагыла
- Кыргыз эл жомокторунун жана башка элдик жомоктордун мотиви боюнча түзүлгөн театр көргөзмөлөрүнө балдарды аралаштыргыла

Ар бир баланын элестетүүсүн чагылдырууда, жаратмандыгын, шык жөндөмдөрүн, жада калса эң кичинекей ийгиликтерин дагы колдоп кубаттагыла

## 15. ТЕМА: ОЮН ИШМЕРДҮҮЛҮГҮ

**Максаты:** Бала бакчанын жана үй тибиндеги бала бакчанын шарттарында оюнду өнүктүрүү. Оюн аркылуу балдарды дене бой, акыл-эс, интеллектуалдык, адеп ахлактык, ыймандык, социалдык, эстетикалык жактан тариялоо жана балдарды мектепке окууга даярдоо билимдерин тарбиячыларга берүү жана өркүндөтүү.

**Базалык түшүнүктөр:** Оюн, ойноо, кыймылдуу оюндар, дидактикалык оюндар, сюжеттик оюндар, болжолдуу оюндар, кыймылдуу оюндар, кыргыз элдик оюндары, практикалык оюндар, манипулятивдик оюндар, символикалык оюндар, эреже менен оюндар.

**Күтүлүүчү натыйжалар:**

- ✓ Турмуштук жана оюндагы тажрыйбаларына таянуу менен оюндун жүрүшүндө балдарды адам ишмердигинин ар кыл түрлөрүн чагылдырууга жана алардын коомдук-пайдалуу маанисин ачып көрсөтүүгө тартуу. Чоң адамдар жашоо ишмердик процессинде жетекчиликке алуучу, ишмердигиндеги мүнөздүү аракеттерди, адептик нормаларды, баарлашуу этикасын, эмоцияларды бөлүп көрсөтүү. Буларды оюнда моделдөөгө үйрөтүү.
- ✓ Өнүгүп –өсүп бараткан чөйрө, сабактардын, айланадагы турмушту байкоонун, адабий чыгармалардын, фольклордун материалдарында турмуштук сюжеттердин жана оюн тажрыйбасынын байышы аркылуу өз алдынча чыгармачыл демилгелүү оюн ишмердүүлүгүн өнүктүрүү.

**Кыскача түшүндүрмөсү:**

Оюн - бул балдар жашоосунун түсү, ал аркылуу балдар табигый түрдө өнүгөт, баланын психикалык өсүүсүнө ар тараптуу таасир этет. Анда балдар жаңы билимдерге, ык машыгууларга ээ болушат. Оюнда гана адамдын карым катышынын эрежелери өздөштүрүлөт. Баланын адептик жана эрктик өсүүсүнө оюнсуз толук жетишүү мүмкүн эмес, оюндан сырткары инсанды тарбиялоого болбойт.

Балдардын оюну алардын ишмердүүлүгүн көрсөткөн эң эркин жана табигый формасы, анда курчаган дүйнө изилденет, түшүнөт. Оюн балага өзүнүн “мен” дегенин пайда кылууга жардам берет, анын өзүн өзү реализациялоосуна жана чыгармачылык жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүүгө түрткү берет, баарлашуу жана көйгөйлөрдү чечүү тажрыйбасын өркүндөтүүгө социалдык тажрыйбага ээ болууга мүмкүнчүлүк берет.

### *Оюндардын түрлөрү*

Мектепке чейинки курактагы баланын оюн ишмердүүлүгүнүн өнүгүү этаптары бардык мезгилдерде балдардын иш-аракеттеринин түрлөрүн жана формаларын байытууну камсыз кылат. Эгерде балдар жөнөкөй оюнчуктар жана буюмдар менен көбүрөөк ойносо, анда жогорку мектепке чейинки курактагы балдар оюндун сюжетин курушат, эрежелерди

иштеп чыгышат, жамааттык көңүл ачуу үчүн бүтүндөй долбоорлорду түзүшөт.

Эгерде балдардын оюн ишмердүүлүгүнө кыскача мүнөздөмө бере турган болсок, анда бул куракта оюндар мазмуну, иш-аракеттердин логикасы, эрежелеринин бар же жоктугу, ролдордун мүнөзү боюнча айырмаланарын белгилей кетсек болот.

Айрым түрлөрү баланын физикалык активдүүлүгүн талап кылса, кээ бирлери - ой жүгүртүү процесстерин активдештирет. Бирок ар бир оюн кырдаалы моделдөө мүнөзүнө ээ, анткени балдар айланасында байкаган нерселеринин моделин жаратышат.

***Сюжеттик - ролдук оюндар***

Сюжеттик ролдук оюндарда оюнга түрдүү ролдорду кошуу менен, аны кеңейтүүгө жардам берет: социалдык турмуштун ар кандай чөйрөлөрүнөн, түрдүү адабий чыгармалардан, жомоктордон ролдорду кошууга, ошондой эле жомоктогу жана реалдуу каармандарды бириктирүүгө болот.

Жалпы сюжетке мындай ролдорду кошуу балдардын элестетүүсүн, кыял жөндөмүн (фантазиясын) активдештирет, күтүлбөгөн жаңы окуяларды ойлоп тапканга шыктандырат, мындай ар башка каармандарды бириктирет жана алардын бирге болуусун, өз ара мамилесин акылга сыярлык кылат.

Сюжеттик-ролдук оюндардын негизги өзгөчөлүктөрү:

- оюндардын социалдык мотиви;
- балдардын эмоционалдык абалы
- эрежелерди сактоосу;
- өз алдынчалуулугу;
- чыгармачылыгы;
- оюндун сюжетинин болушу;
- ойдон чыгарылган кырдаалдын болушу.

***Театралдашкан оюндар***

Театрдашкан оюндар сюжеттик-ролдук оюндардан айырмаланып, көрүүчүлөрдүн болуусун (теңтуштары, кичине балдар, ата-энелер) талап кылынат, сунушталат. Ал процессте балдарда көркөм каражаттардын (интонация, мимика, жест) жардамы менен көркөм чыгарманын идеясын жана текстти так чагылдыруу билгичтиги калыптанат. Бул татаал ишмердик. Айрыкча аны даярдоо баскычында чоң адамдардын сөзсүз катышуусу талап кылынат.Театралдашкан оюндар чындыгында да кызыктуу болуш үчүн балдарды көркөм аткаруу ыкмаларына гана эмес, оюнду көрсөтүү үчүн орунду даярдай алууга да үйрөтүү керек.

Театралдашкан оюндардын түрлөрү:

*Манжа театры, стол куурчак театры, балдар театры, көлөкө театры (көмүскө театр), куурчак театры, марионетка куурчак театры, кашыктардагы театр, бут кыймыл театры,фартуктагы театр, чий куурчак театры ж.б.*

***Тарбиячынын театралдык оюндар боюнча балдарга болгон иш аракети:***

- Балдарга берилген тема боюнча өнөктөш менен диалог түзүүгө үйрөтүү. Спектаклдердин каармандарынын сөздөрүн жаттоо жөндөмүн калыптандыруу,

визуалдык- угуу жөндөмүн, эс тутумун, байкоочулугун, образдуу ой жүгүртүүсүн, фантазиясын, элестетүүсүн, аткаруучулук өнөргө кызыгуусун өркүндөтүү.

- Буйрукка же музыкалык сигналга өзүм билемдик менен жооп берүү жөндөмүн, кыймыл-аракетти координациялоону өркүндөтүү, берилген текстти жаттап алууну жана аларды образдуу жеткирүүгө үйрөнүү.

- Сүйлөө демин жана туура артикуляцияны, так дикцияны, ар кандай интонацияны, сүйлөөнүн логикасын иштеп чыгуу; чакан аңгемелерди жана жомокторду түзүүгө, эң жөнөкөй рифмаларды тандоого үйрөтүү; тилдеги бурмалоолорду жана ырларды айтуу, сөз байлыгын толуктоо.

- Ар кандай эмоционалдык абалды билдирүүчү интонацияны (кайгылуу, кубанычтуу, ачууланган, таң калган, сүйүнгөн, жалооруй ж.б.) колдонуу жөндөмүн өркүндөтүү.

***Дидактикалык оюндар***

Дидактикалык оюндар –балдарга максаттуу түрдө тарбиялоо жана окутуу үчүн түзүлгөн эрежеси бар оюндардын бир түрү. Дидактикалык оюндардын жардамы менен балдар предметтерди сырткы белгилери боюнча да, алардын багыты боюнча да салыштырганга жана топтоштурганга; маселелерди чечкенге үйрөнүшөт; Аларда көңүлдү топтоо, көңүл буруу, тырышчаактык, таанып билүү жөндөмдөрү өнүгөт.

Дидактикалык оюндар балдарды ар тараптуу өнүктүрүүдө ролу чон. Алар:

- Музыкалык-дидактикалык оюндар,
- Математикалык дидактикалык оюндар
- Кепти өстүрүүчү дидактикалык оюндар
- Жөнөкөй математикалык түшүнүктөрдү өнүктүрүүчү дидактикалык оюндар
- Жаратылыш жана курчап турган дүйнө менен таанышууда,
- Сенсордук маданиятты өнүктүрүүчү дидактикалык оюндар.

***Кыймылдуу оюндар***

Кыймылдуу оюндар - Мүнөздүү өзгөчөлүгү организмге жана баланын инсандык сапаттарынын баарына таасир этиши: физикалык, психикалык, адеп-ахлактык, эстетикалык жана эмгек тарбиясы бир эле мезгилде оюнда жүзөгө ашырылат. Оюндун жүрүшүндө балдар бардык катышуучулар үчүн милдеттүү болгон эрежелер боюнча иш алып барышат. Эрежелер балдардын жүрүм-турумун жөнгө салат жана өз ара жардамдашуунун, коллективизмдин, чынчылдыктын жана тартиптин өнүгүшүнө өбөлгө түзөт. Ошол эле учурда эрежелерди сактоо менен тоскоолдуктарды жеңүү үчүн эрктүүлүк сапаттары - чыдамкайлыкты, эр жүрөктүүлүктү, чечкиндүүлүктү, терс эмоцияларга туруштук бере билүүнү тарбиялайт.

Кыймылдуу оюндарда бала максатка жетүү үчүн кандай иш-аракет кылышы керектигин өзү чечиши керек. Шарттардын тез жана кээде күтүлбөгөн жерден өзгөрүшү, баланы пайда болгон көйгөйлөрдү чечүүнүн жаңы жолдорун издөөгө мажбурлайт. Мунун бардыгы өз алдынчалыкты, жигердүүлүктүн, демилгелүүлүктүн, чыгармачылыктын, тапкычтыктын өнүгүшүнө өбөлгө түзөт.

***Элдик оюндар***

Элдик оюндар баланы тарбиялоодо жана өнүктүрүүдө өзгөчө бир орунда турат. Оюн ишмердүүлүгүнүн жүрүшүндө ага рухий жана моралдык-этикалык баалулуктар катары эсептелген: достук, меймандостук, адамдар менен болгон карым-катнаш, улууларга болгон урмат-сый, ата-энелерди сыйлоо ж.б. көрүнүштөр чагылдырылган. Кичинекей бөбөктөрүбүз жогоркудай баалулуктарды кабыл алуу менен бирге алардын кыймыл-жөндөмдөрү, жогорку психикалык функциялары: кабыл алуусу, көңүл буруусу, эс тутуму, ой жүгүртүүсү жана сүйлөө речи өнүгөт.

Тарбиячы педагогикалык процесске элдик оюнду кошуу менен балдарды «ойногонго» жана ошону менен бирге кыргыздын маданий мурастарын ала жүргөн, ата-журттун патриоту, элдик адеп-ахлак салттарын, гуманизм идеяларын тутунган, эли-жерин сүйгөн, сыйлаган, өз тилинде сүйлөгөн келечек муундарын, адал мээнетти бийик адамдык нарк деп баалаган инсанды тарбиялайт.

## 16. ТЕМА: БАЛДАРДЫ КӨРКӨМ АДАБИЙ ЧЫГАРМАЛАР МЕНЕН ТААНЫШТЫРУУ ЖАНА ИШТӨӨНҮН УСУЛДАРЫ.

**Максаты:** балдарды көркөм адабий чыгармалар тааныштыруу жана иштөөнүн усулдарын калыптандыруу.

**Базалык түшүнүктөр:** Жомок, ырлар, оозеки чыгармачылык, жаңылмачтар, балдар жомогу, курактык өзгөчөлүгү, кабыл алуу, ачык суроолор, жабык суроолор, ой жүгүртүү.

**Күтүлүүчү натыйжалар:** Балдардын жашоосунда жомоктун ролу тууралуу билимдерди, анын ичинде мектепке чейинки кенже курактагы (3−4 жашта) балдардын жомокторду (аңгемелерди) кабыл алуу өзгөчөлүктөрү тууралуу; мектепке чейинки орто курактагы балдар (4−5 жашта) үчүн жомоктордун (аңгемелердин) өзгөчөлүктөрү тууралуу; жомокторду (аңгемелерди) көркөм окуунун, айтып берүүнүн жана суроо берүүнүн ыкмалары тууралуу билимдерди алышат жана практика жүзүндө колдонушат.

**Кыскача түшүндүрмөсү:**

### Мектеп жашына чейинки балдарды көркөм чыгармалар менен кантип тааныштырабыз?

Көркөм чыгармаларды балдар ар башкача кабыл алышат жана аларга карата ар түрдүү мамиле кылышат. Көркөм чыгармалар менен балдар эрте жаш курагында таанышса, алардын өнүгүүсүнө чоң таасирин тийгизет. Алардын:

• сезимдерин ойготот;

• чыгарманын мазмунун эмоционалдуу кабыл алуусуна көмөктөшөт;

• сөздүн тыбыштык курамын жана интонациялык байлыгын аныктайт;

• ритмди, рифманы сезүүсү, чыгармачыл элестетүүсү, позитивдүү
ой жүгүртүүсү өнүгөт;

• көп кырдуу айлана-чөйрөнүн таасирлерин кабыл алууга жана
аларды сөздүн жардамы менен билдирүүгө көмөктөшөт;

• сөздөрдү так, туура тандоого үйрөтөт.

Көркөм чыгармалар менен бирге балдардын поэтикалык чыгармаларды да туура кабыл алуусу үчүн, окулган ырдын эмне тууралуу экендигин түшүнүүсү зарыл. Ырларды түшүнүү угармандардын белгилүү билимдеринин, көндүмдөрүнүн, керек болсо турмуштук тажрыйбасынын бар болгондугу менен шартталат. Ошондуктан, тарбиячы балдардын жаш өзгөчөлүгүн, өнүгүү деңгээлин жана тажрыйбасын эске алууга тийиш.

*Балдардын ырларды түшүнүп, кайрадан айтып берүүсүнө төмөнкү факторлор таасир этет*:

• Ырлардын мазмунуна жана формасынын ийкемдүүлүгүнө болгон балдардын кызыгуусу.
• Балдардын жеке табитине, кызыгууларына ырдын жакындыгы.
• Көркөм сүрөт чыгармачылыгына кызыгуу.
• Улуу адамдардын ырды көркөмдөп окуп берүүсү.
• Өзүнүн чыгармачыл жөндөмүн көрсөтүү мүмкүнчүлүгү
• Поэзиялык чыгармаларды окутуунун системалуулугу.
• Балдардын ырларды түшүнүү көндүмдөрүн өздөштүрүүсү.

**Балдардын жашоосунда жомоктун ролу**

Балдардын өнүгүүсүндө жомоктун ролу көп кырдуу: балдардын фантазиясын, ой жүгүртүүсүн жана туура сүйлөөсүн өнүктүрөт, сөздүгүн байытат, логикалык байланыштуу кепти өнүктүрүүгө жардам берет. Жомоктордун таасири астында бөбөктөр эмоционалдуу, образдуу жана кооз сүйлөп башташат. Бул сыйкырдуу окуялар балдарды мамилелешүүгө, суроолорду берүүгө, сөздөрдү, сөз айкалышууларды жана сүйлөмдөрдү түзүүгө түрткү берет.

**Мектепке чейинки кенже курактагы (3−4 жашта) балдардын жомокторду (аңгемелерди) кабыл алуу өзгөчөлүктөрү.**

Балдар үчүн жомокторду (аңгемелерди) туура тандоо зарыл. Балдардын китепке болгон кызыгуусу абдан эрте эле пайда болот. Алгач бала улуулардын китепти окуп бергенине жана анын барактарын барактап, сүрөттөрүн кароого кызыгат. Сүрөттөргө карата кызыгуу менен катар текстке да кызыгуу пайда болот. Баланын 3 жаш кезинде эле китептин каарманына, анын тагдырына кызыгуусун арттырууга болот, наристени чыгарманын окуяларынын жүрүшүн ээрчүүгө жана өзүнө жаңы болгон сезимдерге батууга багыттоого болот.Балдарга мазмуну кыскартылган жана башка тилден туура эмес которулган жомокторду окубагыла, алардын мааниси жок.

Мектепке чейинки кенже курактагы (3−4 жашта) балдардын жомокторду (аңгемелерди) кабыл алуусунда төмөнкүлөр мүнөздүү:

- баланын өздүк тажрыйбасынан адабий текстти түшүнүүсүнүн көз карандылыгы;
- окуялар биринин артынан бири уланганда, алардын ортосундагы байланышты оңой түзө алышы;
- балдардын көңүл буруусунун борборунда – негизги каарман, бирок балдар анын ой-толгоолорун жана кылык-жоруктарынын каалоолорун көпчүлүк учурда түшүнүшпөйт;
- балдардын каармандарга болгон эмоционалдык мамилеси ачык – даана көрүнөт;
- балдарда кептин ритмикалык түзүлүшүнө карата багыттуулугу байкалат.

3−4 жаштагы балдарга бир эле жомокту кайра-кайра окуп же айтып берүү зарыл. Ошондо гана бала жомоктун маани-маңызын түшүнөт. Жомоктун (аңгеменин) маңызы

түшүнүктүү болуп калганда, көпчүлүк учурда, балдар ага карата кызыгуусун жоготушат. Ар бир бала жомоктон өзү үчүн өзгөчө кызыктуу нерсени табат.

Мектепке чейинки кенже куракта (3−4 жашта) тарбиячы көркөм адабияттын жанрын өзү айтат: «жомокту айтып берем, ырды окуп берем, аңгемени окуп берем». Бул куракта дагы бир көйгөйдү айтып кетсек болот: көпчүлүк балдардын дикциясы начар болуп, тыбыштарды туура айта алышпайт. Ошондуктан балдарды тыбыштарды так жана туура айтууга үйрөтүү керек, сөздөрдү жана сөз айкалыштарын кайталатуу керек, жаңы сөздөр баланын активдүү сөздүгүнө киришине жагымдуу шарттарды түзүү керек.

**Мектепке чейинки орто куррактагы балдар (4−5 жашта) үчүн жомоктордун (аңгемелердин) өзгөчөлүктөрү.**

Балдардын көркөм адабиятты кабыл алуусу мектеп жашына чейинки мезгил бою өнүгөт жана өркүндөйт.

Мектепке чейинки орто куракта (4−5 жашта) турмуштук жана адабий тажрыйбасы кеңейген сайын баланын адабий текстти кабыл алуусунда жана түшүнүүсүндө кээ бир өзгөрүүлөр пайда болот. Балдар чыгарманын сюжетиндеги окуялар ортосундагы жөнөкөй байланыштарды түзүп, каармандардын кылык-жоруктарын туура баалай алышат. 5 жашка караган бала сөзгө маани берип, түшүнүүгө аракет кылат, сөздү бир нече жолу кайталоого умтулат, сөзгө карай кызыгуу менен эмоционалдуу жооп кайтарат.

Мектепке чейинки орто куракта (4−5 жашта) кенже куррактагыдай эле, тарбиячы көркөм адабияттын жанрын өзү айтат. Окулган чыгарма боюнча аңгемелешүүнү жүргүзүп, чыгармага талдоо кылууга мүмкүнчүлүк пайда болот. Балдар суроолорго жооп берүүгө үйрөнүшөт:

Эмне жөнүндө баяндалат? Кандай сөздөр менен башталды жана кандай сөздөр менен аякталды? Жомок (аңгеме) жактыбы? Аңгемелешүү балдардын ой жүгүртүүсүн өнүктүрөт, чыгарманын каармандары тууралуу өз оюн айтууга, мамилесин билдирүүгө, каармандардын кылык жоруктарын туура баалоого, алардын адептик сапаттарын аныктоого, чыгармага, көркөм сөзгө, грамматикалык түзүлүшкө кызыгууларын өнүктүрүүгө мүмкүндүк берет.

Мектепке чейинки кенже куракта (3−4 жашта) дагы, орто куракта (4−5 жашта) дагы жомокторду (аңгемелерди) тандоонун чен өлчөмдөрү (критерийлери) бирдей эле болот.

Жомокторду (аңгемелерди) тандоонун чен-өлчөмдөрү (критерийлери) төмөнкүдөй болушу мүмкүн:

• сюжети кызыктуу, жөнөкөй жана композициясы ачык;

• баланын кабыл алуусуна түшүнүктүү;

• мазмуну боюнча кыска, аларда бир же бир нече, биринин артынан бири уланган окуя чагылдырылышы керек;

• жеткиликтүү;

• акырындык менен татаалдануу аркылуу кичинекей балдарда туруктуу көңүл буруусу өнүгөт, алар коллективдик сабактарга билинбей тартылышат;

• жакшы иллюстрацияланган, кооз жана ачык өңдөгү кооздолгон жомок балдардын көңүлүн бурат, ошондой эле жомок окуунун максат жана милдеттерине жараша, тартылган предметтерди, алардын сапатын, мүнөздүү белгилерин жана тартылган сүрөттөрдүн бардык бөлүктөрү ортосундагы байланыштарды табууга жардам берүү үчүн балдарга суроолор берилиши мүмкүн.

## Жомокторду (аңгемелерди) көркөм окуунун, айтып берүүнүн жана суроо берүүнүн ыкмалары кандай?

Жомокторду (аңгемелерди) тандоодон сырткары, аларды көркөм окуу же айтып берүү дагы өзүнчө чоң даярдыктарды талап кылат. Жомокту (аңгемени) окуп жаткан адам сөзсүз балдардын курактык өзгөчөлүгүн эске алуусу керек, себеби кабыл алуу, түшүнүү, угуу, эмоционалдык сезимдердин ойгонушу ар бир мектепке чейинки куракта ар башкача. Балдардын жомокторду кабыл алуу өзгөчөлүктөрүнө бир топ педагогикалык изилдөөлөр арналган.

Белгилеп кетүүчү нерсе, мектепке чейинки кенже (3−4 жашта) жана орто куракта (4−5 жашта) жомокторду (аңгемелерди) көркөм окуу жана айтып берүүдө тарбиячынын (ата-эненин, ким жомокту окуп берип жатса, ошол адамдын) чыгармачылыгы негизги орунду ээлейт. Бир эле жомокту ар түрдүү: образдарга кирип, эмоционалдуу, жаңсоолорду кошуу менен, үндөрдү тууроо менен көркөм окуп, айтып берсе болот, ал үчүн абдан чоң ички эркиндик болушу зарыл, себеби кичинекей балдар, бөбөктөр жасалмалулукту дароо байкашат, ушундан улам ишенбөөчүлүк пайда болот.

Көпчүлүк учурда жомокту айтып берген соң, жабык суроолордун тизмеги берилет:- бул бирден-бир "ооба" же "жок" деп жооп берүүгө мүмкүн болгон суроолор жана чоң адамдын интонациясынан туура жоопту болжолдоого болот. Мындай суроолор ойлонууну талап кылбайт.

Мисалы: Түлкүдөй куу болбош керекпи? Балдардын жообу: ооба

Андыктан өсүп келе жаткан муундун туура багытта өнүгүшү үчүн, туура суроолорду берүү сунушталат т.а. кандай гана окуя болбосун анын себеп натыйжа байланыштарын түшүнүүдөн башталат.

Балдар үчүн себеп-натыйжа байланыштарын түшүнүү кыйынга турат – ал эми чоңдор үчүн алар балага түшүнүктүүдөй болуп көрүнөт. Эгерде тарбиячы окуялардын себептери жөнүндө суроо бербесе, алардын ырааттуулугуна гана токтолсо, анда балдар “Эмне үчүн?” эмне себептен? деген суроолорго жооп бербей, жомокту жөн гана жаттап алганы менен кайталап айтып беришет (кээде жомоктун дал өзүндөй айтып беришет).

- Себеп-натыйжа байланыштарын түшүндүрүүнү талап кылган суроолорду алдын ала ойлоп табуу керек.
- Жомоктогу бардык негизги окуялар боюнча Ачык суроолор берилет: Эмне үчүн? Эмнеге? Кантип? Эмне себептен? Кандай деп ойлойсунар?
- Жомоктогу окуялардын ырааттуулугу боюнча гана эмес, себеп-натыйжа байланыштары боюнча да суроолор берилет;
- Ар кандай каармандар кырдаалды кандай түшүнөт деген суроолор берилет.
- Жомоктун башында талкуулоо адатта өзүнчө киришүүнү талап кылат.

Мисалы:

**1. Жомокту айтып бергенге чейин.**

Балдар жомоктун сюжети кандай өнүгөрү жөнүндө божомолдоолорду, жоромолдоолорду (фантазиясына, элестетүүлөрүнө жараша) түзө билүүсү керек. Бул жомокту түшүнүү процессин көзөмөлдөөгө мүмкүнчүлүк берет – жомокту угуп жатып, бала окуганга чейин коюлган суроолорго жооп табууга аракет кылат. Мындай аракеттер жомокту терең түшүнүп угууга шарт түзөт.

**2.Жомоктун ортосу**

Жомок ортосунда күтүлбөгөн окуялардан кантип чыгып кетүүсү, чечимдерди талдай билүүсү, себеп натыйжа байланыштарына жараша жоопторду берүүсү

**3.Жомоктун аягы**

Жыйынтыгында (чыгарманын каарманы, кандай окуялар болду жана алардын ырааттуулугу, окуянын орду жана мезгили) таба билүүгө, жомоктогу окуяларды жалпылай алууга, аларды салыштыра жана карама-каршы коё билүүгө, талдай алууга, өз оюн айта алууга жана өзүнүн түшүнүүсүн баалай билүүгө үйрөтүү керек.

## 17.ТЕМА: ИЗИЛДӨӨ-БАЙКОО ЖҮРГҮЗҮҮ

**Максаты:** Изилдөө жана байкоо жүргүзүү боюнча билимдерди берүү.

**Базалык түшүнүктөр:** Изилдөө, байкоо жүргүзүү, тажрыйба, эксперимент, далилдөө, курчап турган айлана-чөйрө, табият, кубулуш ж.б.

**Күтүлүүчү натыйжалар:**

- Угуучулар мектепке чейинки балдар үчүн тажрыйбалардын маанилүлүгүн калыптандырышат;
- Эксперимент өткөрүү процессин өздөштүрүшөт;
- Эксперимент жасоо -сабагынын түзүмү тууралуу билимдерге ээ болушат.

**Кыскача түшүндүрмөсү:**

**Мектепке чейинки балдар үчүн тажрыйбалардын маанилүлүгү?**

Изилдөө иши - бул баланын табигый абалы, ал курчап турган дүйнөнү таанып билүүгө ыңгайлаштырылган, ал ар тараптуу билгиси келет: кагазды айрып, эмне болуп жаткандыгын карайт; кардын калыңдыгын өлчөйт, пияздын өсүшүн көзөмөлдөйт ж.б. Булардын бардыгы изилдөө объектилери. Бала аны менен практикалык иш-аракет процессинде үйрөнөт.

Эксперименттер бул дүйнөнү байкоого, жакшыраак таанууга жардам берет. Эгерде сиз ар бир кубулушту сөз менен сүрөттөсөңүз, анда бала бир нерсени түшүнбөй калышы мүмкүн ал бул көрүнүштү элестете албайт. Ошондой эле, көрсөтмө куралдарсыз окуу процесси тажатма жана бир өңчөй мүнөзгө ээ. Физика же химия сабактарында өзүңүздү эсиңизден чыгарбаңыз, формулалар жана көйгөйлөр жөнүндө уккандан көрө, мугалим кандайча тажрыйба жүргүзүп жаткандыгын байкоо кызыктуу. Ошо сыяктуу эле, балдар үчүн иш-аракеттердин визуалдык коштоосу жөнөкөй сүйлөшүүгө же түшүндүрүүгө караганда алда канча жакшы кабыл алынат.

***Сабакты - эксперимент жасоону өткөрүү процесси***

- Маселенин теориясын иликтөө боюнча алдын ала жасалуучу иштер (саякат, байкоо, окуу, маектешүү, кароо, сүрөтүн салуу).
- Эксперимент жасоо сабагынын тибин, түрүн жана тематикасын аныктоо.
- Балдар менен иштөөнүн максаттарын, милдеттерин (таанып билүүчүлүк, өнүктүрүүчү, тарбиялоочу милдеттер) тандоо.
- Көңүл буруунун, кабыл алуунун, эс тутумдун, ой жүгүртүүнүн оюн тренинги.
- Окуу куралдарын, жабдууларын пайдалануу менен, алдын ала изилдөө иши.

- Балдардын курагын эске алуу менен, өтүлүп жаткан тема боюнча окуу куралдарын жана жабдууларды тандоо жана даярдоо.
- Изилдөөнүн натыйжаларына балдар өз алдынча келүү максатында байкоонун натыйжаларын түрдүү формаларда (байкоо күндөлүгү, таблицалар, сүрөттөр, пиктограммалар, аңгемелер. сүрөттөр ж.б.) жалпылоо.

***Эксперимент жасоо сабагынын түзүмү***

- изилдөө милдеттерин коюу;
- көңүл буруу, эс тутум, ой жүгүртүү логикасы тренинги;
- эксперимент өткөрүүнүн жүрүшүндө турмуш-тиричилик коопсуздугунун эрежелерин тактоо; изилдөө планын тактоо;
- жабдууларды тандоо жана балдар менен изилдөө аймагына жайгаштыруу.
- балдарды майда топторго бөлүштүрүү;
- эксперимент жасоодон алынган натыйжаларды талдоо жана жалпылоо.

***Изилдөө төмөнкү түшүнүктөрдү калыптандырууну билдирет:***

- Материалдар (кум, чопо, кагаз, чүпүрөк, жыгач) жөнүндө.
- Жаратылыш кубулуштары (шамал, кар көчкү, күн, суу; шамал, кар менен оюн ж.б.) тууралуу.
- Өсүмдүктөр дүйнөсү (уруктан, тоголок тамырдан, жалбырактан өстүрүү ыкмалары) жөнүндө.
- Объектини изилдөө ыкмалары тууралуу.
- Предметтик дүйнө жөнүндө.

Изилдөө-эксперимент жасоо процессинде сенсордук белгилерди, касиеттерди, кубулуштарды же жаратылыш объектин (түс, форма, көлөм; тырышат, сынат; бийик, ылдый, алыс; жумшак, катуу, жылуу ж.б.) билдирген сөздөрдүн эсебинен балдардын сөз байлыгы өсөт.

## 18. ТЕМА: БАЛДАРДЫ ӨСТҮРҮҮНҮН ЖАНА ОКУТУУНУН ЗАМАНБАП ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫ. STEAM БИЛИМ БЕРҮҮ, КЕЙС, ТРИЗ ТЕХНОЛОГИЯСЫ.

**Максаты:** Балдарды өстүрүүнүн жана окутуунун заманбап технологиялары. STEAM билим берүү, Кейс, ТРИЗ технологиясы боюнча билимдерди берүү.

**Базалык түшүнүктөр:** Заманбап технология, билимдерүү, окутуу, өнүктүрүү, STEAM билим берүү, Кейс технологиясы, ТРИЗ технологиясы.

**Күтүлүүчү натыйжалар:** Угуучулар балдарды окутуунун жана өнүктүрүүнүн заманбап технологияларын, анын ичинде STEAM билим берүү, Кейс технологиясы, ТРИЗ технологиясы тууралуу маалыматтарды кененирээк алышат жана практика жүзүндө иш алып барышат.

**Кыскача түшүндүрмөсү:**

Бүгүнкү балдардын көз карашы, жаратмандыгы, талабы, муктаждыгы 21 чи кылымдагы көндүмдөрдү талап кылат экен. Учурда биз балдарга өтө турган

сабактарыбызды, жаратмандык менен билим берүү мазмунун жаңыланткан, жаңы ыкманы колдонгон, жаңыча көз караштагы заманбап педагог болушубуз зарыл болуп жатат. Ошону менен бирге жаңыча ыкманы колдонуп, балдар сүйгөн сабакты түзүүбүз зарыл болуп турат.

Андыктан балдардын креативдүүлүгүн, сабаттуулугун, чыгармачылыгын, жаратмандык ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү үчүн заманбап технологиялардын колдонулушу зарыл.

**STEAM билим берүү**

Өнүгүүнүн бирдиктүү схемасы, жаңы билим берүү технологиясы, ал беш багыттын куюлушунда негизделген-бул коомдук илимдер, технология, инженердик искусство, чыгармачылык, математика.

**STEAM билим берүүнүн артыкчылыгы**

- Предметтер боюнча эмес, а темалар боюнча интегрирленген окутуу.
- Реалдуу турмушта илимий-техникалык билимдерди колдонуу.
- Өз күчтөрүнө ишенүүчүлүктү калыптандыруу.
- Активдүү коммуникация жана командалык иш.
- Техникалык тартиптерге карата кызыкчылыктын өнүгүшү.
- Долбоорлорго карата креативдүү жана инновациялык мамилелер.
- Ар бир баланын куруктык жана индивидуалдуу өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен балалык ишмердиктин түрлөрү аркылуу техникалык чыгармачылыкка карата мотивациянын өнүгүшү
- Эрте профессионалдык багыт алуу.
- Жашоонун технологиялык инновацияларына карата балдарды даярдоо.

**STEAM билим берүүнү мектепке чейинки уюмдардын шарттарында кантип ишке ашырса болот?**

Ийгиликтүү иштердин милдеттүү шарттары болуп актуалдуу предметтик-мейкиндик чөйрөлөрүн:

-бүтүндөй сыяктуу, ошондой эле өз алдынчалыктуу ишмердик үчүн жабдуунун жеткиликтүүлүгүн;

-долбоорлук жана эксперименталдык-изилдөөчүлүк ишмердикти уюштурууну;

-мейкиндикте оюндук колдонмолордун жана материалдардын айкалышын;

-жыйынтыктарды демонстрациялоо мүмкүнчүлүгүн;

-STEAM компетенцияларына педагогикалык кадрлардын квалификациясын жогорулатууну түзүү эсептелет.

**STEAM билим берүүнүн модулдары**

-Ф.Фребелдин дидактикалык системасы.

-Жандуу жана жансыз жаратылыш менен экспериментирлөө.

-Математикалык өнүгүү.

-Лего конструкциялоо

-Робототехника.

-Мультстудия: “Мен дүйнөнү жаратам”.

**Триз технологиясы**

ТРИЗ - оригиналдуу идеяларды табуу жана чыгармачыл инсанды өнүктүрүү үчүн уникалдуу курал.

**Максаты:**

Балдардын фантазиясын өнүктүрүү үчүн эле эмес, аларды системалуу ойлонууга, болуп жаткан процесстерди түшүнүүгө, курчап турган дүйнөнүн биримдигин жана карама-каршылыгын түшүнүүгө үйрөтүү.

Тарбиячы баланы ойлонуучу инсандын абалына кое турган салттуу эмес тапшырмалардын түрлөрүн колдонот. Себеби мектепке чейинки куракка ыңгайлаштырылган заманбап технология балага «Бардык нерседе чыгармачылык!» деген ураандын астында билим берүүгө жана тарбиялоого мүмкүндүк берет.

ТРИЗ технологиясы менен мектепке чейинки билим берүүнүн салттуу ыкмалардан айырмасы – балдарга суроолорго өз алдынча жооп табуу, көйгөйлөрдү чечүү, талдоо жана чоңдордун айткандарын кайталабоо мүмкүнчүлүгүн берет.

**Кантип колдонобуз?**

- **тандоо эркиндиги** (кандайдыр бир окутууда же башкаруу иш-аракетинде балага тандоо укугун берүү);
- **ачыктык** (балага ачык көйгөйлөр менен иштөө мүмкүнчүлүгүн берүү (бирден бир туура чечими жок);
- **активдүүлүк** (практикалык ишмердүүлүк ар кандай чыгармачылык тапшырмага негизделиши керек);
- **кайтарым байланыш** (тарбиячы балдардын психикалык операцияларды өздөштүрүү процессине такай көз салып тура алат, анткени жаңы чыгармачылык тапшырмаларда мурункулардын элементтери бар);
- **идеалдуулук** (чыгармачылык тапшырмалар атайын жабдууларды талап кылбайт жана балдардын мүмкүнчүлүктөрүн, билимдерин жана кызыкчылыктарын максималдуу пайдаланууга мүмкүндүк берүүчү ар кандай иштин бир бөлүгү болушу мүмкүн).

## Кейс технологиясы

Кейс «case» технологиясы латынча "casus" деген сөздөн келип чыккан - чаташкан, адаттан тышкаркы учур; жана ошондой эле англисче "case" - портфель, чемодан.

Кейс технологиясы - бул кырдаалды талдоо методу болгон окутуу технологияларынын жалпы аталышы. Кейс технологиясы - билимди гана өздөштүрүүгө эмес, жаңы сапаттарды жана көндүмдөрдү өркүндөтүүгө багытталган, чыныгы же ойдон чыгарылган кырдаалдарга негизделген окутуунун интерактивдүү технологиясы.

***Кейс мектепке чейинки билим беруу уюмдарында:***

Мектепке чейинки курактагы балдар кырдаалды изилдеп, көйгөйдү түшүнүп, андан кийин тарбиячыга мүмкүн болгон чечимдерди сунуштап, чоңдор менен биргеликте көйгөйдү чечүүнүн оптималдуу жолун тандашы керек.

***Кейсте колдонулуучу суроолор***

Талкуулоо процессинде тарбиячы адатта суроолорго жооп берүүдөн алыс болууга аракет кылат. Тескерисинче, ал суроолорду берип, балдарга өздөрү жооп берүү үчүн сөз берет.

Кырдаалды талдоодо мугалимдин негизги суроолору: “Сиз эмне кылдыңыз?”, “Андан көрө эмне кылса болот эле?”, “Бул маселени кантип чечсеңиз болот?”, “Биз эмне кыла алдык?”, “Кандай көйгөй бар?”, "Эмне болушу мүмкүн жана эмне алып келиши мүмкүн, эгерде ...?"

**Кейсти кантип түзөбүз?**

Бул үчүн төмөнкүлөрдү эке алышыбыз керек:

- Теманын аныкталышы жана изилдөө суроосу - балдар үчүн кызыктуу болушу керек.
- «Конкреттүү кырдаал» т.а. изилдөө объектисин туура тандоо
- Кейсти пландаштыруу, материал топтоо жана анализдөө;
- Чечимдерди издөө, кырдаалды андан ары өнүктүрүүнүн мүмкүн болгон жолдорун талкуулоо;
- Кырдаалды андан ары талкуулоо үчүн суроону түзүү.

*Мисалы: Кейс көйгөйлүү кырдаалды кошуу менен*
*Максаты:* Балдардын өз пикирин аргументтер менен коргой билүүсүнө багытталган.
*Милдети:* форс-мажордук кырдаалда ар кандай чечимдерди сунуштоо.

- конструктивдүү диалог жүргүзүү мүмкүнчүлүгү.
- эң ылайыктуу чечимдерди тандап алуу мүмкүнчүлүгү.

*Кырдаал:*

- Бала бакчадан балдар сейилдөөгө даярданып, жылуу кийимдерин кийине башташты. Асан өзүнүң шкафынан топусун таба алган жок.

***Балдарга көйгөйдү киргизүү учуру:***
- Эгер эшикке топусуз чыксак үшүп калабыз? Эмне кылуу керек?
***Тарбиячынын милдети балдардын экиден же андан ашык жоопторду берүүсү:***
- Топуну издөө. Топуну тапкан жокпуз
- Капюшонду киебиз. Капюшонубуз да жок
- Топуну катып койгон баланы издөө. Эч ким мойнуна албай жатат.
- Топунун ордуна башка шарф оронуу. Ал эми шарфты кайдан алабыз?

## 19. ТЕМА: АЙЛАНА ЧӨЙРӨ МЕНЕН ТААНЫШТЫРУУ

**Максаты:** Угуучуларга айлана-чөйрө менен таанышуу процессинде балдардын билүүгө болгон ынтызарлыгын жана таанып билүү кызыкчылыктарын өстүрүү билимдерин берүү.

**Базалык түшүнүктөр:** Айлана-чөйрө менен тааныштыруу, кубулуштар, кеп маданияты, баарлашуу, көрүү туюму, предметтик сыпаттоо, дидактикалык оюндар, сөз байлык, интеллектуалдык өсүш.

**Күтүлүүчү натыйжалар:** Угуучулар, курчап турган дүйнө жөнүндө иштин уюштурулушу тууралуу жана айлана чөйрө менен тааныштыруудагы ыкмалар тууралуу билимдерди бекемдешет.

**Кыскача түшүндүрмөсү:**

Мектепке чейинки куракта балдар курчап турган дүйнөнү активдүү изилдешет. Баланын жаңы нерселерди билүүгө болгон табигый муктаждыгы өтө күчтүү жана ымыркайга аны толук түшүнүүгө мүмкүнчүлүк берүү абдан маанилүү.

Мектепке чейинки курактагы балдардын дүйнө таанымы негизинен **эмоционалдык жол** менен пайда болот. Балдар баардык айлана чөйрөсүндөгу нерселерди жаркын, тустуу,

өзгөчө болгондугу учун көңүл бурушат.

**Балдарга курчап турган дүйнө жөнүндө тааныштыруу төмөнкү багыттар боюнча жүргүзүлүшү мүмкүн:**

**Адам**. Баланын өзү, үй бүлөсү, достору жөнүндөгү билим.

**Жандуу жаратылыш** (өсүмдүктөр жана жаныбарлар тирүү организм катары, алардын жалпы белгилери, окшоштуктары жана айырмачылыктары, өзгөчө муктаждыктары (жылуулукка, сууга, абага, топуракка, өсүмдүк бөлүктөрүнүн түзүлүшү, функциялары жана мааниси, өсүмдүктөрдүн бөлүктөрүнүн өзгөрүшү, анын аткарылган функция менен байланышы, жансыз жаратылыш факторлорунун таасири (суу, жарык, жылуулук, топурак) жана алардын жансыз жаратылышка таасири)

**Жансыз жаратылыш** (заттардын касиеттери жана белгилери: суу, аба, кум, чопо, таштар, кара топурак (топурактын түшүмдүү бөлүгү, заттардын үч агрегаттык абалы (газ, суюк, катуу, касиеттери жана сапаттары, бир абалдан экинчи абалга өтүү, суунун айланышы) жаратылышта ж.б.)

**Физикалык кубулуштар** (жарык, анын касиеттери жана белгилери, оптикалык түзүлүштөр; түстөрдү түзүү; магниттешүү процесси, компас; салмак жана салмаксыздык, тартылуу күчү, салмакты өлчөө, басым, түртүү жана түртүүчү күч, сүрүлүү, энергияны бир өткөрүү.)

***Айлана чөйрө менен тааныштыруудагы ыкмалары:***

- Оозеки – баарлашуулар, китептер, аудио, видео.
- Визуалдык – байкоо, объекттерди, сүрөттөрдү, мультфильмдерди кароо.
- Практикалык - оюндар, иш-аракеттер, тажрыйбалар, эксперименттер.

## 20.ТЕМА: КЕПТИ ӨСТҮРҮҮ САБАГЫ

**Максаты:** Балдардын оозеки кебин калыптандыруу, айланадагылар менен кеп аркылуу баарлашуу көндүмдөрүн өнүктүрүүнү, баланын эне тилдин бардык каражаттарын пайдалануу, өз оюн туура жана айланадасындагыларга түшүнүктүү айта билүү билгичтиктерин өнүктүрүүнү тарбиячыларга берүү.

**Базалык түшүнүктөр:** Кеп маданияты, баарлашуу, диалог, көркөм адабият, байланыштуу кеп, көрүү туюму, предметтик сыпаттоо, дидактикалык оюндар, сөз байлык, интеллектуалдык өсүш, логопед, кептин грамматикасы, сабаттуулук.

**Күтүлүүчү натыйжалар:**

- ✓ Ой жүгүртүүсүн, кепти уга билүүсүн, көрүп эстеп калуусун, майда жана жалпы моторикасын, мейкиндикке багыт алуусун өстүрүү билимдерин калыптандыруу;
- ✓ Биргелешип иштөө көндүмдөрүн калыптандыруу, тапшырманы аткарууда жопкерличиктүү мамиле кылуу, өз алдынчалуулук демилгелүүлүк сапаттарын арттыруу билимдери.

**Кыскача түшүндүрмөсү:**

Адам баласы бул дүйнөгө келген соң айлана-чөйрө менен, коом менен байланышуу үчүн, **өзүнүн** муктаждыктарын билдирүү үчүн, жалпы жонунан жашоо үчүн баарлашуу процессине таянат экен. Ал психикалык жана эмоционалдык өнүгүүдө чоң роль ойнойт. Кичинекей бала топтогон билимдин, ойногон оюндарында, үй-бүлөсү менен баарлашуу учурунда, тарбиячынын уюштурган сабактары менен бала эне тилинин грамматикасынын негизги эрежелерин иш жүзүндө үйрөнөт жана аларды оозеки сүйлөөдө колдонот.

Кептин өнүгушу ар бир бала үчүн ар кандай пайда болгон татаал процесс. Өнүктүрүү процессинин тууралыгы жана өз убагында өнугушу көбүнчө сүйлөө чөйрөсүнө, практикасына, тарбиясына жана билимине көз каранды.

***Балдардын сүйлөө, окуу жана сабаттуулук жөндөмдөрү төмөнкүлөргө байланыштуу:***

**Сөз байлыгын кенейтүү;** Балдарды айлана-чөйрө менен тааныштыруу аркылуу алардын сүйлөөсүн өнүктүрүү, сөз байлыгын байытуу. Сөздүк боюнча иш балдарды айлана-чөйрө менен тааныштыруу аркылуу жүргүзүлөт. Балдарды буюмдар, окуялар, өсүмдүктөр, жаныбарлар дүйнөсү, чоңдордун эмгеги ж.б.у.с. менен тааныштыруу процессинде алардын касиеттерин, мүнөздөмөлөрүн айтып түшүндүрүп берүү зарыл.

**Үн маданиятын калыптандыруу:** Биринчи кезекте, бала үндөрдү туура айта билиши керек. Сүйлөө жаатындагы иш фонетикага жана тилдик ортопедияга негизделген. Чоңдорду туурап, бала сөздөрдөгү акцентти туура колдонууну үйрөнөт, эне тилинин интонациялык жагын өздөштүрөт жана сөздөрдү туура айтууга үйрөнөт.

**Сүйлөө речинин грамматикалык структурасын калыптандыруу;** Мектепке чейинки балдар грамматикалык эрежелерди жатка билбейт, ээ, баяндооч, байламта, мүчө эмне экенин да билишпейт. Ал мунун баарын иш жүзүндө өздөштүрөт, чоңдордун сөзүн угат, өзү менен күнүмдүк жашоодо, оюндарда сүйлөшөт. Бала оозеки баарлашуу тажрыйбасына ээ болгон сон, аң-сезимсиз эмпирикалык лингвистикалык жалпылоолор (рефлекс), тилдин сезүү сезими пайда болот.

**Байланыштуу кепти калыптандыруу (Диалог жана монологдуу сүйлөө)**

Диалог балдарды окутууда жана тарбиялоодо чоң мааниге ээ. Мектепке чейинки курактагы балдар менен баарлашуу - бул балдардын күнүмдүк иш-аракеттеринде жана ар кандай окуяларга байкоо жүргүзүүдө пайда болгон түшүнүктөрдү аныктоодо эң маанилүү милдет. Баланын сөзүн калыпка келтирүү - башкалардын сүйлөгөн сөзүн угуу жана түшүнүү, баарлашууну сактоо, жооп берүү жана суроолорду берүү. Баланын сүйлөө тилинин өнүгүү деңгээли тилдин лексикасына жана грамматикасына байланыштуу. Баланы оозеки сүйлөөгө үйрөтүү анын маданий сүйлөөгө катышуу даражасынан да көз каранды.

Монологдуу сүйлөө. Балдарды мектепке даярдоодо монологдук сүйлөөнү өркүндөтүү өтө маанилүү. Монологдук сүйлөө баладан өз көз-карашын так жана ырааттуу билдиришин талап кылат, ал эми бала аны 5-6 жашында өздөштүрө баштайт. Ушул жашта логикалык ой жүгүртүү өнүгөт, бала көп сөз байлыгын топтойт, тилдин грамматикалык структурасына ээ болот.

**Окууга жана сабаттуулукка даярдануу**

Бала бакчада балдардын сүйлөөсүн өнүктүрүү боюнча бардык педагогикалык иштер аларды мектепке даярдоого багытталган. Мектептеги балдар алдында сүйлөө, башкаларды угуу, алардын сүйлөө маани-маңызын түшүнүү, керек болсо досунун реакциясын толуктоо

же оңдоо үчүн эң маанилүү ресурстардын бири.

**Көркөм адабият менен таанышуу.**

Балдардын көркөм адабияты ар тараптуу билим берүү милдеттерин аткарууга жана баланын инсандыгын жакшыртууга жардам берет. Бул баланын адам жашоосу жөнүндөгү билимин кеңейтет жана анын эмоционалдык тажрыйбасын байытат. Кичи көлөмдүү ырларды интонация менен жаттоо ж.б.у.с. Бала жомокту же ырды укканда сүйүнөт. Бул эмоционалдык жооп баланын көркөм адабиятты эстетикалык кабыл алуусунун, башкача айтканда, аны көркөм чыгарма катары кабыл алуу жөндөмүнүн жана балдарда адеп-ахлактык сапаттардын калыптанышына өбөлгө түзөт.

**Балдардын кебин өнүктүрүүдөгү негизги талаптар**

**Тарбиячынын милдети:**

- Балдардын сүйлөө демин, артикуляциялык жана майда моторикасын өркүндөтүү. Үндөрдүн, сөздөрдүн, сүйлөмдөрдүн туура айтылышын туруктуу көзөмөлдөө.
- Бардык режимдик учурларда балдардын сөз байлыгын активдештирүү, байытуу жана тактоо.
- Балдар менен баарлашуу учурунда балдардын сүйлөөсүнүн грамматикалык тууралыгын көзөмөлдөө.
- Байланыштуу кепти калыптандыруу
- Оюн көнүгүүлөрүндө көңүлдү, эс тутумду, элестетүүнү өнүктүрүү.
- Баарлашуу кырдаалын түзүү,
- Сүйлөө үчүн өзүн-өзү башкаруу жана сынчыл мамиле көндүмдөрүн калыптандыруу,
- Угуу жана сүйлөө, угуу-сүйлөө эс тутумун, угуу контролун, оозеки эс тутумду өнүктүрүү боюнча иштерди жүргүзүү,
- Сүйлөөнүн интонациялык жагына көңүл буруу.
- Кепти өнүктүрүүнүн түрдүү   ыкмаларын колдонуу.

## 21.ТЕМА: ЖӨНӨКӨЙ МАТЕМАТИКАЛЫК ТҮШҮНҮКТӨРДҮ КАЛЫПТАНДЫРУУ

**Максаты:**

Математикалык билимдин негиздерин жана айлана чөйрөнү математикалык аңдап түшүнүүгө кызыгуусун калыптандыруу, көрсөтмөлүү-образдуу ойлоону өнүктүрүү, балдардын математикалык жөндөмүнүн көрүнүшүн өнүктүрүү боюнча тарбиячыларды даярдоо

**Базалык түшүнүктөр:**

Математикалык жөндөм, мейкиндик, сандар жана цифралар, предметтер, чен өлчөмдөр, геометриялык фигуралар, катыштар, касиеттер, фигуралар, акыл-эс жөндөмү, логикалык ойлоосу.

**Күтүлүүчү натыйжалар:**

- Угуучулар математика билиминин негизги багыттарын: сандар менен тааныштыруу, көлөм, убакытты кабыл алуунун өзгөчөлүктөрү, геометриялык фигуралар менен тааныштыруу мейкиндикте багыт алуунун өзгөчөлүктөрү тууралуу билимдерди

бекемдешет. Ошону менен бирге жөнөкөй математикалык түшүнүктөрдү окутууда түрдүү ыкмаларды колдонуу билимдерин өздөштүрүшөт.

**Кыскача түшүндүрмөсү:**

Мектепке чейинки курак – баланын когнитивдик, адеп-ахлактык, физикалык, чыгармачылык өнүгүүсү өзгөчө интенсивдүү болгон мезгил. Тактап айтканда, бала 5-6 жашка чейин келечекте ага пайдалуу болгон жалпы ой жүгүртүү жөндөмүнүн жарымынан көбүн өздөштүрүп алат. Ошондуктан ага өзгөчө көңүл буруу керек. Айрыкча, дал ушул куракта биринчи математикалык жөндөм балада сакталууга тийиш.

**Эмне үчүн маанилүү?**

- Математика эң маанилүү сабактардын бири. Бирок дал ушул сабак көбүнчө балдар үчүн бир топ кыйынчылыктарды жаратат.
- Математика өзгөчө өнүктүрүү касиетине ээ. «Ал акылды тартипке келтирет», Бул предметти изилдөө баланын логикалык ой жүгүртүү ишмердигинин ыкмаларын жана акыл сапатын эң жакшы калыптандырат, эс тутумду, кепти, кыялданууну, эмоцияны өнүктүрүүгө жардам берет;
- Математикалык көндүмдөр эмоционалдык-эрктүү чөйрөнү өркүндөтүп, туруктуулукту, тырышчаактыкты,чыдамкайлыкты жана максатка умтулууну калыптандырат
- Баланын фантазиясынын негиздерин, инсандын чыгармачыл дараметин калыптандырат.

***Сабактар бала үчүн чындап эле кызыктуу болушу үчүн, маалымат алар тарабынан тезирээк жана оңой берилүүсү үчүн, алар төмөнкү сунуштарды эске алуу менен түзүлүшү керек:***

- Баланын жаш курагын жана башка жеке өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен тандалып алынган визуалдык дидактикалык материалды колдонуу;
- Сабактын так сюжетинин ойлонулушу, ага ылайык баланын өнүгүшү ишке ашат;
- Баланын жаш өзгөчөлүгүнө, анын интеллектуалдык өнүгүү деңгээлине ылайык тапшырмаларды тандоо;
- Иштин негизин түзүү үчүн түрдүү ыкмаларды жана формаларды колдонуу (буларга логикалык маселелерди чечүү, дидактикалык оюндар, таркатма материалдар менен иштөө ж.б. кирет).
- Тапшырманын ар тараптуулугу (мейкиндиктик, убакыттык, сандык боюнча өнүктүрүүгө басым жасоо)
- Сабактарды өткөрүүнүн оюн формасын колдонуу
- Оюн технологиясын калыптандырууга басым жасоо; сюрпризидик жана табышмактык элементтерди кошуу.
- Балага билимдин жана көндүмдөрдүн белгилүү бир тутумун өздөштүрүүсүнө гана жардам бербестен, анын өз алдынча таанып-билүү иш-аракетин, өз алдынча ой жүгүртүүсүно шарт тузуу ж.б.
- Баланын негизги когнитивдик процесстерин өнүктүрүү үчүн оптималдуу өнүгүү чөйрөсүн түзүү

- Балдарга предметтердин сандык жана сапаттык өзгөчөлүктөрүн кабыл алууга үйрөтүү, туура ойлорду калыптандыруу

***Математика билиминин негизги багыттары:***

Сандар менен тааныштыруу:

- Балдар сандарды оңой жана кызыгуу менен үйрөнүшөт. Бирок, алар көбүнчө контуру окшош сандарды айырмалоодо кыйынчылыктарга дуушар болушат: 1 жана 4, 2 жана 5, 6 жана 9. Ошондуктан, бир сан менен таанышканда, анын контурун карап чыгып, кандай тааныш санга окшош экендигин эстеп калууну сунуштап, аларды контур менен салыштырып көр. , жалпы жана алардын кандайча айырмаланарын бөлүп көрсөтүү.
- ***Сандарды балдарга берүүдө жакшы эсте калуу үчүн*** :
- ПРАКТИКАЛЫК. нымдуу кумга сандарды тарттыруу, пластилинден жасоо, кагазга сүрөт тартуу.
- ОБРАЗДУУ. Санга образдуу турдө кайсы жандыкка окшоштугу боюнча образ беруу, көрунушу, божомолдоп, сүрөт тартуу.
- МОДЕЛДӨӨ. Фигураны таякчалардан же жиптерден, көчөдөгү бактардын бутактарынан жайып, кичинекей нерселерден (төө буурчак, буурчак ж.б.) моделдеп жасоо.
- ЛОГИКАЛЫК. Цифраларды бири-бири менен салыштыруу, цифраларды классификациялоо (кандай саптары бар, алардын бардыгы канча).
- САНДАРЫ БАР КАРТОЧКАЛАР.

**Көлөм**

- Экспериментке жана изилдөөгө балдардын демилгелерин кубаттагыла. Алсак, чоңдукту, көлөмдү, форманы аныктоо үчүн көрсөтмө ыкмаларын сунуш кылгыла.
- Балдарды көрсөтмө куралга таянуу менен белгилер боюнча буюмдарды классификациялоого үйрөткүлө
- Буюмдардын өсүүчү (кемүүчү) тартипте жайгашуусун талап кылган оюндарды жана оюнчуктарды колдонгула (матрешкалар, пирамидалар, кубиктер ж.б.)

***Убакытты кабыл алуу өзгөчөлүктөрү***

- Балдар бул түшүнүктөрдү канчалык өздөштүргөнүн тактоо үчүн убакыт түшүнүктөрү жөнүндө балдар менен маектешкиле
- Сүйлөп жатканда дайыма: бүгүн, эртең, кечээ деген сөздөрдү колдонгула, анткени бул түшүнүктөр салыштырма мүнөздө болот жана балдар аларды кыйындык менен өздөштүрөт
- Балада сутканын мезгили жөнүндө түшүнүктү калыптандырып, бул аталыштарды балдар жана аларга жакын чон кишилер эртең менен, күндүз, кечинде, түнкүсүн жасаган нерселер менен байланыштыргыла
- Убакытты өлчөө үчүн атайын түзүлүш -(дубалга тагылган саат) саат бар экенин түшүндүргүлө. Алар цифралары бар циферблат, чон (саат) жана кичине (мүнөт) жебелер менен жабдылган, алар так убакытты көрсөтөт
- Балдардын сааттагы убакытты аныктоого демилгесин кубаттагыла

***Мейкиндикте багыт алуу өзгөчөлүктөрү***

- Балдарды өзүнүн денесине карата мейкиндикте багытты табууну үйрөтө баштагыла, анткени балдар багыттарды «алдыны» - өздөрүнүн бети, ал эми артты – «далысы» менен байланыштырат
- Динамикалык сабактар - эртең мененки гимнастика, дене тарбиясы, ритмика, бий кыймылдары мейкиндикте багыт табууга балдардын жөндөмдөрүн калыптандырууда алда канча натыйжалуу болуп саналат
- Алар ар кандай көнүгүүлөрдүн жана кыймылдардын учурунда колдонулуучу бардык зарыл «математикалык» түшүнүктөрдү камтыйт. Тизүүдө: бири-биринин артына, артта турган, алдыда турган; кайра тизүү учурунда: жармашып чыгуу, астына кирүү (алдына, үстүнө); капталга бурулган учурда (солго, онго, алдыга, артка); басып же чуркап баратканда (алга, артка); топ тээп баратканда (төмөнтөн, жогортодон берүү) ж.б.
- Балдарды тегиздикте багыт таба билүүгө жана анда тапшырылган буюмдардын, сүрөттөрдүн, фишкалардын, оюнчуктардын жана башкалардын жайгашкан ордун аныктай билүүгө үйрөтүү үчүн сабактардын учурунда ар кандай нерселердин бетин (альбом барагын, столду, окуу тактасын) колдонгула
- Сүрөт ишинин сабактарында балдарды кагаздын барагында багыт табууга жана ортодо, төмөндө, өйдөдө, жогорку оң же төмөнкү сол бурчта деген сөздөрдү колдонуу менен сүрөттөрдү жана буюмдарды жайгаштырууга үйрөткүлө
- Балдарды сол жана оң колду так таанууга жана көрсөтүүгө үйрөткүлө

***Геометриялык фигуралар менен тааныштыруу***

- Формалардын көп түрдүүлүгү жөнүндө математикалык түшүнүктөрдү калыптанды руу үчүн (өзгөчө үч-беш жаштагы балдарда) жакшы көрсөтүү үчүн кум менен ойноону жана кум үчүн формаларды колдонгула

***Математиканы окутууда түрдүү ыкмаларды колдонуу***

- Оюндук;
- практикалык
- визуалдык;
- оозеки;
- традициондук эмес.

***Мектепке чейинки балдардын математикалык өнүгүүсү үчүн предметтик өнүктүрүү чөйрөсүн түзүү чоң роль ойнойт.***

Максаттуу уюштурулган предметтик өнүктүрүү чөйрөсү ар түрдүү объекттерге жана оюн материалдарына бай ыңгайлуу чөйрөнү балдарга камсыздайт. Балдардын билимин бекемдөө үчүн материалдар болушу керек: түстөр, сандар, өлчөмдөр, формалар ж.б. Материалдын жасалгасы кооз, түркүн түстүү, эстетикалык жактан аткарылып, бала аны эркин колдонууга тийиш. Мисалы: Балдар түстүү топту ыргытуу менен топтун түстөрүн жана жайгашкан жерин бекемдешет: бийик – төмөн. Жомоктун каармандары менен санакты алдыга жана артка эсептөөнү үйрөтүүгө жардам берет.

***Математика күнүмдүк режимде.***

Балдарды математиканы үйрөтүүгө даярдоо боюнча көп ишти күнүмдүк режимдерде алып барса болот: *түшкү же эртең мененки тамак учурунда* (тарелкада тамагыбыз толтура, аны жесек тарелкада аз калат). *Сейилдөө үчүн кийинип жатканда* (чоң киши менен

баланын кол каптарын салыштыруу; бут кийимдердин кайсы бутта экенин аныктоо - оң же сол; тигил же бул кийимдин түсү кандай). *Сейилдөө учурунда* - бир дарак бийик, экинчиси жапыз ж.б.; *оюн иш-чараларында* (балдарды куурчактарга өлчөмүнө жараша кийим-кече кийгизүү жана идиш тандоого чакыруу; чоң жана кичине унаалар үчүн ар кандай өлчөмдөгү гараждарды, саноо таяктарынан квадрат курдуруу ж.б.)

***Жөнөкөй математикалык түшүнүктөрдү калыптандыруу сабагын өтүүдөгү кошумча сунуштар:***

Сабактарды пландаштырууда балдардын көп эмес (бир түшүнүктөн ашык эмес) сандагы математикалык терминдерди, элементтерди, фигураларды гана өздөштүрүүгө кудуретин эске алгыла

Бир темадан башкасына өткөндө, балдар жаны билимдерди мурда өздөштүрүлгөндөр менен байланыштыра алышы үчүн өтүлгөн материалдарды сөзсүз бекемдегиле

Тапшырмаларды ар кандай варианттарда бир нече жолу кайталагыла (үч-жети жаштагы балдар үчүн - сегиз жолуга чейин кайталоо)

Окутуунун оюн ыкмаларын колдонгула, анын ичинде цифралар жөнүндө кызыктуу ырларды жаттоо, тамашалуу тапшырмаларды, ыр тапшырмаларды чечүү ж.б.)

Балдарда жөнөкөй математикалык түшүнүктөрдү өнүктүрүү боюнча сабактарда дидактикалык оюндарды, логикалык гимнастиканы, викторина сабактарды жана башкаларды колдонгула

Окуу процессин сюрприздер, күтүүсүз абалдар, жомоктордун жана мультфильмдердин каармандарынын пайда болушу жана укмуштуу саякаттар менен коштогула

Математикалык түшүнүктөр жөнүндө суроолордун жана ой жүгүртүүлөрдүн жардамы менен балдарды талдоого жана синтезге кызыктыргыла. Мисалы, балдардын көңүлүн курулуш мезгилинин ичинде алардын өскөнүнө бургула

Балдарды математикалык түшүнүктөрдүн негиздерине үйрөтүүдө кызматташтык жана өнөктөштүк ыкмаларын колдонгула. Балага «Сеники туура эмес» деп кесе айтууга болбойт, «дагы ойлонуп көр» деп айтуу керек

## 22. ТЕМА: МЕКТЕПКЕ ЧЕЙИНКИ БИЛИМ БЕРҮҮНҮН ПЕДАГОГДОРУ ҮЧҮН «БИЛИМДҮҮ МУУН» САНАРИП ОКУУ ПЛАТФОРМАСЫ

**Максаты:** Мектепке чейинки билим берүүнүн педагогдору үчүн «БИЛИМДҮҮ МУУН» санарип окуу платформасы менен тааныштыруу.

**Базалык түшүнүктөр:** Билимдүү муун, санарип платформа, колдонуу, интернет, тарбиячы, сабактар, каражат.

**Күтүлүүчү натыйжалар:** Угуучулар «БИЛИМДҮҮ МУУН» санарип окуу платформасы менен таанышышат жана практика жүзүндө колдонууну үйрөнүшөт.

**Кыскача түшүндүрмөсү:**

Заманбап билим берүү системасын маалыматтык - коммуникациялык технологияларсыз, салттуу каражаттарды жана окутуу ыкмаларын МКТ каражаттары менен айкалыштыруусуз элестетүү мүмкүн эмес.

Мунун негизинде 2021-жылдын 23-ноябрында Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги жана ЮНИСЕФ менен биргеликте балдардын окуусун жана өнүгүүсүн колдоо боюнча жаңы санариптик демилгени сунушташты.

Бул мектепке чейинки билим берүүнүн педагогдору, ата- энелер үчүн санарип окуу платформасы - «Билимдүү муун».


«Билимдүү муун» -Окуу платформасы ЮНИСЕФ тарабынан берилген жана Microsoft корпорациясы тарабынан колдоого алынган глобалдык окуу платформасы

Платформа мектепке чейинки билим берүүнүн педагогдору үчүн туруктуу интернет байланышын талап кылбаган мобилдик тиркемеге же браузерге негизделген сабактарга мүмкүнчүлүк берет.


**Платформаны колдонуу**

**https://kyrgyzstan.learningpassport.unicef.org/**

Платформарга жогоруда көрсөтүлгөн ссылка же Q-код аркылуу кириңиздер





***1 этап)*** Телефон номериңизди терүү аркылуу платформага байланышасыз. Анын негизинде сиздин номеринизге 6 орундуу код жөнөтүлөт.




***2 этап)*** Система сиздин номериңизди аккаунт катары ачып, профилиңизди толтурууну сунуштайт.

- Аты жөнүңүз, фамилияңыз
- Жынысыңыз
- Жашыңыз
- Облусу
- Кайсы тайпада иштейсиз

***3-этап)*** сизге ылайыктуу тилди тандоо




***4-этап)*** Бөлүмдөр менен таанышуу

- Даярдоо тобу
- Жогорку топ
- Кенже топ
- Балдар үчүн китептер
- Документтер
- Золотой ключик
- Инклюзия/Кыргыз тили/Новые виды обучения/Разновозрастные группы (тесттик режимде)
- Таажы вирусу – COVID -19
- Инсталяционный курс «Услуга дошкольного образования, предоставляемая индивидуальным предпринимателем»

**Жаңыдан эмгектенген педагогдор үчүн өз билимин жогорулатуу курстарынын Окуу -тематикалык планына тесттик суроолор**

1. Кыргыз Республикасынын "Мектепке чейинки билим берүү жана балдарды багуу" акыркы, жаңыланган билим берүү стандарты кайсы жылы кабыл алынган?
    **А) 2020-жылдын 29-июнундагы N 363 токтому менен бекитилген**
    Б) 2021-жылдын 29-июнундагы N 363 токтому менен бекитилген
    В) 2022-жылдын 29-июнундагы N 363 токтому менен бекитилген
2. Мектепке чейинки балдардын негизги ишмердүүлүгүн атаңыз:
    А). эмгек ишмердүүлүгү
    Б). эстетикалык өнүгүүсү
    **В). оюн ишмердүүлүгү**
3. Баланы тарбиялоодо колдонулбаган ыкмаларды аныктаңыз:
    А). социалдык жүрүм-турум эрежелерине көрсөтмө
    **Б). физикалык жазалоо**
    В). тажрыйбаларды колдонуу
4. «Балалык» кайсы курактагы балдар үчүн даярдалган программа?
    А) 3-6 жаштагы балдар
    Б) 6-7 жаштагы балдар
    В) 0-3 жаштагы балдар
5. Элементардык математикалык көрүнүштөрдү калыптандыруу боюнча программаларында кайсы бөлүм каралбайт:
    А). сан жана эсептөө
    **Б). моделдөө**
    В). мейкиндикте жана убакытта багытталышы
6. Педагогикалык кубулуштарды таанып билүү методу:
    **А). педагогикалык тажрыйбалар**
    Б). адабияттарды окуу, угуу
    В). Оюн, ролдук оюндар
7. Баланын маалыматты үйрөнүү жана кабылдоо, эске тутуу, түшүнүктөрдү калыптандыруу, маселелерди чечүү, элестетүү жана ой жүгүртүү процесинин баардык түрлөрүн өнүктүрүү аркылуу көйгөйлөрдү чече алуу жөндөмдүүлүгү
    А). социалдык-эмоциялык өнүктүрүү
    **Б). таанып билүү (когнитивдик) өнүктүрүү**
    В). Дене бойдун саламаттыгы жана моториканын өнүктүрүү
8. Мектепке чейинки курактагы балдарда коопсуздук маданиятынын негиздерин калыптандыруу боюнча тарбиячылардын иш-аракеттеринин милдеттери:
    А) Балдарда сенсордук жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү
    Б) Когнитивдик кабыл алуусу болгон көңүл буруу, эс тутум, сезүү, ой жүгүртүү, сүйлөө, кызыгуусун өнүктүрүү
    **В) коркунучтун булактары, аларды алдын алуу жана жоюу каражаттары жөнүндө идеяларды калыптандыруу**
9. STEM билим берүүнүн чечмелениши?
    а) окуу, жазуу, жаттоо жана айтуу
    б) билим, тарбия, эмгек жана оюн

**в) илим, технология, инженерия жана математика**

10. Тарбиячынын кесиптик компетенттүүлүгү

**а) Тарбия берүү, багуу жана өнүктүрүү**

б) коопсуздугун сактоо, ойнотуу

в) багуу, көзөмөлгө алуу

11. Мектепке чейинки балдарга курчап турган айлана-чөйрө менен таанышуудагы уюштуруу формасы?

а) сабактар

б) адабий чыгармаларды өз алдынча окуу

**в) Байкоо жүргүзүү**

12. Сабаттуулукка жана жазганга үйрөтүүдөгү милдеттерди белгилеңиз:

а) Балдарга мейкиндиктик кабыл алуу өзгөчөлүктөрүн калыптандыруу

б) Оюн ишмердүүлүгүнүн негизинде ой жүгүртүүнү өнүктүрүү

**в) Муундап жана кошуп окуу көндүмдөрүн өнүктүрүү**

13. Көйгөйлүү жагдайлар болгондо педагог:

а) Баланын көңүлүн башка максатка буруу.

б) Туура эмес журум турум үчүн баланы жазалоо;

**в) Балага социалдык туура болгон жолдор менен максатына жетүүгө үйрөтүү;**

14. Балдарга өнүктүрүүчү чөйрөнү түзүү ...

а) тайпанын интерьери

б) оюн бурчу

**в) Активдүүлүк бурчтары ( илим, окуу, оюн, драма, сүрөт, суу, жана кум, ачык аянтча)**

15. Элементардык математикалык көрүнүштөрдү калыптандыруу боюнча программаларында кайсы бөлүм каралбай:

А) сан жана эсептөө

**Б) тамга жана тыбыш**

В) мейкиндиктик жана убакыттын багытталышы

16. Кейс технологиясын колдонуу менен балдар эмнени өздөштүрөт?

а) Тыбыштарды туура жана так айтканга

б) Борборлордо өз алдынча ишмердүүлүк жүргүзө алуусу

**в) Балдардын өз алдынча көйгөйлөрдү чече билүүсү**

17. Алтынай куурчагына тамак берип жатат, ал эми Айжан апасы болуп ага кам көрүүдө. Бул оюндун кандай формасы

а) театралдык оюндар

**б) сюжеттик-ролдук оюндар**

в) кыймылдуу оюндар

18. Мектепке чейинки курактагы баланын таанып-билүү активдүүлүгү

а) жүрүм-турумун изилдөө.

б) ден соолукту чыңдоо

**в) таанып-билүүчүлүк, кызыгуу;**

19. Физикалык тарбиялоонун негизги каражаттары

**а) Жеке гигиена, туура тамактануу, уйку**

б) Кыймыл жөндөмүн жетилтүү

в) Сүрөт тартуу, аппликация чаптоо

20. Үй бүлөө төмөнкү функцияларды аткарат....

а) **Социалдык көзөмөл**

б) Тарбия

в) Мактоо

21. Майда моторика деген эмне?

а) **нерв, бурчуң жана сөөк системасынын биргелешкен аракетинин жыйындысы жана колдорунун манжалары менен так кыймылдарды аткаруу**

б) балдарды майда топторго бөлүү

в) көрсөтмө - практикалык ыкмалардын майда жыйындысы

22. Математика сабактары кандай милдеттерди аткарат?

А) лексиканы байытат, сөздөрдү жекелик жана көптүк санда колдонууну үйрөнөт, сүйлөмдөгү сөздөрдүн ырааттуулугу жана толук ойдун берилиши калыптанат

**Б) кабылдоочулук иш-аракеттеринин негизинде буюмдардын ар кандай белгилерин жана касиеттерин - түсү, формасы, көлөмү, алардын мейкиндиктеги жайгашуусу, саны жөнүндөгү түшүнүктөрү калыптанат.**

В) сүйлөө речи, сүйлөмдөгү сөздөрдүн ырааттуулугу, логикалык ой жүгүртүүсү жана эстетикалык кабыл алуусу калыптанат.

23. Таанып билүү процесстери төмөнкүлөр:

**А) эс тутум, ой жүгүртүү, кабыл алуу, элестетүү, көңүл буруу**

Б) оюн, изилдөө, эксперимент жүргүзүү, байкоо

В) майда моторика жана ири моторика

24. Тыныгуулар (Физминутка) эмне үчүн керек?

А) балдардын коопсуздугун көзөмөлдөө үчүн

**Б) психикалык жана эмоционалдык стрессти азайтуу жана ашыкча иштөөнүн алдын алуу үчүн**

В) логикалык ой-жүгүртүүсүн өстүрүү үчүн

25. Графикалык моториканы өнүктүрүү үчүн сунуштар?

**А) майда предметтер менен манупуляциялоо, абага, кумга, кагазка, сүрөт** тарттыруу, манжа көнүгүүлөрүн үйрөтүү

Б) балдарды көбүрөөк жаздыруу

В) дидактикалык оюндарды колдонуу

26. Эстетикалык өнүгүү бул…

**А) кооздукка, сулуулукка болгон мамиле**

Б) Оюнга болгон мамиле

В) коомго болгон мамиле

27. Дидактикалык оюн деген эмне?

А) балдардын эрежеге баш ийген кыймылдуу оюндардын топтому

Б) куурчактардын жардамы менен көркөм аткарган оюндардын бири

**В) балдарга максаттуу түрдө тарбиялоо жана окутуу үчүн түзүлгөн эрежеси бар оюндардын бир түрү.**

**28. Жомок айтып берүүдө балдарга кандай суроолорду колдонобуз?**

А) Жабык суроолор

**Б) Ачык суроолор**

В) Ар кандай суроолор

29. Триз технологиясы бул

А) тажрыйбалар, эксперименттер

Б) кайтарым байланыш

**В) чыгармачылык, жаратмандык**

30. Балдардын сөз байлыгын кеңейтүү, үн маданиятын калыптандыруу, байланыштуу кепти өркүндөтүү, көркөм адабият менен тааныштыруу – бул кайсы сабакка тиешелүү

А) Айлана чөйрө менен тааныштыруу

**Б) Кепти өстүрүү**

В) Көркөм адабият

31. Балдардын кебин өнүктүрүүдөгү тарбиячынын милдети:

**А) Балдардын сүйлөө демин, артикуляциясын жана майда моторикасын өркүндөтүү.**

Б) Майда моторикасын өнүктүрүү

В) чыгармачылык жөндөмүн өнүктүрүү

32. «БИЛИМДҮҮ МУУН» кимдер үчүн платформа?

А) Мектепке чейинки курактагы балдар үчүн

**Б) Мектепке чейинки билим берүүнүн тарбиячылары жана ата-энелер үчүн**

В) Мектеп жашындагы балдар үчүн

33. «БИЛИМДҮҮ МУУН» платформасын колдонуудагы өзгөчөлүк?

**А) туруктуу интернет байланышын талап кылбайт**

Б) мобилдик тиркеме болгондуктан телефонго көчүрүү болот

В) аккаунт, профиль түзүлбөйт.

34. Кимдер үй тибиндеги бала бакча ача алат?

А) Диплому бар педагогдор гана

Б) Мектепке чейинки билим берүүнүн педагогдору гана

**В) Мектепке чейинки билим берүү кызматын көрсөтүүнү каалаган (катталган жана жашаган дарегине көз каранды эмес) Кыргыз Республикасынын 18 жаштан өйдө атуулу жарандар**

35. «Нариасте» программасы…

**А) Балдарды мектепке даярдоо 480 сааттык программа**

Б) 3-6 жашка чейинки балдарды өнүктүрүү программа

В) кыска мөөнөттөгү балдарды өнүктүрүү программа

36. Мектепке чейинки билим берүү уюмдарында балдар менен иштеген, баланын өмүрүнүн коопсуздугун көзөмөлдөгөн, баланын ар тараптуу өнүгүүсү (багуу, тарбия берүү, билим берүү) үчүн шарттарды түзгөн кызматкер ким?

**А) тарбиячы**

Б) жардамчы тарбиячы

В) жетекчи

37. Балдар менен мамилесинде эмнелерди таптакыр жасоого болбойт?

А) Баарына бирдей көңүл буруууга

Б) Балдардын эмоцияларына таасир этүүгө

В**) Балдардын кылык-жоруктарын жана каталарын балдардын алдында талкуулоо.**

38. Эртен мененки көнүүгүлөр эмне үчүн керек?

 А) **баланын организминин активдүүлүгүн жана көрсөткүчтөрүн жогорулатууга жана туура дене түзүлүшүн калыптандырууга багытталган.**

 Б) физикалык жөндөмдүүлүктөрдү өнүктүрүү үчүн

 В) майда жана ири моториканы өнүктүрүү үчүн багытталган

39. Оюндардын социалдык мотиви, балдардын эмоционалдык абалы, эрежелерди сактоо жана кызыгуусу, өз алдынчалыгы, чыгармачылыгы, оюндун сюжетинин болушу, ойдон чыгарылган кырдаалдын болушу -кайсы оюнга мүнөздүү?

 А)Кыймылдуу оюн

 Б) Театралдык оюн

 В**) Сюжеттик ролдук оюн**

40. «Наристе» программасы кайсы куракка ылайыкталган?

 А) 3-6 жаштагы балдар үчүн

 **Б)6-7 жаштагы балдар үчүн**

 В) 0-3 жаштагы балдар үчүн

41. Балдардын фантазиясын, ой жүгүртүүсүн жана туура сүйлөөсүн, сөздүгүн байытып, логикалык байланыштуу кепти өнүктүрүүгө жардам берген уюштуруу форманын түрү?

 **А)Жомок**

 Б) оюн

 В) Байкоо жүргүзүү

42. Балдар жомоктун сюжети кандай өнүгөрү жөнүндө божомолдоолорду, жоромолдоолорду (фантазиясына, элестетүүлөрүнө жараша) түзө билүүсү. Бул жомокту түшүнүү процессин көзөмөлдөөгө мүмкүнчүлүк берет – жомокту угуп жатып, бала окуганга чейин коюлган суроолорго жооп табууга аракет кылат. Мындай аракеттер жомокту терең түшүнүп угууга шарт түзөт. Жогоруда айтылган түшүндүрмө кайсы убакта айтылат?

 **А) Жомоктун башында**

 Б) Жомоктун ортосунда

 В) Жомоктун аягында

43. Ф.Фребелдин дидактикалык системасы/ Жандуу жана жансыз жаратылыш менен экспериментирлөө/ Математикалык өнүгүү/ Лего конcттукциялоо / Робототехника/ Мультстудия: “Мен дүйнөнү жаратам”- бул бөлүмдөр…

 А) КАДАМ АРТЫНА КАДАМ

 **Б) STEAM**

 В)МОНТЕССОРИ ПЕДАГОГИКАСЫ

44. Кырдаалды талдоо методу болгон окутуу технологияларынын жалпы аталышы?

 А) Оюн технологиясы

 Б) ТРИЗ технологиясы

 **В) Кейс технологиясы**

45. Үн маданиятын калыптандыруудагы көнүгүүлөр?

 **А) дем алуу көнүгүүлөрү**

 Б) манжа көнүгүүлөрү

В) жалпы тулку бой үчүн көнүгүүлөр

46. Мектепке чейинки билим берүү стандартында эмнелер камтылган?

**А) сабактардын пландары, күн тартиби, топторду бөлүү**

Б) методикалык ыкмалар жана технологиялар

В) билим берүү программалары

47. Кейсте кандай  суроолорду колдонобуз?

**А) Ачык суроолорду**

Б) Жабык суроолорду

В) ар кандай суроолорду

48. Балдар менен баарлашууда кандай эрежелерди сактоо керек?

А) Балдарды кемсинтүү, аларга кыйкыруу,

**Б) Балаңызга жеке инсан катары мамиле жасаңыз.**

В) Топко чөгүңкү, капалуу маанайда келүү.

49. Бала бакчада өнүгүү чөйрөсү кандай болушу керек?

**А) баланы курчап турган дүйнөнү таанып билүүгө жардам берүүчү;**

Б) эмоционалдык абалына оң таасир этүүчү жана баланын деңгээлинен бийик болушу

В) ата-энелер үчүн кызыктуу, жагымдуу жана өзүнө тартуучу.

50. Баардык балдарды дискриминациялоону жоюу, башкача айтканда тил, улут, дене өсүшү, интеллектуалдык, психикалык өзгөчөлуктөруно карабастан бардык балдарды билим берүү системасына кошуу болуп саналган билим берүү?

А) Когнитивдик билим берүү

Б) STEAM билим берүү

**В) Инклюзивдик билим берүү**

**«Мектепке чейинки билим берүү уюмдарында балдарды тарбиялоо жана өнүктүрүү» программасына кейстик тапшырмалар**

Тапшырма №1

Мектепке чейинки билим берүү стандартындагы балдарды өнүктүрүүнүн тармактарын изилдөө жана колдонуу чөйрөсүн байкоо

Презентация "Мектепке чейинки билим берүүнүн стандарты эмне үчүн керек"?

Тапшырма №2

Мектепке чейинки билим берүү уюмдарында балдарды тарбиялоодо, билим берүүдө, өнүктүрүүдөгү жуурулушкан формасы уюштуруу

А) Менин үй бүлөм
Б) Күз мезгили
В) Оюнчуктар

"Менин сабагымдын иштелмеси" мастер класс.

А) Менин үй бүлөм
Б) Күз мезгили
В) Оюнчуктар

Тапшырма №3

Тарбиячынын негизги иш кагаздарын изилдөө жана байкоо

Презентация "Профессионал тарбиячы"

Тапшырма №4

Балдардын бала бакчадагы балдардын кабыл алуусунан тартып, кетүүсүнө чейинки бир күндүк режимди байкоо

Презентация "Тайпа ичиндеги уюштуруу иштери"

Тапшырма №5

Мектепке чейинки билим берүү уюмдарында коопсуз жана өнүктүрүүчү чөйрөнү байкоо

Презентация « Менин бакчамдагы өнүктүрүү чөйрөсү»

Тапшырма №6

Бала бакча менен үй-бүлөнүн ортосундагы кызматташтыктын милдеттерин схемалоо

Презентация: Ата-энелер менен иш алып баруудагы "күчтүү" жана "алсыз" тараптар

*Педагогикалык кырдаал:*

Тарбиячы балдардын алып кетип жаткан кээ бир ата-энелерге уулунун же кызынын жаман жүрүм-турумуна (сабакта ызы-чуу салган, бирөө менен урушуп кеткен, шкафка жакшы салбаган ж.б.) нааразы болуп, ата-энелеринен ...

Ал эмнени сурап жатат деп ойлойсуз:

-  үйгө барганда туура эмес жүрүм туруму үчүн "чара көрүү";

 үйгө барганда балдар менен жаман жүрүм-турумунун себептери жөнүндө сүйлөшүү

Тапшырма №7

Педагогикалык кырдаал:
Үч жаштагы Акылай сейилдөө үчүн кийине баштады, бирок азырынча курткасын, колготкисин жана топуларын чыгарып, башка балдардан артта калды.
Эмне кылуу керек:

- Акылайга тез кийинүүгө жардам берүү,
- Балдарды Акылай өзү кийингенге чейин күтүүгө чакыруу,
- аны жардамчы тарбиячыга калтырып кетүү.

Варианттарыңызды атаңыз жана алардын себептерин айтыңыз.

Презентация «0 жаштан 7 жашка чейинки балдардын өнүгүүсүнүн курактык өзгөчөлүктөрү”

Тапшырма №8

Талкуулоо “Мен билген Өзгөчө балдар”

Презентация “Мектепке чейинки билим берүү уюмдарында Инклюзивдик билим берүү”

Тапшырма №9

Тарбиячынын таанып билүү жөндөмдүүлүктөрүнө болгон сунуштарды изилдөө жана байкоо

Презентация “Когнитивдик (таанып билүү) өнүгүүсүнүң өзгөчөлүктөрү”

Тапшырма №10

Тыныгуулар, көнүгүүлөр, кыймыл оюндарын изилдөө жана байкоо

Презентация “Дене бойдун саламаттыгы үчүн күн тартибинин өзгөчөлүгү”

Тапшырма №11

*Педагогикалык кырдаал:*
Алтынай (2 жаш 4 ай) өзү кийингенге аракет кылып жатат. Ал колготкисин өзү тартып кийгенге аракет кылып жатат. Жанындагы тарбиячы ага жардам берүүдө, бирок
- Мен өзүм! – деп Алтынай колготкисин карматпай койду
- Тынч отур, болбосо сени сейилге чыгарбайм!
- Мен өзүм каалайм! – деп улам өжөрлөнүп жатты
Ал эми тарбиячы жанында ачууланып жатты.

*Ымыркайдын жүрүм-турумун өжөрлүк деп эсептесе болобу же бул пайда болгон инсандык өзгөчөлүкбү?*
*Мындай кырдаалда тарбиячы Алтынайга кандай жардам көрсөтүү керек?*
*Кандай көз карандысыздыктарды кубаттоо керек?*

Презентация “Баарлашуу, коммуникациянын маанилүүлүгү”

Тапшырма №12

Мектепке чейинки курактагы балдардын

А) жүрүм-турум эрежелери
Б) жолдо жүрүүнүн эрежелери
В) коопсуз жүрүм туруму
Г) этикет

Презентация “Бала жана айлана чөйрө”

Тапшырма №13

Мектепке чейинки балдардын чыгармачылык ишмердүүлүгүнүн түрлөрү, алардын өзгөчөлүктөрү. Көркөм өнөрдүн бир түрү жөнүндө практикалык иш:

- сүрөт тартуу
- аппликация чаптоо
- пластилин ийлеп чаптоо

«Чыгармачылык жана эстетикалык тарбияны уюштуруунун формалары» схемасын түзүү

Тапшырма №14

Оюн ишмердүүлүгүн колдонуу

А) кыймылдуу оюндар
Б) дидактикалык оюндар
В) Театралдык оюндар

Схема түзүү «Дидактикалык оюндардын түрлөрү жана түзүлүшү»

Тапшырма №15

Балдарга жомок айтып берүүнүн ыкмалары.

А) Көмөч нан
Б) “Торгой менен булбул” К.Кудайбергенов ангемеси
В) “Мышык менен түлкү”

Презентация “Кыргыз элдик жомоктор”

Тапшырма №16

Изилдөө-байкоо жүргүзүү.

А) «Суунун түсү жана жыты барбы?»
Б) Шар кантип учат?
В) "Абанын салмагы барбы?"

Презентация “Тажрыйба -эксперименттердин балдарга тийгизген таасири”

Тапшырма №17

Балдардын сынчыл ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүчү оюндар

А) Оюн "Беш сыйкырчы"

Б) "Айлампа"

В) "Мен киммин?"

Презентация «Балдарды өстүрүүнүн жана окутуунун заманбап технологияларын колдонуу»

Тапшырма №18

«Айлана чөйрө менен тааныштыруу» сабактын иштелмеси

Схема түзүү "Айлана чөйрө менен тааныштыруудагы ыкмалар"

Тапшырма №19

«Кеп өстүрүү» сабактын иштелмеси

Схема түзүү«Кеп өстүрүүдө колдонулуучу ыкмалар»

Тапшырма №20

«Жөнөкөй математикалык түшүнүктөрдү калыптандыруу» сабактын иштелмеси

Схема түзүү "Жөнөкөй математикалык түшүнүктөрдү калыптандырууда колдонулуучу ыкмалар"

**Колдонулган адабияттардын тизмеси:**


**1.** Госстандарт КР «Дошкольное образование и уход за детьми», (29.06.20г №363 Глава 1)

2. 3төн 6 жашка чейинки балдарды өнүктүрүү «Балалык» программасы

3. Балдарды мектепке даярдоо «Наристе»480сааттык программасы

**4.** Международная Конвенция о правах ребенка

5. «Тарбиячыларга кеп кеңеш» усулдук колдонмосу., /түз.А.А.Исаева, - Б 2014

6. Үч жаштан жети жашка чейинки балдарды өнүктүрүү жана окутуу боюнча колдонмо. Б.2014

7. «Развитие игры у детей дошкольного возраста» /Усенко Л.В. Безродняя Г.В. 2011

**8.** Өзгөчө кырдаалдарда мектеп жашына чейинки балдардын коопсуздугу: Мектеп жашына чейинки балдарды тарбиялоо менен алектенген педагогдор жана чоңдор үчүн методикалык курал/Түзүүчүлөр: Л.В.Усенко, К.С.Сейдекулова, Н.А.Масликова, -Б.,2011

**9.** Парциалдык программа: Мектепке чейинки балдардын өзгөчө кырдаалдагы коопсуздугу түшүндүрмө жазуу/ Түзүүчүлөр: Л.В.Усенко, К.С.Сейдекулова, Н.А.Масликова, -Б.,2011

**10.** Мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын педагогдорунун усулдук окутуусу/Тренинг модуль/Түзүүчү: Асанбаева Б.И./Б.2016.

11. «Алтын ачкыч» программасына методикалык колдонмо/ Түз. Т.А. Орусбаева, А. К. Садыкбекова, А. Э. Камалова, О. В. Ильченко, Т. А. Матохина. – Б.: Maxprint, 2013.

12. Төрөлгөндөн баштап 3 жашка чейинки балдарды эрте өнүктүрүү боюнча колдонмо. Өнүгүүнүн базалык стандарттары. / Авт. - түзүү.: Ф.Б.Исакова, А.С.Молдогазиева, Г.Т.Нажимидинова, Л.В.Усенко, Н.А.Масликова, А.Э.Камалова – Б.: 2017 – 104 б

13. Готовимся к школе. Сейдекулова К.С. 2010

14. Бөбөктөр үчүн хрестоматия./ Түзүүчүлөр: Б. С. Сатыбекова, А. К. Садыкбекова Д. О. Кутманалиева, М. М. Эсенгулова/Б 2019

15. Балдар фольклору: /А. Акматалиевдин жалпы редакциясы астында; Түз. Г. Орозова; б. — Б.: Шам, 1998.—480 б. («Эл адабияты»).

16. Программа для семьи и семейного, обшинного детского сада «Растем вместе» / Усенко Л.В., Масликова Н.А, - Б., 2011

17. Игра в системе народной педагогики. /Уметов Т.Э. – Б., 1998

18. Развитие речи в детским саду. / Учебно-наглядное пособие. / Гербова В.В

19. « Мен жана айлана чөйрө» / Усенко Л.В., Сейдекулова К.С. 2008

20. «Экологиялык тарбия берүү» Усенко Л.В., Сейдекулова К.С. 2010

21. «Мектепке чейинки балдарга экологиялык тарбия берүүнүн концепциясы» Усенко Л.В., Сейдекулова К.С. 2006
22. «Мектепке чейинки балдарга экономикалык тарбия берүү»/ Усенко Л.В., Сейдекулова К.С., Корнецкая С.Н. – Б., 2011
23. Физическая культура в детском саду / Осокина Т.И.